ТАЙЫРБЕК

# ТӨКМӨ

2010
2017

ТАЙЫРБЕК САТЫБАЛДЫЕВ

# ТАЙЫРБЕК ТОКМО

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 43390

Жалал-Абад—1993



## ТАЙЫРБЕК ТӨКМӨНҮН ТАРЖЫМАЛЫ

«Мен Тайырбек Сатыбалды уулу — 1933-жылдын 8-Майында Созоктун Жийделүү-Мазарында (Жийдеде) дыйкандын үй-бүлөсүндө туулганмын. Апам Мээринса мени кеселдин кесепетинен — жети айлыгымда төрөп, анан дүйнөгө келгениме жети ай болгондо а дүйнө көз дөй сала бериптир. Бактым ачылып, Ачыдан чыккан залкар акын Барпы Алыкуловдун айылынан атам Мыр зайымга үйлөнүп, тилим чыгып, эл таанып, «апа» деп ушуну айтканмын, эмчек сүтүн бербесе да эликтин сүтүн берип дегендей бапестеп багып, балакатка жеткир ди, апамдан Кадырбек деген иним бар, үйлүү, жайлуу.

— Бала кезимден Барпынын мөлтүр таза ыр булагына кириндим, таалим-тарбиясын алдым. Кыргызда сөз бар: «Жакшы, жаман кандан чыгат, баатырды ээрчип, баатыр, акынды ээрчип, акын болот» деген. (Албетте, өзүндө өчпөй турган табийгый талант болуш керек. Т. С.) Он эки жашымдан ордолуу кыргыз элиме алымча ырдай баштадым· «Барпынын бала шакирти» деген элдин айтканынын жөнү бар. Атам Сатыбалды да замандаштарынын айтуусуна караганда, укмуштай ырдаган шайыр киши болуптур. Атамдын чоң атасы Турдубай да жатса-турса жаагынын этин жеп, жаңшап ырдаган акын болгон» деген кеп бар.

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 43390

— Жаш чагымдан райондук, дубандык, жумурияттык айтыш сынактарында биринчи байгелерди алдым. Коңшулаш республикаларда да көп болдум. Эстен кеткис жыл —1992-жылдын 20-Майынан 25-Майына чейин болгон Кыргыз жумуриятынын 60тан ашуун акындардын айтыш теле-сынагынын баш байгеси — чоң жорго нун ээси болдум. Ошол эле жылы күздө «Кыргыз жумуриятына эмгек сиңирген артисти» деген жогорку наамды алдым. Куда каалаcа, мындан ары алган сыйлыктарым дагы атыңдан кагылайын, кыргыз калкымдыкы болуп кала бермекчи. Маданият тармагында эмгектенгениме 38 жылдан өтүп баратат дагы эле ушул кесиптемин, беш уулдун атасымын. Кудай буюруп, узун өмүр берсе уулдарымдын урматын көрүп, өмүрүмдүн акырына чейин элимдин эмгегин даңктап, «Насият», «Санат», «Термелерди» жаратып, өзүмдөн кийин өчпөй турган экинчи өмүр берип, эл арасында жашап кала турган чыгармаларды берсем деген тилегим бар» деп жазат Тайырбек төкмө өзүнүн ушул китеп үчүн жазып берген «Өмүр баян» деген кол жазмасында. Бул — баалуу билдирүүнү өзүнө жаздыртып, түр, чекитине чейин калтырбай көчүрүп бергенибиздин өзү — кийинки муундар үчүн канчалык баалуу экендигин айтып коюшубуз керек, себеп дегенде, Сагымбай менен Саякбайдай залкар манасчыларыбыз, Жеңижок менен Токтогулдай улуу төкмөлөрүбүздүн чыгармачылык өмүр баянына келгенде өзүлөрүнүн жазып, же бирөөгө жаздыртып калтырганы жок болгондуктан, алар тууралуу жакшы билген адамдардан сурамжылап, жазууга туура келген. Ал эми ал изилдөөчүлөрдүн жазганы — берген маалыматтары — канчалык деңгээлде чындыкка туура келет, так болжол, кесе айтыш кыйын. Кыскартып айтканда, өмүр баяндын баалуулугу ушунда го деп ойлоймун.

* * *

Тайырбек аке менен жыйырма жылга жакын мезгил ден бери тагдыр буйруп, туз насиптеш болуп, ага-ини дей чыгармачылык байланышта келгендигибизден анын көрүнгөн эле адамдарга айта бербеген, жүрөгүнүн тере циинде аздектеп, ыйык сактаган, айрым «сырларын» ка лың окурмандарга айткым келип турат, себеп дегенде, мунун өзү — изилдөөчү-адабиятчы, илимпоз, филолог дор үчүн да кызыгууну туудурар жактары бар экенди гин эч ким тана койбос. Анткени, ушул күнгө чейин өт көн тоталитардык-буйрукчул мезгилде «рамкага салып келген» замандын күчтүү идеологиясына жараша ди ний-мифтик түшүнүктөргө маани бербей, ал тургай тү шүнгүлөрү да келишпей, табияттын тигил же бул «сыр лары» жөнүндө ооз ачпай болсо да «жымсалдап», «ат тап» өтүп, атактуу Жеңижок, Токтогул, Барпы, Коргол дун чыгармаларына ушул идеологиянын критериясынан туруп, баа берип келгенибизди калың окурмандар али да эстеринен чыгарыша элек эмеспи.

* * *

— Анда Тайырбек аке он эки жашка келип, айылдын четиндеги адырда козуларды жайып жүрүп, чарчаган да көшүлүп уктап кетет да түш көрөт. Түшүнө ак сел дечен, ак чапанчан колунда аса-муса таягы бар акса кал чал кирет да: «Балам, сенин акын болом деген ти легиң бар эмес беле, ач оозуңду!» деп оозуна таруу куюп, баарын жут деп кыстайт. Тайырбек аке кыйна лып-кысталып жатып, баарын жутуп ойгонуп кетсе, оозунда чын эле таруунун калдыктары калгандай сези лет. Анан козуларын айдап, үйүнө келет. Бирок, неге-дир жүрөгү оолугуп, көңүлү эргип, ырдагысы келип калганын байкайт. Эртеси дагы козу кайтарып барып, эмнени ырдаса — ошонун баары ыр болуп төгүлө бе-рет. Ачыкка чыгып ырдагандан элден уялат, бирок бук болуп, ырдабай коё албай, талаага чуркап барып, ка

лың өскөн аткулактын арасына башын катып, бугу тараганча ырдап коюп жүрө берет. Бир күнү айылдагы Акмат чекеничинин тоюнда калың элге ырдайт. Ушунда айрым бир оозуна алы жетпеген кишилер: «Атаңдын көрү оой, менин жыйырмадагы мына бул балам байбиче кемпирге салам айта албайт, базарга жиберсең — көрүнгөнгө алдатып, үйүн зорго таап келет. Ал эми Сатыбалдынын баласы Тайырбекти карабайсыңарбы, он экиден жашы өтпөй жатып безилдеп ырдап, жаңшанганын көрбөйсүңөрбү!!!» деген сөздөрдү кулагы чалат· Ошондо Тайырбек акенин эти ысып, башы айланып, кусуп, ооруп үйүнө зорго келип төшөккө жыгылат. Тогуз ай катары менен төшөктө былк этерге дарманы жок аргасыз жатат. Бүткүл денеси жара болуп, көбөйө берип, айласын курутат. Дарыгерлер сүйкөгөн дарысына айыкпай кайра ырбай берет. Бир күнү коңшулаш айылдан бир киши айылдап келип көрүп: «Балам, сага көз тийиптир, бул көз жара турбайбы» деп аябай кейип, көз тикен деген тикенекти таптырып, ошону күйгүзүп, анын күлүн Тайырбек акенин денесиндеги көз жараларга сүртөт. Сүрткөндөн баштап, денедеги жараттар катып, карттанып айыга берет· Ошентип, жарым айга жетпеген убакыттын ичинде көз жарадан таптаза кутулат. Азыркы кезде дагы ошол жараттын тагы, изи сакталып калганын байкоого болот. Ошондон кийин Тайырбек аке этияттанып, сактанып ырдай турган болуп калыптыр.

* * *

О, кийин, жигит болуп, жаңы үйлөнгөнүмдө дагы бир эстен кеткис окуя болду деп сөз учугун жалгайт, Тайырбек аке биз менен болгон бир маегинде. Ушул биздин Жалал-Абад шаарына келип, кайра Жийдедеги үйүмө бара жатсам — бир топ теңтуш, айылдаш балдар эски автобекеттин жанындагы пивоканада пиво ичип жаты

шыптыр. Ичимдик аттуудан эч нерсени оозума алып, тата элек кезим, теңтуштарым болбой жатып, шыкап пиво ичиришти. Ошондо абдан катуу мас болуптурмун, кантип үйгө жеткизишкенин да билбеймин, кийин уксам, баягы кыстап ичиришкен «досторум» пивого мага бил гизбей спирттен кошуп, ичире беришкен экен. Ошондо бир жума бою ооруп, төшөктө туралбай жаттым. Көзүм илинип, уктап кетсем эле: «Баягы адырда козу кайтарып уктап калганымда оозума таруу куйган ак селдечен аса-муса таягы бар, ак чапанчан аксакал ачуулануп келип: «таягы менен карсылдатып сабай берчү болду. Көпкө чейин уйкудан калып, кыйналып жүрдүм. Ошондон кийин ичимдик эмес, папиросту дагы оозума албас болдум. Кээ бир күндөрү эки жакка чыкпай үйдө жүрүп калганымда ырдагым келип, бук болуп чыдабай калам. Ошондо эшикти ичинен дембелеп, эки-үч сааттай ыр төгөм, анан кадимкидей жеңилденип, бугум чыгып калгансыйм, албетте, андай ырларды кайра экинчи жолу ырдабаймын, ырдасам дагы ошол деңгээлге жеткизе албаймын» деп Тайырбек аке дагы бир жолу өзүнүн ыймандай сырын бөлүштү.

— Тайырбек төкмөнүн башка акындардан өзгөчөлөнгөн айырмасы — Түштүк жергесинин, анын ичинде — ичкилик акындарынын: Бекназар, Нишан, Кара Курман, Ботобай, Барпы жана башка ушу сыяктуулардын салтын улантып, комузу жок ырдаганына айрым аттуу-баштуу эле адамдарыбыз: «Ырдаганында го айып жок, бирок комуз билбейт тура» дешип, ушуну кемтик, өксүк катары бетке кармашып, сынак айтыштарга катыштырбай, катыштырса да калыс баасын беришпей келген күндөрү болгон. Чындыгында, бул андай эмес, төкмөлүктүн өзүнчө бир салттуу ыкмасы катары кабыл алынышы керек. Төкмөлүктүн ушундай ыкмасынын изилденбей келиши — жогоркудай ой жорууларды пайда кылганында болуп турат.

Айталы, айкөл атабыз «Манасты» манасчылар комузу жок эле өз ыргагы, обону менен айтышса эч кандай эрен-төрөнү жок, түк жадабай рухий байлыгыбызды байытып келе жатпайбызбы! Демек! Тайырбек төкмөнүн жана ушунун салтын улантуучулардын комузсуз ырдаганын так ушундай кабылдаганыбыз абзел, балким, бул комуз чыкканга чейинки эң байыркы үлгүсүнүн бири катары сакталып, анан биздин күнгө жетип жүрбөсүн! Бул жерде, тек гана биздин кабылдоо маданиятыбыз — жетишпей жаткандай өңдөнөт.

* * *

— Тайырбек төкмөнүн өмүрүнүн көпчүлүгү — эл арасында той-аштарда өттү. Ал — ыр жандуу элде өзүн эркин сезип, булбул болуп таңшып, бүркүт болуп таңшыды! Бул — төкмөлүктүн зор бактысы болуу менен анын орду толгус трагедиясы белем. Бактысы ушул — жүздөгөн, миңдеген элдин ортосунда эриткен коргошундай көлкүлдөп эрип, ыр дегенди таруудай чачты, трагедиясы — ушул, ошол таруудай чачкан ырлары — эч жерде жазылбай кумга сиңген суудай дайынсыз жок болду! Бир арманыбыз — техникалуу заманыбызда эле төккөн ырларды же өзү тараптан, же биз тараптан өз убагында жазып кала албадык! Ал эми анын кийинки учурларда эстеп, кагазга түшүрүп бергенин, ошондой эле, мурдатан анда-санда жаза койгондорун жыйнап, иргеп, жанрлар боюнча бөлүштүрүп, төкмөнүн алтымыш жылдык маарекесине утурлап, жыйнак катары Сиздерге сунуш кылып олтурабыз.

**Асанбай ЖУСУПБЕКОВ, акын фольклорчу, Кыргыз республикасынын эл агартуусунун отличниги.**

# АР КЫЛ ТЕМАДАГЫ ЫРЛАР



## ҚУТТУКТОО

Атайын мында чакырды,
Адистерди фермени.
Тажрыйба алмашат,
Талапкер ишке келгени.
Малдын башы көбөйсө,
Май сүттүн артат деңгээли.
Қадыр баркка жетишет,
Пландан ашык бергени.
Сыйлык алат даңкталат,
Жарышта чыгып келгени.
Силердей элге арнаган,
Жакшы тилек мендеги.
Қойлоруң эгиз төлдөсүн,
Сүтүңөр суудай көлдөсүн.
Чыгаша кылбай бир музоо,
Орундап максат сендеги.
Салам айтып куттуктап,
Мында келген элдерди.
Сүттүн көлүн жараткан,
Сүйкүмдүү элди караткан.
Облуста билген атыны,
Союзда уккан даңкыны.
Ак эмгектин баатыры,
Айталы Марийам саанчыны.
Ырысбүбүгө келели,

Кыз өсөт көрүп энени.
Ээрчип жүрүп артында,
Үлгүсүн алат үйрөнөт.
Сезими болсо башында.
Жем берип уйга чөп салып.
Болсун дейт дайым тазалык.
Ары бери бүтүрбөй.
Адаты жок шашылма,
Кечигем деп саандан.
Карабайт бышкан ашына.
Үлгүсүн алып Бегайым.
Ырысбүбүнүн артында.
Тажрыйбасы эженин,
Тараса дейбиз жалпыга.
Ырсалат саанчы келиндин.
Колхозуң сенин «Ленин»,
Ак эмгектен үзүр таап.
Аткарылсын тилегиң.
Талантка байлап канатты.
Карасам жайыт тарапты,
Жашыл жайлоо көк шибер.
Жайыт издеп койлорго,
Жакшы ийгилик жаратты.
Айткым келди Жыпарды,
Өсө берсин катары.
Аткарылып ойлоруң,
Гагариндик чабан кыз.
Кыдырып ой-тоолорун,
Кырларга чыйыр салган кыз.
Аккар жаткан көк муздуу,
Аскаларга барган кыз.
Жайлоодон жайыт издейт деп,
Уккандар таң калган кыз.
Ак эмгек менен Бүбайша,

Ар-намысты алган кыз.
Кеңешке эми келели,
Кесиби кайсы дебейли.
Ак буудай, арпа, жүгөрү,
Комбайн болот береги.
Кырк бир тетик башкарган,
Кеңештин бар эмгеги.
Болотбеков Кеңешим,
Аягын уккун кебимдин.
Мактоонун да чеги бар,
Аша чапты дебесин.
Каректей сактап көзүнүн,
Үстүнөн чыккан сөзүнүн.
Ак эмгектен үзүр таап,
Азаматтар чыгат элдерден.
Азаматтарды даңктаймын,
Уккула ушул термеден.
Дыйкандын чери жазылат,
Берметтей аккан тер менен.
Ар кандай ишти бүтөсүң,
Аралашып эл менен.
Эмгекте адам сыналат,
Эрдемсип жүргөн мен деген.
Ар-намыстуу эр жигит,
Ариет колдон бербеген.
Эчендер чыкты пахтакер,
Таанылган Созок жергеден.
Торгой менен жарышып,
Тургандар бар таң менен.
Эл үчүн эмгек аябас.
Эр азамат жан деген.
Аракет кылган көп болду,
Атаандаш тең келбеген.
Айтканыны бергидей,
Сырдаш алар жер менен
Унутпагын замандаш,

Урматтуусуң, эл менен.
Жалгыз дарак бак болбойт,
Жазында сая бербеген.
Басабыз баркын билбейбиз,
Баарына жарайт жер деген.
Жерде өсөт «Ак алтын»,
Жетинин бири кен деген.
Эр жигиттин жоомарты,
Элге байлык көп берген.

## ФЗОго АЙДАГАНДА

Апамдан болсо эмчекте,
Атамдан калдым жашымдан.
Азаптуу күндөр көп өттү,
Алмадай болгон башымдан.
Ажалдуу согуш кесири,
Ажыратты атадан.
Чоң энем өлүп, мен жалгыз,
Жокчулук алды жакадан.
Базардай үйдө эч ким жок,
Айтчы кайда жаталам.
Элик сүт ээмп жетилдим,
Экинчи барган ападан.
Коргонор жерим жогунан,
Кондум атка качаган.
Абалын билем башканын,
Анан кимге баталам?
Кайрылышаар мендейге,
Кайдан чыгат жакадан.
Ачыга бардым жашымдан,
Апага башым каталам.
«Кароосу жок кургур» дейт,
Көргөн билген байкаган.
Баткенде биздин тууган деп,
Билгенмин угуп атамдан.
Таятама айттым барам деп,
Табам деп Булак-Башыдан.
Айласын кантем кайран жан,
Аттандым эле Ачыдан.
Айылда калды иним жаш,
Ага деп издээр артымдан.
Барпыдан үлгү алганмын,
Бала кезде жашымдан.
Алдыма койгон максатым,
Ак толкун болду жанчылган,

Үзбө деп үмүт жашоодон,
Укканмын акыл Барпыдан.
Тажрыйба болот көргөнүң,
Утат деген умтулган.
Таалайың сенин алдыңда,
Талапкерсиң талпынган.
Өлбөсөң балам көрөсүң,
Өнөрдүн сыйын калкыңдан.
Кулумун дегин элиңдин,
Болсоң да булбул таңшыган.
Акелер кулак салгыла,
Өткөндү айттым башыман.
Айыптуудан эмесмин,
Аны неге жашырам.
Туюк жолдо жетиммин,
Турмуштун жүгүн артынган.
Айылым калды алыста,
Аны ойлосом ачынам.
Нелер келип, не кетпейт,
Эр жигиттин башынан.
Кайгымды угар кимим бар?
Кай жерде калат асыл жан!
Сүлүктүгө айдап кетсеңер,
Сурашат кимдер артымдан?
Калганда ата-энеден,
Колумдан бактым качыргам.
Башыма түшсө көрөмүн,
Насибим болсо чачылган.
Ажалым жетсе өлөмүн,
Жокчулук кысып ачыман.
Соолутпагыла гүлүмдү,
Куралат көл тамчыдан.
Уксун, журтум, үнүмдү,
Эл үчүн жаным карч урам.
Калкыма калса казынам,
Сөзү мендей жарчыдан,

Табыйгат берген талантты,
Аяба деген калкыңдан.
Ак таңдай акын эле деп,
Атагың калсын артыңдан.
Ааламга түркүк болбойсуң,
Акындар өткөн шаңшыган.
Аткара албайт максатын,
Арзыбас ишке жашыган.
Келечегим алдымда,
Келер күнгө ашыгам.

## МАЙ КҮНҮ

Бозоруп булут самсаалап,
Нөшөр болду чар тарап.
Дүпүйгөн бактын ичинде,
Дубалга бардым аркалап

Колумдагы кол чатыр,
Аны турдум калкалап.
Куу-куу деп шамал да,
Куруп жатты салтанат.

Карт дарактын бутагы,
«Карс» эткени байкалат.
Көлмөдө тамчы көбөйүп,
Көл жээгиндей чайпалат.

Канаттуу талант болбосо,
Кынаптап кимдер айта алат?
Келген Майды куттуктап,
Каргалар көктө жар сала

Көк шибери бактагы,
Кыз чачындай самсаалап.
Күтсөң жылда Май келет,
Канткенде жашты кайтарат.

Кээде күчөп шамалы,
Кээде жамгыр дыбырап.
Жер тойбосо эл тойбойт,
Дегендей добуш угулат.

Катуулап сокту муздак жел,
Каптаган булут сөгүлдү.
Ашыгын күткөн кыздардай,
Алтын күн кайра көрүндү!..

## ЭСЕПЧИ

Таш тараза колунда,
Эсеп чотун камдаган.
Кошоматтап бирөөгө,
Колхозго жүк артпаган.

Жойпуланган жалкоого,
Эмгекти көп жазбаган.
Кур насипке берилбей,
Ар намысын сактаган.

Эрте туруп шыманып,
Элди эмгекке баштаган.
Талбай иштеп күнү түн,
Калк милдетин актаган.

Качан көрсөң талаада,
Эч бир тынып жатпаган.
Ал эсепчи жигити,
Эли сүйүп мактаган.

## КӨРБӨСҮН

Эрким менен эне сүтүн эмбедим,
Жети айда калган экем апамдан.
Айткан экен өз тарбиям бербедим,
Жети жашта ажырадым атамдан.

Каргашалуу согуш кылып кесирди,
Көп көргөнмүн жетимдерди, жесирди.
Кемсинтпедиң ата-журтум бөпөлөп,
Ошондогу чырпык эми жетилди.

Андан бери алмашылып жыл өттү,
Каардуу согуш калтыратат жүрөктү.
Түбөлүккө тынчтык орноп жериме,
Эч убакта катырбасын тилекти.

## КҮЗ БОЛСУН

Жалтанам тике караштан,
Жалынды ичке саласың.
Жанаша басып баратсам,
Жайдары карап каласың.

Келгичекти күтө албай,
Көргөнү мени барасың.
Кылган ишим бүтө албай,
Караймын пахта талаасын.

Каратып элдин баарысын,
Күндө мага келесиң.
Көзгө илбеген карысын,
Кимдин кызы дебесин.

Белгилүү болду мүнөзүң,
Билсем деп кыздын санаасын.
Бир сөздү күтүп жүрөсүң,
Белгилеп күндүн арасын.

Аныңды мен да билемин,
Ашыкмын сени сүйөмүн.
Ар дайым болуп теримде,
Айталбай сырым жүрөмүн.

Ар кимдин ою түз болсун,
«Ак алтын» план жүз болсун.
Айтабыз шондо тойго деп,
Ашыкпа жигит күз болсун.

## ТАППАДЫМ

Кайран өмүр жаш чагым,
Калыс боло баштадың.
Калбадың неге түбөлүк,
Кай жагымдан жакпадым.

Эсил өмүр жаш чагым,
Эң кымбат кыял жаштагым,
Эстелик кылып жүргүн деп,
Элесинди таштадым.

Ачсам сырдын капкагын,
Ар убак ойдо баштагым
Алтындан кымбат балалык,
Ай шашпагын, шашпагын.

Алыстап менден жаш чагым,
Ак кыроо басып чачтарым.
Ар дайым издеп жүрөмүн,
А бирок сени таппадым.

* * *

Ата-журттан, калаадан,
Ажырап аял баладан.
Ай жыл өтсө арадан,
Алыстайсың санаадан.
Жети күндүн бирinde.

Ак ниет болуп калкыңа,
Аял-эркек жалпыга.
Азаптуу күндө бир туруп,
Ажалдан да тартынба.
Андай эркек миңдин биринде.

Элиң турса эскерип,
Эмгек баркка жеткендик.
Анда өлбөй кеткендик,
Адамдардын дилинде.
Акындардын тилинде.

## БОЛБОСУН СОГУШ

— Уч-кыйырына көз жеткис,
Ушунча жаткан жерди ойлойм.
Мекенин жоодон коргойм деп,
Мерт болгон эчен элди ойлойм.
Асыл максат эл үчүн.
Ата Мекен жер үчүн,
Ажалдан башын тартпаган,
Азамат жоокер эрди ойлойм.
Убайым тартып, укканда,
Ак чач эне ыйлады,
Каргыш айтып душманга,
Кайра кайрат жыйнады.
Булүнттү элди, жерди да,
Бул эмне кылганы?
Өрттөдү эчен калааны,
Өлтүрдү аял, баланы.
Канга толуп чеңгели,
Карышкырдай талады.
Каргашалуу душмандан,
Канча азамат булүндү.
Багындырып, элимди,
Батырам деген күнүмдү.
Жабыр тарткан миңинин,
Ошолордун биримин.
Жеңемин деп желмогуз,
Жел өпкө фашист сүйүндү.
Кармаса жалгыз жоокерди,
Каргадай болуп үйүлдү.
Чыркырап бомба жарылса,
Чымындай жандан түңүлдү.
Сезди ошондо канкорлор,
Советтик жоокер сүрүнү.
Баш калкалар жер таппай,
Батышка карай сүрүлдү.

Ар улуттун өкүлү,
Мекенин сүйгөн эрлери,
Кан майданга аттанып,
Канчасы кайра келбеди.
Канчасы күттү жубайын,
Кат кабарын бербеди.
Атам, агам кайткан жок,
Азбы кайгы мендеги.
Кайгырды кемпир, чалдар да,
Кайтпады жалгыз эрмеги.
Канчалык катаал күндөрдө,
Калкыбыз намыс бербеди.
Чайпалса деңиз — суу басат.
Толкуну кемби элдеги.
Окко учуп оңтоду.
Асмандагы, жердеги.
Бели сынып фашисттин,
Бүктөлдү сунган чеңгели.
Баа берди башка өлкөлөр,
Баатыр деп Совет элдери.
Каарман биздин жоокерлер,
Калган тылда элдерди.
Биздин иш туура жеңет деп,
Берлинге жетип талкалап.
Жеңиш менен келет деп,
Кайрат берди, дем берди.
Баш ийип, жаштар сыйлагын,
Бактынды алып бергенди.
Ар дайым сыйлап жүрөлүк,
Аман-эсен келгенди.
Унутпайлык арбагын,
Алыста калган эрлерди.
Түбөлүк тынчтык орносун,
Дүйнөдө согуш болбосун,
Жадырап ачык күн тийсин,
Учпасын кандуу коргошун.

## МОЛ БОЛСУН

Каргашалуу жоо келсе,
Каптап кирген, сел болгон.
Калса алсырап эр жигит,
Канат болгон дем болгон,
Калың элге таянган,
Кай жериңен кем болгон?
Кошулбаган калкыңа,
Көрүнгөнгө жем болгон.
Карары жок карыга,
Кайрат болгон бел болгон.
Колдон алып карыпты,
Катарына тең болгон.
Кол кабыш кылып ар иште,
Колдоп турган эл болгон.
Кана, эмесе, туугандар,
Катарлашып келели.
Кылычтай шилтеп чалгыны,
Көп болсун эмгек ченеми,
Коомдук тоют мол болсун.
Колхозго жардам берели,
Колхоз менен совхоздун,
Кыйындык жагын жеңели,
Калган уят мындайда,
Каруум жетпейт дегени.
Карачы эгин белде чөп,
Казына байлык жердеги.
Каптап кирген селде тең,
Кайраты кемби элдеги.
Коромжу кылбай жыйнаган,
Кары жаштын эмгеги.
Кубанып эмгек шаңына,
Калкыма арнайм термени.
Кылычындай жоокердин,

Курчутуп чалгы чапкандар,
Күнү-түнү тыным жок.
Көк беде, пресс баскандар,
Көп жерлерге чөп жайнап,
Кам көрүп малга жаткандар.
Күн салкында, күүгүмдө,
Күүсүн эмгектин каккандар.
Кала берет ырыстан,
Көлөкө издеп качкандар.
Колхоз-совхоз жайлоодо,
Коомдук малды баккан бар.
Күн сайын издеп жайытты,
Кошуп салмак жаткан бар.
Таң алдында талаада,
Торгой менен жарышкан.
Бир тал чөптү калтырбай,
Тазалап топтоп алышкан.
Тайманбай эмгек кылганга,
Токчулук бакыт жабышкан.
Тоют жыйнап чарбага,
Тоодой үйүп салышкан.
Тоготпой муну өткөндөр,
Томсорушуп калышкан.
Нансыз элде жашоо жок,
Нансыз — турмуш баштоо жок.
Нансыз — кеңеш сырда жок,
Нансыз менде ыр да жок.
Наның үйдө жок болсо
Тууган, конок келалбайт.
Наның үйдө болбосо,
Жеңем тойго баралбайт.
Кырман толо дан керек,
Калкыбызга нан керек.
Актай кагаз рапортун,
Актаналбайсың ага да.

Башкарма ойлон, эл камын,
Башканы койбой жалаага.
Ташыркаган кулуктөй,
Техника жатат талаада.
Инженер бар механик,
Тетигин таап кара да.
Ак эмгекти сүйгөндүн,
Атагы бар — шаңы бар.
Эмгектен качкан эринчээк,
Элден сурап жалынаар.
Ушак сөзгө чалынаар,
Уурулукка малынаар.
Аял-эркек барыңар,
Жашыңар да карыңар.
Жапа тырмак бул иште,
Жардам берер чагыңар.

## ҚАЗАЛ

Омоктуу казал баштарда,
Ой толгоо салам башкага.
Ордуңду таппай каласың,
Ойлонуп көр баш барда.
Кербен тартып баратат,
Күндөр өтүп билинбей,
Капарда жок санасак,
Кечеги күндүн бириндей.
Көнүмүш адат сыңары,
Кеткендер кайра тирилбей,
Канчасын сорду кара жер.
Кирсе толбос ийиндей,
Кошулуп күндө бөбөктөр,
Көтөрчү жүгүң жөлөктөр.
Калгандар жашап жатабыз,
Карындаш, ага-инидей.
Кары-жаштар билесиң,
Кеткен күн кайра келбесин.
Кайратың барда эмгек кыл,
Каш ылдый маңдай тердесин.
Кемсинтем деген кишиге,
Кеп билсең намыс бербеген.
Көр оокат дебей эл дегин,
Кыйындар менен теңешкин.
Кыйындык түшсө башыңа,
Кылсаң сабыр жеңесин.
Колдоп койсо кээ бирөө,
Корстон болуп каласың

Калыстык элге кылбасаң,
Каргышыны аласың.
Кара жанды карч урбай,
Кайдан бакыт табасың?
Кыялданба бекерге,
Көргөн жакшы көз менен.
Көрбөгөнгө жетерге,
Көркөмдөлөт сөз менен.
Көкөлөтөт жерге урат,
Көр намыстуу сөз деген.
Кылсаң кызмат талыкпай,
Кадырлаган эл деген,
Колдоосуз иш бүтпөйсүң.
Куру дымак дем менен.
Кирбеген түшкө дос болот,
Кол алышып сен менен.
Кыяматтык болом дейт,
Көңүлгө бул сөз келбеген.
Калсаң четтеп кызматтан,
Кетет сөзү жел менен.
Кеңешин берген бир кезде,
Калысын элдин сыйлагын.
Кайрымдуу бол калкыңа,
Көрүнөө кесир кылбагын.
Кыйындык түшсө башыңа,
Кылчайбай койсо тууганың.
Көз алдыңа элестеп,
Кимге эмне кылганың?
Коноктогон кой союп,
Келбей кетет мейманың.
Кадырлап күткөн дос кана,
Карыздап тапкан жыйганың.
Өзүнчө жыргап, жүргөн күн,
Өткөнүн билбей убагың.
Өмүрдүн жетпей баркына.

Өкүнбөгүн тууганым.
Элди жоодон коргогон,
Эрки бекем баатырдык.
Эрегиши болбосо,
Эл биримдик жакындык.
Эмгектен качсаң ар жерде,
Этектейт сени жакырдык.
Элде барды көрө албас,
Эзелтеден бакылдык.
Эки келбес дүйнөгө,
Эмне керек асылып.
Колуңда болсо бир-бириң,
Конок кылгын чакырып.
Таасын таап ырдаган,
Табыйгат берген акындык.
Башыңа түшсө мүшкүл иш,
Малың арзан сатылып.
Кармашпагын чоң менен,
Каласың бир күн чачылып.
Күнөөкөр болсо балаңды,
Куткара албайсың качырып.
Элден кемсип[1] бирөөнү,
Эрсинбегин катылып.
Көргөн адам көптү дейт,
Көп сүйлөбө бакырып.
Жолоочу келсе түнүндө,
Жай бергин аны жаткырып.
Кабак кашым дебестен,
Конок күткөн мартчылык.
Кошунага жакшы бол,
Корсулдаба чапчынып.
Акылыңды токтоткун,
Ар кимде болгон жашчылык.

[1] Кемсип — кемсинтип дегени.

Жалал-Абадская
областная библиотека
ИНВ. № 43390

Көзгө илбей элдерди,
Күлө бербе каткырып.
Жүр десе кете бербегин,
Жулунба тургун наз кылып.
Улук болсоң сылык бол,
Ушундай болот башчылык.
Чеченсинбе көп жерде,
Чекитет бирөө мат кылып.
Тайырбектин казалын,
Тут көңүлгө жат кылып.

## ТАШ ҮСТҮНӨ ТАМГАН ТЕР

Боордош деген улуу сөз,
Бозоргон чөлдү гүлдөттү.
Бирге бузуп дың жерди,
Бир ата уул-кызындай.
Бир-бирине дем берди,
Қара, кызыл шиңгилге,
Қыздардын толуп чеңгели.
Эркек, аял тең иштеп,
Эмгектин өсүп деңгээли.
Салам айтам куттуктап,
Ширелүү жүзүм бергенди
Қалың камыш, сай талды,
Қызыл жылгын бекемдеп.
«Қөйкап» деген билгендер,
Қиргендер чыкпай нечендеп,
Мал баккан балдар кайтпаган,
Артынан кууп жетем деп,
Бир кезде дайра жээгин,
Баскан камыш чер экен,
Баргандар кайра кайтпаган,
«Барса келбес» дээр экен.
Баш коштурган журтумду,
Биримдик, достук бел экен.
Тоодой тоскоол болсо да,
Тоготпогон эл экен.
Қаарына алганда,
Қаптап кирген сел экен.
Ук замандаш, таңданба,
Акыныңдын ырына.
Айта келсек чынында,
Элдин бакты ачылды,
Жердин бакты ачылды,
Жыйырманчы кылымда,

Катарлап элим конушту,
Кара-Дарыя боюна.
Кыз алып жигит баш кошту,
Катыштым кээ бир тоюна.
Камыштуу талаа бир кезде,
Жүзүм бак совхоз болот деп,
Жийденин атын коёт деп,
Келбеген эч ким оюна.
Токой жок мына өзгөрдү,
Тийгенде элдин колуна.
Жаткан талаа бозоруп,
Жер өзгөрүп баратат.
Жаңы турмуш, жаңы шарт,
Тең өзгөрүп баратат.
Алп техника башкарып,
Эл өзгөрүп баратат.
Түрдүү жемиш сорт бөлөк,
Багы өзгөрүп баратат.
Таш үстүндө мөлтүрөп,
Жүзүм бутак жанашат.
Дасторкон көркүн чыгарып,
Жемиш турса жарашат.
Бүгүнкүдөн эртеңки,
Дагы өзгөрүп баратат.
Айырма жок шаардан,
Сайдын ичин карасак,
Болбогон деп кылымда.
Башка элдер карашат,
**Күндө оюн тамаша.**
Күлкү менен таң атат.
Көп улуттун өкүлү,
Бирин-бири сыйлашып,
Бир туугандай санашат.
Ынтымактуу болгондун,
Ырысын кимдер талашат.
Күн батат да таң атат,

Күлгүн жаш өтүп баратат.
Кол куушурбай турмушта,
Кызматына элдин жарасак.
Мөмөсү турса ийилип,
Мөлтүрөп жүзүм шагы алтын.
Шербет суу менен сугарып,
Ширелүү болуп чыңалып,
Шиңгили турса кыналып.
Дүпүйүп турган багы алтын,
Жемишин жеп аралап,
Жигит кыз жүргөн чагы алтын.
Кайратын сынап дыйкандын,
Кара жер өзү дагы алтын.
Баш кошуп элим иштебей,
Байлык кайдан жаралсын.
Азыркы теңдик заманда,
Эч ким жебейт акыңды.
Таштуу сайды гүлдөттү,
Таалайлуу элдин акылы,
Эл менен бирге болбосо,
Эңгирейт адам бакылы,
Ойлогон ойго жете албай.
Ойрон болот акыры.
Ташты сыгып суу алган,
Жер каймагын чыгарган.
Эрки бекем элибиз,
Убадага туралган.
Улуулар жолун улаган,
Мелдеште жеңип туу алган.
Жыйырманчы кылымда,
Жашаганга кубанам.

## БИЛБЕДИҢ

Көрүшкөнгө терс карап,
Көзүңө да илбедиң.
Кээ бир кызматчыларды,
Калк ичинде тилдедиң.
Көрсөтөмүн силерге,
Көрүнөө сындайт ким дедиң.
Кеңеш берсе кээ бирөө,
Кебине да кирбедиң,
Көптөн күткөм мен муну,
Келди доор бир дедиң.
Кор болбоймун эч качан,
Колдоочулар миң дедиң.
Камгактай учуп ордуңдан,
Көпкө минтип жүрбөдүң.
Бел тутканың бири жок,
Бекер болду билгениң,
Калктан чыгып тирүүндө,
Каларыңды билбедиң.

## КӨКӨЙДӨН КЕТПЕС

Ой толгоо болот күнү-түн,
Ой тобо, тынбай санамай·
Оштогу болгон окуя, —
Орду толбос каран ай,
Орун бошотуп сыйлачубуз,
Олтурган ата-баладай.
Оодарып көзду карабай,
Ошол деп күмөн санабай,
Оокатын кылса жөн гана,
О адам ай, адам ай.
О эмне болуп баратат,
О заман ай, заман ай.
Эгиздей бир эл элек,
Эмне болду билбедим,
От менен ойногон·
Ойрондогон ким дедим.
Бузуктар айткан ушакка,
Уят болот кирдегин·
Улууну да кичүүнү,
Урматтагын, сиз дегин.
Жашоодо кылбай жамандык,
Жакшылыкты издегин.
Кыргыз дос деп атаса,
Өзбек айткан ашына,
Жанаша болуп ар убак,
Карап-кабак кашына.
Нелер келип не кетпейт,
Эр жигиттин башына.
Кызмат кылдык карабадык,
Карысына жашына.
Бирибизге-бирибиз,—
Мейман болуп барганбыз.
Өгөйлөбөй өзбек үйүн,
Конок болуп калганбыз.

Уул үйлөп, кыз чыгарып,
Куда болуп алганбыз.
Бирибизге бирибиз,
Коңшу болуп канатташ,
Бир короодо алма, өрүк,
Мөмөлөрү сабакташ.
Чайканада арпана жеп,
Дасторкондо табакташ,
Өзбек, кыргыз дебестен,
Өзөктөшпүз жамаатташ.
Салт санаабыз бир болуп,
Аралашып көнгөнбүз,
Той бергенде кызматта,
Кимибизди бөлгөнбүз.
Казасы жетип өлгөндү,
Кайгырып бирге көмгөнбүз.
Башка түшсө айла жок,
Баарысын бирге көргөнбүз.
Бирибизде өзбек апабыз,
Бирибизде кыргыз атабыз,
Бирге олтуруп сырдашып,
Бирге көңүл ачабыз.
Бак аралап аския айтып,
Бирге ырдап басабыз.
Бирибизди-бирибиз,
Бол эрте деп шашабыз,
Бирибизди-бирибиз,
Көрбөй калсак капабыз.
Билбедим эмне болгонун,
Бузулуп неге жатабыз.
Бириңдин өзбек эжеңер,
Бириңдин кыргыз жездеңер,
Бүлүндүрүп бүлөнү,
Биз каякка качабыз?
Кайрымдуулук кылчубуз,
Бирибизге-бирибиз.

Бирге болгон чынында,
Байыртадан тилибиз,
Бирге барып мечитке,
Бирге ислам динибиз.
Бир максатты ойлогон,
Бирге болгон дилибиз.
Ачуу, душман акыл дос,
Акыл менен чеңиз.
Ажыратпай улутту,
Ардакташып келебиз.
Ага менен инидей,
Ата-бала дегенбиз.
Аралап нечен кылымды,
Аркак-эриш элебиз.
Азыркы болгон окуя,
Алда калат дебеңиз.
Ак бетке түшкөн так болот,
Ал тактыы кантип теребиз,
Арттагы калган урпакка,
А кантип жооп беребиз?
Кошулуп ишке барабыз,
Кошулуп түштө калабыз,
Коңшу өзбек кыз менен,
Киного барат балабыз.
Келин алсак керекти,
Өзбегимден алабыз.
Калса көңүл кадырдан,
Кайдан аны табабыз?
Калган көңүл чыккан жан,
Кандай сиздин чамаңыз.
Бекем достук орносун,
Бузулбасын арабыз!

## ҚОШ, АБДЫКЕРИМ!

Бишкекте конок үйүндө,
Барганмын жатсам түнүндө.
Қатарымда бир жигит,
Қулак салып шыбыр күбүргө.
Жанымдагы жолдошум,
Жамандык мындай болбосун.
Жол кырсыгы болуптур,
Баратып Алымов үйүнө.
Жети киши бар экен,
Житиптир суунун түбүнө·
Тактап анык билгенде,
Тартылды көзгө элесиң.
Таттуу уйкуга берилсем,
Түшүмдө жакын келесиң.
Азабын шум ажалдын,
Аны кимдер ченесин.
Бүркүттүн сынды канаты,
Бүттү айткан санаты·
Бүлүндү муну укканда,
Бүтүн тууган жамааты.
Сөөмөй менен көрсөтөр,
Сөөгүн койгон жери жок·
Адамдар өттү дүйнөдөн,
Алты ооз сөзгө эби жок.
Аз гана жашоо өмүрдө,
Айтчы, кимдин кеми жок.
Ааламдан өттү нечендер,
Алпымын деген теңи жок.
Аралаган музыка дүйнөсүн,
Абдыкерим эми жок.
Атакелеп ыйлаган,
Аралаш бирге балдарың·
Аза күтүп кошок айтуучу,
Артыңдан кетти алганың.

Агай деп бирге үч кыз бар,
Аттиң ай не дейм ар жагын.
Ажалсыз кеттиң жетөөң,
Амалын таба албадым.
Көк ирим суунун түбүндө,
Күйүт болду калганың.
Көп максатың аткарбай,
Көөдөндө кетти арманың.
Көтөрөт экен пендеси,
Тагдыр башка салганын.
Кырсыкка кылар арга жок,
Көз ирмемде жок болдуң.
Күп этип сууга түшөөрдө,
Ким билет неге токтолдуң.
Концертте бирге жүрчү элек,
Кайгырсам келбейт окшодуң.
Кайталангыс өнөр ээси деп,
Кадырыңды Абыке жоктодум.
Ойлоймун сени күнү-түн,
Олтурсам турсам жатаарда.
О дүйнө кеткен экен деп,
Оозум барбайт айтарга.
Өрнөк болуп жаштарга.
Өнөрүң калды өзүң жок,
Кош Абдыкерим, айла жок,
Кеттиң кайткыс сапарга!

# ЫЙМАН

Адамдын ыйман чырагы,
Адамдын ыйман ынагы.
Аз гана ушул жашоодо,
Адамдын ыйман булагы.
Ариет ыйман барбы дейт,
Адам десең бул дагы.
Адамды айтса ыймансыз,
Ар-намыстуу бул жагы.
Аял да эр да турмуш да,
Айтылат дайым шул жагы.
Амалдарда үмүтү,
Артынан турат сагалап,
Адилет болсо амалдар.
Айткан сөзгө таң калат,
Агай сизге душман көп:
Алалы муну талкалап,
Ар дайым жарайм керекке.
Алсаңыз экен калкалап,
Акыры эмне болот деп.
Аны ойлобойт чамалап,
Ашырса ишке максатын.
Амалын тапса паралап,
Ак карасын ылгабай.
Айыптоого кылат далалат,
Ар кимди бир ушактап,
Акка кара жамамак.
Ак жеринен бирөөнү,
Айтат ушак каралап.
Адам аты болбосо,
Ал уулуу жылан чага алат.
Андайлардан ыйман да,
Алыс турат табалап.
Айталасыңбы замандаш,
Андайлар кайдан жаралат.

Аламын деп саан уй,
Адамдар базар аралап.
Арзанын сатып кымбатка,
Ал чайкоочу пул алат.
Акчага сатып ыйманын,
Алдаганга кубанат.
Айласын таппай калганда,
Азыраак кош деп сурашат.
Ар намысты туу туткан,
Андай жактан уялат.
Аткарам десе сөз берсе,
Ал ыймандуу жигит туралат.
Ал эми кээ бир адамдар,
Айтканды укпас наадандар.
Адамга кылбай жакшылык,
Алдым, жуттум сугалак.
Аңдыганы жамандык,
Ал билбейт дебе угалат.
Арсыз да адам мал эмес,
Айдай албайсың кубалап.
Арада андай көп жүрөт,
Алар сүткө түшкөн кумалак.
Акындыктын милдети,
Акыйкатты ырдамак.
Ак калпак кыргыз калкыбыз,
Акылга салып сындамак.
Анык төкмө экенин,
Аял-эркек ылгамак.
Акын деп элиң баа берсе,
Артыңда ырың ырдалат.
Ала көөдөн жан болсо,
Абийир барктан кур калат.
Айтканын улуу-кичүүнүн,
Ал парзыбыз тыңдамак.
Ал эми ыйманыны саткандар,
Алып-жулуп жыргамак.

Акынга койбо күнөөнү,
Айтайын дагы бирөөнү.
Айдаганы «Жигули», —
Адам дебейт жүйөөнү.
Алар соода кишиси,
Анда кулак түрөлү.
Арзанды кымбат саттың деп,
Айыптасаң бирөөнү.
Ага чымын кондурбас,
Артында бар сүрөөнү.
Айтпай башка арга жок.
Анан не деп жүрөлү.
Ардактап уул-кызыны,
Алып окууга барышат.
Ал шаарда керек деп,
Аянбай акча салышат.
Айылда ата-энеге,
Ал балдар кат жазышат.
Аз болсо башта сезими,
Ал жагы бизге табышмак.
Ар-намыс кылбай окубай,
Ал шаардан кызга таанышат.
Арадан айлар өткөзүп,
Аласың деп жабышат.
Алат же тапса амалын,
Айылга качат чабыттап.
Арада уул-кызыбы,
Арасат болуп калышат.
Абийирин сатып акчага,
Ар жерлерде жүргөн бар.
Атасындай кишини,
Айласыз эр деп сүйгөн бар.
Ал өлсө дүйнө калат деп,
Арсыз кыял сүргөн бар.
Алышып ойноп жаш кана,
Айткандай жыргап гүлдөп ал.

Алтындай жаштык өткөн соң,
Аттиң деп кийин жүргөн бар.
Адамдык барбы ыймань,
Айтабыз ким деп буларды?
Каникей, Айчүрөктүн,
Катарында сиңдисин.
Каадасын элдин сактасаң,
Кыздар үйдүн гүлүсүн,
Кайнене күтүп жат жерде
Колуңа тиет үлүшүң,
Көркүңдү сакта аялдык.
Кызыл гүлдүн бүрүсүн.
Кийимде чачта не жазык?
Карындаш неге бүлүнттүң.
Куйругун кырккан тооктой,
Карачы мунун жүрүшүн.
Жасалгалап үйүңдү,
Жакшы чыкса алганың.
Жашарасың кайрадан,
Жалганда болбос арманың.
Жакаң турса агарып,
Жарашыктуу жан-жагың.
Жат жакының билдирбей,
Жалпы көрсө ар жагын.
Жан күйгүзүп ушактап,
Жандырбаса жаңжалын.
Жаңыдан баш кошкондой,
Жалооруп турса жалжалың.
Жашоодо башка не керек,
Жан шерик болсо ардагың
Жаш улгайып калганда,
Жардамдашса балдарың.
Жактырып калат карылар,
Жаштардын бата алганын.
Жемелеп ачуу сөз айтпа,
Жетим менен жесирге.

Жетип калсаң бакытка,
Жер тепкилеп эсирбе.
Жардам бер, кылба жамандык,
Жакшы ойлон эрте-кечинде.
Жети күндүн биринде,
Жетип жашоо сапарың.
Жез таңдай акын болсоң да,
Жатабыз бирдей катарың.

## БАКТЫЛУУ ЫРЧЫ ЭКЕНМИН

Алдымда максат акындык,
Айтчы элем кантип жетемин.
Өнөрүм кызыл тилде экен,
Өткөрдүм жыйын неченин,
Булагын ырдын шимирткен,
Барпы болгон жетегим.
Тили башка тилек бир,
Түшүнгүн достук экенин.
Ак, Сары, кара дебестен,
Ардактайт Ата Мекеним·
Илимдин туу чокусу,
Тилчинин көрдүм неченин.
Аралап союз элдерин,
Бактылуу ырчы экенмин.

## НООРУЗ

Жыл ажырап чөп чайлап,
Кыр-кырларда гүл жайнап.
Бактын көркүн чыгарып,
Булбул мукам үн сайрап.
Жаз келгендин белгиси,
Жалпы дарак бүр байлап.
Кайталангыс күү чертип,
Сай-сайларда суу жайнап.
Жашыл килем жамынып,
Жердин бетин түр жайнап.
Арыкты бойлоп кыз-келин,
Жаңы өскөн чөптөн алышат.
Атам замандан бери,
Айтылып жүргөн табышмак.
Ибн-Сина түркүн чөп менен,
Дарылаган деп калышат.
Табыптар тапкан экен деп,
Жалбыздан терип барышат.
Энеден калган мурас деп,
Эстебей койсок уят деп.
Салаандан майын чыгарып,
Самса жасап жабышат.
Саламат көккө жеттик деп,
Садага малдан чабышат.
Мусурмандын майрамы,
Мурунтан келген аныктап.
Кызыл-тазыл кийинип,
Келин-кыздар жасанат.
Кана Ноорузда көйнөк деп,
Күйөөгө келин каш кагат.
Кымча белдүү сулуу кыз,
Келечекте жаш талап,
Кыйышпас болсо сүйгөнү,

Кыздын да оюн аткарат.
Келиндер жасап сүмөлөк,
Кемпирлер аны башкарат.
Улуудан калган урпакка,
Улуттук оюн башталат.
Жайнап түрдүү тамагы,
Жайнап дасторкон ташталат.
Нөшөр төксө жамгырлап,
Жер жарылып чөп чык дейт.
Жер тойбосо эл тойбойт,
Жылдагыдан көп чык дейт.
Баба дыйкан ошондо,
Жер чымырап көптү дейт.
Табиятка жан кирип,
Жазга кезек өттү дейт.
Атадан калган мурас дейт,
Аткарбаса уят дейт.
Коштун чыгар убагы,
Даярда дейт жеринди.
Амал дейт март айыны,
Айдар маалы эгинди.
Абалтадан келаткан,
Айтылуу Нооруз кут болсун.
Аял-эркек жалпыга,
Ар бириңе бак консун.
Ынтымакта ырыс бар,
Түбөлүк тынчтык орносун.

## ҚЫЗЫЛ-ЖАРДА

Басынтпасам жоого деп,
Баатырлар дайым элди айткан.
Жетик билим алгандар,
Жер астында кенди айткан.
Аңдабай калып кырсыкты,
Агызган кой, мал селди айткан.
Ай караңгы түндөрдө,
Аша албаган белди айткан.
Ак бараң мылтык асынып,
Аяктай ташка жашынып.
Алдынан чыкса шашпаган,
Аюуга да көргөн катылып,
Атканда түшүп кайберен,
Алалбаган ченди айткан.
Борошо кар жаап түшө албай,
Бозомук талаа белди айткан,
Акылга ченеп бардыгын,
Ак сакалдар кеп айткан.
Аныктап бир белгисин,
Айтылып жүрсүн деп айткан.
Барктап мени келсин деп,
Барганым «Қызыл-Жар» экен.
Барганда күтүп алуучу,
Ооматбек деген бар экен.
Ордонун ээси дегидей,
Ооматы жүргөн жан экен.
Оң-солдон элди чакыртып,
Той берип жаткан чагы экен.
Бала кезден шакиртим,
Қозуке абам баласы.
Киндик каны тамган жер,
Қызыл-Жар экен карачы.
Жалгыз дарак бак болбойт,
Рахматулла бутагым,

Кызыл-Жардык туугандар.
Жайып тосту кучагын.
Атасы менен бир жүргөн,
Чалдар тосту карачы,
Жар бойлоп туткан балапан,
Балдар тосту карачы.
Айылга келип калыптыр,
Авабыздын уулу деп,
Жанында бар устаты.
Жакшылап тоссок муну деп,
Апасын көргөн кемпирлер,
Баары тосту карачы.
Бото гөз кыздар, келиндер,
Дагы тосту карачы.
Барк көтөрүп Ооматбек,
Баштады тойду карачы.
Көкөтайдын ашындай,
Көп эл келди чамасы.

## БАШ БАЙГЕ

Баштаса узун санаттан,
Акындыктын белгиси,
Баш ийкесе уккан эл,
Макулдуктун белгиси.
Такалбай кетсе таскактап,
Накылдыктын белгиси,
Баш аламан болгондо,
Баарынын келет жеңгиси,
Көралбастык ич тардык,
Бакылдыктын белгиси,
Акындык менен ар жерде,
Алышам десе алыштым.
Чамасы келсе тил менен,
Чабышам десе чабыштым,
Таалим бер десе чын дилден,
Таанышам десе тааныштым,
Тууну колдон түшүрбөй,
Тирешип элдик намыстын,
Пайдасы тиер дебедим,
Пааналап көз тааныштын·
Так пикирин шондо уктум,
Талдаган эл, калыстын.
Баш байгеге жорго алдым,
Алтымыш сегиз ырчыдан,
Бишкекте болгон жарыштын,
Ырчылыктын чеги жок,
Бир жеңип, бирде жеңилмек,
Баш байгени алганда,
«Эл артисти» Наам берилмек,
Тыянак сөзгө келгенде,
Талашкан жоргону берерде,
Эки жааттан чыр чыкты,
Бузушту элде тынчтыкты.

Жорго берилди наам жок,
Түштүкпү деди тынчытты.
Бир атанын уулубуз,
Түндүк-түштүк бөлүнбөй,
Бирибизге бирибиз,
Жат кишидей көрүнбөй,
Бир болсок тиреги намыстын,
Уятто шуга барыштын.

# АРНОО
# ЫРЛАРЫ



## АПАМА

Жети ай бойго көтөрүп,
Жетилтпестен төрөгөн.
Жеткиртпеген максатка,
Жашоодон жыргал көрбөгөн.
Тооруп ажал кесепет,
Торолбой калган өңдөнөм.
Жарыктык дүйнөгө келгени,
Жети ай гана болгондо.
О дүйнө кеткен апакем,
Он жети жаш болжолдо.
Абдулаким кызы экен,
Апамдын аты Мээринса.
Беш уул эки кыз экен,
Эжесин аты Үрүнса.
Таянем аты Алча экен.
Ардагым кенжем кызым деп,
Апама тез-тез барчы экен.
Улуулар айтат апамды,
Уруусу кармыш тобунан,
Үй саагандa чоң энем,
Үпчүсү түшпөй колунан.
Ушинтип баккан турбайбы,
Урматтуу апам жогунан.
Абдулаким таятам,
Ак тилек менен айтып кеп,
Ар-намыска жарайт деп,
Атымды койгон Тайырбек.
Үйлөнүп атам жаңыдан.
Бул да менин багыман,
Караган экен күнү-түн.
Карыш чыкпай жаныман,
Абдукулдун кызы экен,
Тажибай, Тагай, Төлөн деп,

Үч уул эки кыз экен,
Сиңдисинин аты Рапыкан,
Апамдын аты Мырзайым.
Таянем Калча экен,
Тактадым кийин мындайын.
Айтылуу уруу тѳѳлѳстѳн,
Барпы акынга карындаш,
Ѳткѳн ѳмүр кеткен күн,
Ѳкүнсѳң кайра табылбас,
Бербесе да эмчек сүт,
Жилик күч менен багыптыр,
Менден кийин апакем,
Кадырбекти таaптыр,
Айтышат замандаштары,
Атамды таасын акын деп,
Адилет жумшак кѳңүлү,
Айт-айт десе макул деп.
Иш бүтүрүп күнүндѳ,
Ырдачу экен түнүндѳ.
Бел чечпей беш жыл согушуп,
Фашисттин түшүп соңунан.
Баатырдай курман болуптур,
Басташкан душман огунан.
Санжыра айткан Тайырбек,
Сатыбалдынын баласы.
Чоң атам Темир дыйкан чал,
Турдубайдын баласы.
Турдубай айтып түгѳткүс,
Казыналуу ырчы карачы.
Казал, Санат, Терме, ыр,
Бардан чыгат эмеспи.
Жакшы, жаман илгертен,
Кандан чыгат эмеспи.
Кыпчакмын менин урубум,
Кожомүшкүр тобунан.
Азабын тарттым турмуштун,

Асылым атам жогунан.
Он экимде ырдадым,
Ордолуу турган жыйынга,
Табыйгый талант болбосо,
Тантырай берсең кыйында.
Қалк баа бербей ырыңа,
Қакшанганың тыйын да.
Бараандуу ырдын саптарын,
Бара-бáра баштадым.
Барпынын бала шакирти,
Бааланды элге айтканым.
Ачыда апам айылында,
Таятам кылып камылга,
Барып калчуум дайыма,
Барпынын болуп жанында.

Балам деп, берди таалимин,
Баштады ырдын шарына.
Бир жүрдүм эргип жыйында,
Барпы болмок кыйын да.
Байкабай келип тийишкен,
Баш ийип берчү чынында,
Жети айда калыпмын.
Же түсүн билбей апамдын,
Өзөктөшмүн өгөй эмесмин,
Уулумун эки апанын,
Қаргашалуу согушка,
Қаргышым айтып жатамын.
Қалгандар көп мага окшоп,
Қадырын билбей атанын,
Тарбиясын көрбөй калыпмын,
Тарыхты чечкен атамын.

## АТАМА КАТ

Адилет менин заманым,
Ааламдын тилейм аманын·
Ар дайым жаштар биргебиз,
Алардан кантип каламын.
Адашсаң эгер бир жерден,
Ар убак кеңеш аламын.
Андагы уулуң мен эмес,
Атаке байкап карагын,
Амандык болсо аз күндө,
Айылга да барамын.
Алдыма коюп зор милдет,
Аткарам деген талабым·
Андагылар айтышар,
А кана деп жанагың.
Ал жетпеген сурашар,
Алыстайт неге жаманың·
Ал тайганда таштаган,
Ары жокко балаңын.
Ата менен энеге,
Аябас кезде жардамын.
Алгачкы уулуң бул болсо,
Абийир кайсы табарың.
Ар кайсыдан сүйлөшүп,
Айткан го акын чалдарың.
Андан көрө сыймыктан,
Айылдык балаң жумушчу.
Адилет коргойт ар ишке,
Аял-эр бүтөт жумушту.
Айдан алып топурак,
Ал жерге жылдыз тургузду.
Аны укса молдо акең,
Алакан чаап чочулап,
Айга кантип барды деп,

Ачып сырды салды деп·
Айткан менен ишенбейт,
Алдайбыз кайсы жанды деп.
Анык эле бар болсо,
А кудай кайда калды деп.
Акырет куран окумак,
Арман айтып олтурмак.
Асканын ичин жаңырткан,
Алкымдап сууну бурушту,
Айланып аккуу өтө алгыс,
Ал жерге көлдөр курушту·
Адамзат үчүн келечек,
Аткарып жаткан жумушу.
Атагыны булардын,
Ааламдын эли угушту.
Айга колун сермеген,
Азамат уулуң жумушчу.
Адам болом мен дагы,
Аз эле жыл санагын.
Атаке капа болбогун,
Ачык болсун кабагың.
Ачууланбаң суранам,
Айтайын бир сөз кабарын.
Арзышат биз да барсак деп,
Айчүрөк, Айжамалың.
Азырынча окушат,
Адалат менен Анарың.
Аткарып берер бекенсиз,
Алардын ой, талабын.
Кат жазат Айжамалың,
Кайгыда менин абалым·
Каргашалуу молдодоң,
Кантип жооп аламын.
Карт ою тосот жолумду,
Кандай амал табамын,
Көздөгөн ойго жетсем деп,

Күч үрөйт Айжамалың.
Карындашың максатың,
Калыс болсун карагын.
Капкандан мени чыгаргын,
Катууго бул чал агайым.
Атама айтат кеңешин,
Суранат жооп бербесин,
Шалбар кийип шерменде,
Шаарда жүрөт дебесин.
Уктуңбу, кызың сөзүңү,
Уятка койбо өзүңү,
Уулуу жылан тууганың,
Уйкудан ачсын көзүңү.
Тууган сөрөй жанагы,
Түшүнбөйт молдо караңгы.
Көрсөтүп турса баарыны,
Көргүсү келбейт жаңыны.
Ачып жатса күн сайын,
Тарыхтын жаңы барагы,
Баш айлантат барсаңыз,
Баягы бойдон баягы.
Өлөрмандын бул сөзү,
Өзүңдө кетсин аягы.
Алманбет менен Алымбек,
Аларда айтат барсак деп,
Туткасы болгон турмуштун.
Жумушчу болуп алсак деп.
Тоодой тоскоол болсо да,
Тоотпостон жеңсек дейт,
Жаштыктагы жалынды,
Журтубузга берсек дейт.
Баркыңа жетип балдарым,
Башынан кесип тандагын.
Бар эле ушул талабың,
Болбостур эми арманың.
Атаке азыр жер жаңы,

Ал жердин ээси эл жаңы.
Баш ийди илим, техника,
Ай, жылдыздан бер жагы.
Алпештеген балдарың,
Аман болсун эл дагы,
Азыркы заман жыргал күн,
Айтканды тыңда сен дагы.
Эл үчүн эмгек кылсам деп,
Эңсегеним мен дагы.
Алдыма койгон милдетти,
Аткарганда барамын.
Баркына жеткин байкагын,
Балдарыңдын талабын.
Адилет карап чечет деп,
Атаке жазган саламым.

## БАЛДАРЫМА

Эсте турат ойлосом,
Эс тарткандан бери жагы.
Көрүп көсөм болосуң,
Деп коюшат эл дагы.
Бир кезде жапжаш бала элем,
Кер мурут тарттым мен дагы.
Бир күнү тете кылымга,
Билгендерге таң жаңы,
Спутниктей заманам,
Өрүшү өсүп эл жаңы,
Гүлзаардай талаабы,
Өзгөрүлүп жер жаңы,
Жыргалдуу шундай заманда,
Жашай бергин сен дагы,
Көптүн күчү көл деген,
Көлдөй толкуйт эл деген,
Байлыкты берет жер деген.
Бүтөсүң, баарын эл менен,
Ар ишке керек аракет,
Антпесе белен бербеген,
Жалгыз дарак бак болбойт.
Жетем дебе жалгыз мен,
Көкөлөп жүргөн ободо,
Куйрук менен куш деген,
Калыс сөздө калет жок,
Калктан чыгат сенделген,
Кала берет сүрүлүп,
Кол кабыш кылып бербеген.
Кылымдар өтөт турмушта,
Мындай заман келбеген.
Адилеттүү нур заман,
Акынды бирөө жебеген.
Акылы жетик азамат,

Ар дайым бирге эл менен.
Эмгекте чериң жазылат,
Берметтей аккан тер менен.
Басабыз баркын билбейбиз,
Баарына жарайт жер деген.
Ак эмгек сүйгүн балдарым,
**Алп көкүрөк жаш чагың.**
Ак ниет болсоң ар иште,
Анда да абийир тапканың,
Аралап жүрүп көрөсүң,
Ар иштин бүтүп жатканын.
Ачкандардан болгула,
Азыркы турмуш капкагын.
Адашпастан турмуштан,
Алыс болгун кылмыштан.
Бурулуп кайра таппайсың,
Бир бактыңдан жылмышсаң
Ала барман болбостон,
Акылыңдан шашпагын.
Эл менен болуп эмгекте,
Эч убакта качпагын.
Арзыбаган немеге,
Абийириңди сатпагын.
Эсиңде болсун жаш бала,
Доомат кылбайм жаштарга,
Баркына жет деп турмуштун,
Бул айтканым башкага.
Эли жерин жээриген,
Олдоксон кээ бир жаштарга.
Өзүмчүлүк өкүнүч,
Өзүн кылат маскара.
Атаңар айтат кеңешин,
**Кулак салгын балдарым.**
Жыргалдуу күндө төрөлдүң,
Жашоодо жок арманың,

Алгыла жаштан бир кесип,
Арабөк болуп калбагын.
Эр жигит көркү эмгекте,
Эсиңде болсун ардагым.
Ак ниет болсоң ар ишке,
Анда да намыс алганың.
Кылдат болгун турмушта,
Кылмыштуу ишке барбагын.
Кылт этсең кыйын оңолуу,
Кеңештин түшүн ар жагын.
Алданбай оокат күндөлүк,
Ар кайсың ойло түбөлүк.
Алайын десең жан жолдош,
Ар намыстуу кармагын.
Ар кандай иште бир болуп,
Аяба элден жардамың.
Таалайдын жолу эмгекте,
Тартынбагын талбагын.
Ынтымактык достукта,
Туу кармагын балдарым.
Кыянаттык дегенди,
Кыялыңа албагын.
Турмуштун колдо туткасы,
Түшүн туура, бар жагын,
Уятка койбой атаңды,
Улантып кеткин ар жагын,
Элиңдин болуп нөкөрү.
Көтөргүн турмуш салмагын.
Элин жоодон коргогон,
Эрки бекем баатырдык.
Эрегиши болбосо,
Эл биримдик, жакындык.
Эмгектен качсаң ар жерде,
Этектейт сени жакырдык.
Элде барды көрө албас,

Эси жоктук бакылдык.
Эки келбес дүйнөгө,
Эмне керек асылып,
Эртеби-кечпи билинет,
Эл мүлкүн алсаң жашырып.
Қармашпа кадыр билбеске,
Қаласың бир күн чачылып.
Уккула ата сөзүнү,
Ушуну койчу дебесин.
Қарегим балдар угуп кал,
Қайгы кийин жебесин.
Жемөөкөй болбо жашыңдан,
Түйүнүн түшүн кеңештин.
Туура болсоң турмушта,
Тизгин жатка бербесин.
Алдым-жуттум болбостон,
Акыйкатчылга теңешкин.
Арам тамак аш болбойт,
Аны билсең жебессин.
Өкүнбө кийин өткөнгө,
Өмүргө кайра келбессин.

## ТОКТОГУЛГА

Рыскулбектен беш каман,
Керимбай манап доорунда.
Адилеттик кылбастан,
Арамдык болгон ойунда.
Алымкандан ажырап,
Азаптын түштүң чогуна.
Арманын айтып теңсиздик,
Азаттык заман жогуна.
Күнөөлүүнүн бири деп,
Чынжырды салды колуңа.
Колуңду кысып бут канап,
Мойнуңа салган зоолуга.
Айыпсыз жандар түш келген,
Айдаган солдат огуна.
Карга, кузгун, ит, куш жеп,
Калган көбү жолунда.
Келер кезек мага деп,
Кеттиң Сибирь жолунда.
Таң калгансың өзүң да,
Тагдырда ажал жогуна.
Абактан качтың элди эңсеп,
Аштыгың жок колунда.
Түрүп түтүн ырдадың,
Турмуштун жүгү жонунда.
«Кайраным Током экен» — деп,
Казактар кысып бооруна.
Кайра келип кошулдуң,
Калың кыргыз тобуна.
Азаптуу катаал күндөрдө,
Акылыңдан танбадың.
Ар кимдер бардаш бере албайт,
Айтпасам да ар жагын.
Ак болоттой курчудуң,

Абалым ушул деп қалбадың.
Элиме жетти саламым,
Эми жок дедиң армаңым.
Құдөөрүн үзбөй күнү-түн,
Қелет деп Toком ардагым.
Энең эсен жатыптыр,
Элиң берип жардамын.
Башкага тийип кетиптир,
Башында сүйүп алганың.
Қайгылуу уктуң Топчубай,
Қара чым басып калганын.
Қөкүрөктү чайып муңдуу жаш,
Қөтөрдүң турмуш салмагын.
Орундалып Барпы талабы,
Он бешинчи жылында.
Барпынын жетип баркына,
Баштадың элде сыйыңа.
Олтурдуңар сырдашып,
Оң-солдон келген жыйында.

## ДАТКА ЭНЕ

Аркаңда из калтырып,
Алыӊ жетсе Ааламды айт.
Алдуулар эзип алсызды,
Аттиӊ дүйнө жалганды айт.
Ай сайын төшөк жаңыртып,
Арсыз хандар алганды айт.
Алалбай катын карыганча,
Азаптуу кедей маңдайды айт.
Алардын чебин коргойм деп,
Азамат болуп калганды айт.
Ар кимдерди бир карап,
Атасыз калган балдарды айт.
Аялы жесир турмушу оор,
Айтып бүткүс арманды айт.
Айласын таппай жашоонун,
Акылыңан таңганды айт,
Арканы жок, жиби жок,
Ал күндөр тушоо салганды айт.
Алдан тайып турганда,
Асырап элди алганды айт,
Аскадан нуру чачырап,
Айдай чолпон жанганды айт.
Аракет кылып көп эркек,
Айталбай сөзүн калганды айт.
Аялдан чыккан даанышман,
Айтылуу датка Курманжан,
Ажалсыз ишке жол тапкан,
Аялзат чыкпас мындай жан.
Кубанычка кайгыга,
Бардаш берип турган жан.
Кара кылды как жарган,
Калыс жан экен турбайбы.
Калк камыны ойлогон,

Даанышман экен турбайбы.
Акыл ойлоп жоо менен,
Алышкан экен турбайбы.
Кылычы жок тил менен,
Салышкан экен турбайбы.
Тар кыядан таалай жол,
Табышкан экен турбайбы,
Кырк жигит эрки жетпеген,
Намысчан экен турбайбы.
Кырк кыз менен сулуулук,
Жарышкан экен турбайбы.
Ургаачынын сырттаны,
Арстан экен турбайбы.
Канча жигит колунда,
Кызмат кылган турбайбы.
Көтөрүп баккан энедей,
Иззат кылган турбайбы.
Курманжан датка айымды,
Сиз деп турган турбайбы.
Сиз ордодо жоокериң,
Биз деп турган турбайбы.
Жакшылыкты Курманжан,
Болжоп турган турбайбы.
Жалпы журттун ишини,
Оңдоп турган турбайбы.
Жоо беттетпей элини,
Колдоп турган турбайбы.
Орусияга, Коконго,
Барган датка турбайбы.
Хандарга барып кеңешин,
Салган датка турбайбы.
Эл мүдөөсүн аткарып,
Калган датка турбайбы.
Скобеловду Ош шаарда,
Күткөн датка турбайбы.

Акылдашып ар ишти,
Бүткөн датка турбайбы.
Жолборс жүрөк эр жигит,,
Аткара албайт мындайды.
Калкты кылган ынтымак,
Карысы болот турбайбы.
Карынын сөзүн колдогон,
Барысы болгон турбайбы.
Кабардар орус, өзбектен,
Таанышы болгон турбайбы.
Кээде курсант, кээ күнү,
Наалышы болгон турбайбы,
Канаты сынып душмандан,
Калышы болгон турбайбы.
Канча уулдан ажырап,
Калышы болгон турбайбы.
Аталык кылган ордодо,
Алымбек датка турбайбы.
Азаптан өтүп азапка,
Барышы болгон турбайбы.
Артынган шунча муң-кайгы,
Алп мүчө пил турбайбы.
Аялзат аты болбосо,
Айтабыз ким деп мундайды?

## ЖОЛБОЛДУГА

Созокто аким Жолболду,
Текен авам баласы.
Көзүндөн билет оюнду,
Тетик экен карачы.
Жүгүртпөй ишти бүтүргөн,
Жетик экен карачы.
Айтканыны аткарган,
Азамат экен чамасы.
Турмушун элдин ондогон,
Тынбай жүрөт санаасы.
Айтыш сынак теледен,
Ар жерден акын барат деп.
Бактысын ачкан Бишкекте,
Баш байге жорго алат деп,
Ал кабар жетип алыстан,
Алтымыш сегизи барышкан.
Арага түшүп бергин деп,
Албайсын жардам тааныштан.
Айтышка үч күн дегенде,
Акындар болду наалышкан.
Алтымыш сегиз акындан,
Алып келдим жоргону,
Атайын бир КАМАЗга,
Салып келдим жоргону.
Ар-намыс биздик болду деп,
Алдымдан тосту Жолболду.

## ЭКИ АКИМГЕ

Айтылчу сөз башында,
Абдыжапар, Касымга.
Айылдагы балдарга,
Аралаш өстүң жашында.
Атаңардай Барпы да,
Айтылуу айыл Ачыда.
Ордонун ээси болдуңар,
Оомат, бакыт башында.
Алгылыктуу иш кылсаң,
Айтылып калат артында.
Оюңарды эл билсин,
Ортого сал тартынба.
Орто Азия суктанат,
Орошон акын Барпыга.
Курманбекти колдогун,
Күмбөзү калган күбүлүп,
Көргөндөр калган түңүлүп.
Курманбек деген ким эле,
Манастан эле кийинки,
Арстандардын бири эле.
Канчалык кылса, жарашат,
Кадыры бар калкына,
Атуулдук кылмак силерден,
Эл коргогон асылга.
Кандай деп айтсаң кеңешип,
Калк ошого макул да.
Эл үчүн дайым иштеген,
Эл ыраазы Касымга.
Өзүмчүл болбой, калыс бол,
Калкыңа абийир, намыс бол.
Тең кара элдин баарыга,
Жашы менен карыга.
Жакшыны жанга тарта жүр,

Алыс, жакын дебестен,
Урууга, журтка бөлбөстөн,
Жеңижок, Коргоол, Токтогул,
Булардай кайдан табылар?
Эсил гана булбул деп,
Эскерет элдер карылар.
Ыраактан күйгөн маяктай,
Ырдан бүткөн шамыңар.
Ак жаандай нөшөрлөп,
Ак таңдай акын жан булар.
Акын менен даңкталат,
Адабият жагыңар.
Эмики айтар кеңешим,
Эп көрсөңөр баарыңар,
Эл достугу чыңалса,
Жарала берет жаңылар!..

## ДОСУМА

Аябайм кеңеш досуман,
Ар намыска кошулам.
Арак ичсең ылжыйсың,
Ар нерсе чыгып оозуңан.

Түк ичпеймин, дегенсиң,
Түртүнүп дагын келесиң.
Туурасын айтса билбеген,
Түшүнбөс кандай немесиң.

Жартылык көрсөң күлөсүң,
Жанынан чыкпай жүрөсүң.
Жаңдасам тиктеп чөнтөктү,
Жаманго сенин мүнөзүң.

Уруша берип энеңди,
Унчукпас кылдың жеңеңди.
Уяткарып сөз айтсак,
Унутуп кеңеш бергенди.

Белгилүү сырым дебегин,
Билебиз досум себебин.
Балдарың багып чоң кылган,
Билбедиң баркын энеңдин.

Аялың алдың таякка,
Алдагы кетти каякка.
Адамдык атың болбосо,
Абийириң саттың аракка.

## ЭЛ БААТЫРЫ

Асабалуу найза алып,
Көз айырбай учунан.
Келсе жоону кайда деп,
Ажал турса жутунган.
Кылчактабай түз карап,
Кылычты алып курчунан.
Калканы бар жанында,
Чокмору чыгып бурчунан.
Каршы чыга албаган,
Карышкыр болсо кутурган.
Как жарчудай экиге,
Калканды тосуп бетине,
Келген жоону бет алып,
Кемминби деп ушундан.
Ак жолборстой чамынган,
Албарс кылыч тагынган.
Калк намысы үчүн өлүмдөн,
Кайтпай жүрөк учурган.
Кабылан жүрөк жалтанбас,
Качырып кирип тушунан.
Бактыңды тайса тургузган,
Баатырлар чыккан кыргыздан.
Акынга койбо күнөөнү,
Айткан сөз элди жүйөөлүү.
Атам замандан бери,
Ага кулак түрөлү.
Ат жамандан кайран эр,
Жарда калган деп айтат.
Жарадар болуп калмактан,
Анда калган деп айтат.
Кылымдарды карыткан,
Каргыш тийген жар мына,
Курман болгон баатырда,
Кадимки Кош-Аң мына.

Келип жоокер жер чалган,
Кароол-Дөбө жер мына.
Калбаган бекер айтылып,
Калмак-Ашуу бел мына.
Кош-Аңдын башында,
Курманбек баатыр эр мына.
Калмак-Кырчынды жердеген,
Калың кыргыз эл мына.
Баатырга болгон эстелик,
Баркына неге жетпедик.
Балдарга кантип көрсөттүк,
Басылып жатса тепселип.
Карт тарых күбө баарына,
Кайрылам жаш-карыңа.
Калса тарых эстелик,
Калыбына келтирип,
Колдоого алып дагы да
Кол кабыш кылсак жабыла!

## 9-МАЙ

ҮЧ — кыйрына көз жеткис,
Ушунча жаткан жерди ойлойм.
Мекенин жоодон коргойм деп,
Мерт болгон нечен эрди ойлойм.
Акыл максат эл үчүн,
Ата-мекен жер үчүн.
Ажалдан башын тартпаган,
Азамат жоокер эрди ойлойм.
Убайым тартып укканда,
Ак чач энем ыйлады,
Каргыш айтып душманга,
Кайра кайрат жыйнады.
Бүлүнттү элди жерди да,
Бул эмине кылганы.
Өрттөдү эчен калааны,
Өлтүрдү аял баланы.
Канга толуп ченгели,
Карышкырдай талады.
Каргашалуу душмандан,
Канча азамат бүлүндү.
Багындырып элимди,
Батырам деп күнүмдү.
Жабыр тарткан миңинин,
Ошолордун биримин.
Жеңемин деп желмогуз,
Жел өпкө фашист сүйүндү.
Кармаса жалгыз солдатты,
Каргадай болуп үйүлдү.
Чыркырап бомба жарылса,
Чымындай жандан түңүлдү.
Сезди ошондо канкорлор,
Советтик жоокер сүрүнү.
Баш калкалар жер таппай,

Батышка карай сүрүлдү.
Ар улуттун өкүлү,
Мекенин сүйгөн эрлери.
Кан майданга аттанып,
Канчасы кайра келбеди.
Кат кабарын бербеди.
Атам, агам кайткан жок,
Азбы кайгы мендеги.
Кайгырды кемпир-чалдар да,
Кайтпады жалгыз эрмеги.
Канчалык катаал күндөрдө,
Калкыбыз намыс бербеди.
Чайпалса деңиз суу басат,
Толкуну кемби элдеги.
Окко учуп онтоду,
Асмандагы жердеги.
Бели сынып фашисттин,
Бүктөлдү сунган чеңгели.
Баа берди башка өлкөлөр,
Баатыр деп совет элдери.
Каарман биздин жоокерлер,
Калган тылда элдерди.
Биздин иш туура жеңет деп,
Берлинге жетип талкалап.
Жеңиш менен келет деп,
Кайрат берди дем берди.
Баш ийип жаштар сыйлагын,
Бактыңды алып бергенди.

## АЗИМБАЙ

Жарык дүйнөгө келгени,
Жаз-Кечүү жайлоо жер деген.
Жашаган экен Азимбай.
Жамаатташ болуп эл менен.
Жакын болду өнөргө,
Жок эле колдон келбеген,
Жакшылап үлгү алсак деп,
Жаштардан канча дегдеген.
Табийгат өзү бербесе,
Тартып алчу жем белем.
Жоргосу болду адамдын,
Жолуну жатка бербеген,
Жамандык кылбай бирөөгө,
Жашады маңдай тер менен.
Жалын чачкан батышта,
Жөнөттү согушка атасын.
Жатындаш — ини карындаш,
Жандап калды апасын.
Амалын тапты Азимбай,
Ак эмгек менен жашаштын.
Атагын угупээрдин,
Алармандар барышат.
Кемтигин таппай алганда,
Кеп козгобой калышат.
Жыгачка жаап терини,
Жылма кылып кынаган.
Баа бересиң кылган ишине,
Билбейсиң кантип улаган.
Билерик, шакек жасаса,
Бир нечеси сынаган.
Жактырган жаш кыз-келин,
Жакут жапкандай түр салган.
Эринбеген эч качан,

Түнү-күнү узанган.
Башкадан үмүт кылбастан,
Эмгектен жүзү кызарган.
Убакыт бекер өткөрүп,
Ушакка кулак салбаган.
Өкүнбөйт кылган ишине,
Өнөрүн элге арнаган.

## САГА

Унутуп бирге кишиңи,
Унутуп кылган ишиңи.
Учканын билбей тишиңин,
Ууртап тузду алгандай.

Тилдейсиң кемпир чалдарды,
Тилдейсиң жолдо балдарды.
Теңтуштарың ардаңды,
Темтеңдеп үйгө барганда.

Түнбү-күнбү дебейсиң,
Түртүнүп келе бересиң.
Теригип кетчү немесиң,
Туура кеңеш салганда.

Тынчытып аяш санаасын,
Тозутна үйдө баласын.
Туугандан четтеп каласың,
Түңүлүп сенден калганда.

# ГҮЛ СУНГАН СУЛУУГА

Тартынбастан бери бас,
Тандабай айтсам кебимди.
Букетиң арнап карындаш,
Бергени мага келдиңби.
Кабагым көрүп жаңылбас,
Кыз сүйбөс жигит дедиңби.

Түшүндүм сулуу сырыңды,
Акынмын окуп ырымды.
Андыктан мага келгенсиң,
Айтсаң эгер чыныңды.
Арманым болбос жазганым,
Аралап жүрсө кылымды.

Жаш-кары окуп колмо-кол,
Жараксыз болуп бүгүлбөй.
Жатканда да коюп төшүңө,
Жаш кыздар жаттап күлүңдөй.
Жазылат шондо кабагым,
Жадырап жаздын күнүндөй.

## СЕН БОЛБОСОҢ

Сен тунгучум сүйүүмдүн,
Сен түркүгү үйүмдүн.
Сенден сүйүү жаралды,
Сыры сенде түйүндүн.

Сен шооласы күнүмдүн,
Сен нотасы үнүмдүн.
Сен кубанычы дилимдин,
Сен жылмайсаң сүйүндүм.

Сен уйкашы ырымдын,
Сен кулпусу сырымдын.
Сени дебес киши жок,
Сен сереси кылымдын.

Сен гүлзарда гүлүмсүң,
Сен көркү үйдүн күнү-түн.
Сен болбосоң жашоо жок,
Сенде менин үмүтүм.

## ЖАНЫМА КАЧАН КЕЛЕСИҢ?

Унчукпас жигит дебегин,
Уксаңчы, жаным, себебин.
Учугун үзбөй үмүттүн,
Учурап турсам дегеним.

Сүйүүнүн тартсам желесин,
Сынап жүрө бересиң.
Санаркаймын көрбөсөм,
Сезбеген кандай немесиң?

Тартылып көзгө элесиң,
Таңкалам кандай немесиң.
Түңүлбөйм көрсөм өзүңдү,
Турмушка түртку бересиң.

Жарым бол сүйгөн эле чын,
Жашоонун айдап кемесин.
Жанаша иштеп жүрөлү,
Жаныма качан келесиң?

## ҚЫМБАТЫМ

Жалынга түштү жүрөгүм,
Жарыя айтсам эл билет.
Жете албастан жүрөмүн,
Жашырын айтсам ким билет.
Жазгандан болбойт күмөнүм,
Жетсин баркка сүйсүн деп,
Жаштарга бердим бир сабак.
Жыйында ырдап жүрсүн деп,
Аял, Эрге тең укук.
Акыйкат заман келди деп.
Айбыгамын дагы эле,
Айталбай ачык сени деп.
Атыңдан айтсам эл билет.
Ак дилбар десем ким билет,
Күндө ырдасам эл билет.
Күйүтү сүйүүнүн жеңди деп,
Кишимжандын ашыгы,
Кан Олжобай келди деп.
Кыйытып айтсам эл билет,
Кымбатым десем ким билет.
Кыйышпас жарым болсун деп,
Кымбатым деп ыр жаздым.
Кынаптап кийген көйнөгүң,
Кадыркечим, кымбатым.
Келишимдүү сага жарашып,
Кыздардан артык сымбатың.
Кысылып турат кемселге,
Кош алмасы гүл бактын.
Кыялымды кылгактап,
Кызыглык дартын ырбаттың.
Ыраазы болсоң бир өптүр,
Ышкыңда акын ырдасын.
Ырдап бир түн жаныңда,

Ынтызаар жарың жыргасын.
Түн ичинде сайраган,
Күкүк да тең менда тең,
Таң алдында сайраган,
Булбул да тең менда тең.
Күкүк десең тилимди ал,
Булбул десең үнүмдү ал.
Чечен десең сөзүмдү ал,
Чекелетпей өзүмдү ал.
Айкалышып бир жатып,
Акылдашып сырымды ал.
Акылы жетик кымбатым,
Акын десең ырымды ал.
Суу боюнда тал болот,
Сулуунун бети кал болот.
Сыр сактаган сулуунун,
Сүйгөнү кандай жар болот?
Сүйөмүн деп көп жигит,
Сыр айталбай зар болот.
Жар боюнда тал болот,
Жакшынын бети кал болот.
Жайдары мүнөз кыздардын,
Жанында кандай жар болот.
Жактырам деп көп жигит,
Жакындоого зар болот.
Жашылды кийсең кулпуруп,
Жарашат экен сактыңа[1].
Жардамы кимдин тиет деп,
Жалынып ырдайм бактыма.
Кызылды кийсең кулпуруп,
Куп жарашат сактыңа.
Кудайым сага кошсо деп,
Күндө ырдайм бактыма.
Оюмда болот күнү-түн,

[1]Сактыңа — мүчөңө, боюңа.

Оодарылбас үмүтүм.
Оюңда башка бар болсо,
Ошондо бүтпөс күйүтүм.
Жашылды кийсең этке кий,
Жаңшантып мени жүргөнчө.
Жалынга түшүп күйгөнчө,
Жайы алыс четке тий.
Кызылды кийсең этке кий,
Кыйноого мени салганча,
Кайта жүзүң көрбөйүн.
Кыяматка барганча,
Караанынды көрбөйүн.
Калкы алыс четке тий,
Кусадар болом көрбөсөм.
Кутулбайсың өлбөсөм,
Алты күндүк өмүрдө,
Ар дайым барсың көңүлдө.
Арзыганым бир өзүң,
Алмашпайм жатка өлүмгө.
Сулууда болот мээр чөп,
Суктанган мендей нечен көп.
Суктанып ырдап жүрбөсөк,
Сулуулардын аты өчөт.
Жакшы да болот мээр чөп,
Жаңшанган мендей нечен көп.
Жаңшанып ырдап жүрбөсөк,
Жакшылардын аты өчөт.
Сулууну сулуу дээр экен,
Суктанып жүргөн эл экен.
Сулуулары курусун,
Суктантып жанды жээр экен.
Жакшыны жакшы дээр экен.
Жаңшантып жанды жээр экен.
Жакшың менен жай тапкыр,
Жаңшантып жанды жээр экен.
Жаңшанып жүргөн эл экен.

Арып келсең алыстан,
Атыңды алып байласа.
Арзып тийген жарым деп,
Астыңа төшөк шайласа.
Самоору кайнаса,
Тасторкондо түрдүү даам,
Тамак-ашы жайнаса.
Камчыңды алып төргө илсе,
Кадырыңды зор билсе.
Арыганың билинбес,
Алкымыңдан жыттаса.
Алдейлеген баладай,
Арканды кашып уктатса.
Көңүлүң чөгүп келгенде,
Көкүрөктөн жыттаса.
Колун артып мойнуңа,
Көшүлтүп жаның уктатса.
Аз гана жылдык жашоодо,
Арманың болбойт андайда.
Той болгондой топурап,
Уул кызың турса маңдайда.
Алганың жакшы жар болсо,
Аябайсың малыңды.
Алганы менен тилек бир,
Алдыңа коёт баарыны.
Айтканыңды аткарат,
Ардактай билсең жарыңды.
Көйнөгүң кызыл пашайы,
Көргөнү келдим атайы.
Ак жүзүңдүн кызылын,
Соргону келдим атайы,
Акыреттик жарыңыз.
Болгону келдим атайы,
Ыраазы болсоң бир түнгө,
Конгону келдим атайы.
Алтындын кени кайда бар,

Ачып жаткан сайда бар.
Арзып келдим Кымбатым,
Акылдашсак пайда бар.
Күмүштүн кени кайда бар,
Күндө аккан сайда бар.
Көңүлдөшүм Кымбатым,
Көрүшүп турсак пайда бар.
Көйкөлгөн шибер жерде бар,
Көп сулуулар элде бар.
Көркү айылдын Кымбатым.
Көңүлүм дайым сенде бар,
Кыдырып кыргыз калкымды.
Көрдүм элден миң сулуу,
Кымбатым деп мен сени.
Кадыркеч таптым бир сулуу,
Сулууну сулуу дээр экен.
Сулуудан артык сен экен.
Сыныма жаккан Кымбатым,
Сырдашкан жарың мен экен.
Жакшыны жакшы дээр экен,
Жактырганың мен бекен.
Жайдары мүнөз Кымбатым,
Жалынга салган мен бекен.
Жашырсам атың Кымбатым,
Жарыя кылган эл экен.
Жаныма келсең жанашып,
Жашара түшөм берекем.
Жашарткан мени сыр барбы,
Жаннаттын гүлү сен бекен.
Жыттасам моокуң канганча,
Жыргалы жашоого тең бекен.
Жаңшап ырдайм күнү-түн,
Жалгыз сенде үмүтүм.
Жалынга салсаң өзүң сал,
Жалындап жансын күйүтүм.
Жайында көлдүн куусундай,

Жагалданып жүрүшүң.
Жактырат башка канчалык,
Жан жыргатат күлүшүң.
Көкөлөп учкан сономун
Көкүрөккө коноюн.
Кош алмаң жыттап түнүндө,
Кошулушта конок болоюн.
Көйнөгүңдү аралап,
Көңүлүңдү мен таап.
Койнуңда жаткан сүйгөн жар,
Кошогуң мен болоюн.
Жазгы буудай гоо пая,
Мен амалың болоюн.
Жазында тердеп олтурсаң,
Жанбаштай калсам күлүңдөп.
Жакаңдан кирип бириндеп,
Мен шамалың болоюн.
Күзгү буудай, гоо пая,
Мен амалың болоюн.
Күзүндө тердеп олтурсаң,
Күтүп алсаң күлүңдөп.
Көйнөктөн кирип бириндеп,
Мен шамалың болоюн.
Той болуптур айлыңда,
Тоолук жаштар жанымда.
Кечеге бардым атайы,
Сен деп турдум Кымбатым.
Мени көрсө келер деп,
Дегдеп турдум Кымбатым.
Оромолуң жарашып,
Олтурат элең катарда.
Оодарылам уктабай,
Оюмда болдуң жатарда.

## ҚАЛҚЫМА ҚАРЫЗМЫН

Толуктап жаздым ырымда,
Токсон экинчи жылында.
Таанылдым шондо кыргызга,
Талаш тартыш жыйында.
Жорго ойноттум сахнада,
Жомоктой болду чынында.
Тамаша кылчу сөз эмес,
Тагдыр деген кыйын да.
Калк аңыздап айтарга,
Калгандай болду кылымга.
Өнөрүм элге таанылып,
Өрнөгүм калган быйылда.
Алтымыш сегиз акындан,
Алып келдим жоргону.
Баш байге тийди колума,
Байкасам ишим оң болду.
Адаштырбай ырымдан,
Алла-таала колдоду.
Канча кылгам далаалат,
Катарга башым кирбеген.
Канчалык ырдап олтурсам,
Кадырымды эч ким билбеген.
Какшана бербей тек бол деп,
Кайта мени тилдеген.
Курчубастан талантым,
Кум баскандай кирдеген.
Каалабай койсо бирөөсү,
Кадырлайт экен эл деген.
Табийгат берген талант бар,
Тайырбек элден кем белем.
Тагдырым менин ыр менен,
Таштайын нуска термеден.
Жарыя болду калкыма,

Жетип менин баркыма.
Жазганым айткан ырларым,
Жаштарга калсын артымда.
Капилет наам бербеген.
Кыргызга эмгек сиңирбей,
Эки тизгин, бир чылбыр,
Ээси болдум быйыл мен.
Аша чапты дебегин,
Аныгын айтып беремин.
Жоргону алдым наам алдым,
Жеттим баарына дебедим.
Алдымда арбын максатым,
Аз али элге бергеним.

# АЙТЫШТАР



## БУЖУМДА

— 1950-жылдын күзүндө Баткен районуна караш туу Бужум айылында чоң той болуп калды. Мени Жийдеден ошол Баткен районунун биринчи катчысы Бөрүбаев Асанкул деген тойго алып барды. Ал тойго «Жаман-Жар» айылынан Бөрүбай, Газ айылынан Шоорукбай, Айдаркенден Абдурахман, Бужумдун өзүнөн Эркебай деген ырчылар келиштир. Мени Самат чабандестин атына мингизип, ырчылардын үстүнө алып барышты. Ошондо Бөрүбай ырчы ырдап калды:

«Баамдасам, ырчылар,
Баарыңардан карымын.
Улукман табып айткандай,
Табылбаган дарымын.
Абдурахман, Шоорукбай,
Эркелеген Эркебай,
Тек тургула оолукбай.
Анжыяндык Тайырбек,
Барпы акындын шакирти,
Ушул келип калыптыр.
Үгүшүмдө дурустап,
Жол жоргосун салыптыр.
Санжыраны карасак,
Түбү болот бул жактан.

Түпкү атабыз кыпчактан.
Тагдыр деген ушундай,
Ар жерден ар ким туз таткан.
Эми чыккан баланы,
Эңшере коюп салбаңар.
Жаңы чыккан баланы,
Жапшыра коюп салбаңар.
Арабызга келиптир,
Арзыдыңар көрсөк деп.
Гайыптан кудай бериптир,
Ичкиликче ырдайт дейт,.
Мүмкүн биздин элдиктир.
Жылкы мүнөз болбостон,
Жаныңарга тартыңар.
Чекелетпей баланы,
Өпкөңөрдү басыңар.

АБДУРАХМАН: Менин атым сурасаң Абдурахман,
Жүрүшүмдөн бил секин давдыраган
Канайы жок элиме жеткиремин,
Ырдашымдан билесиң шалдыраган.

ШООРУКБАЙ: Мен нокто башы Нойгуттан,
Жаңыл мырза тукуму.
Жаап жаткан жаандай,
Жааны тарткан утуру.
Жеңилип калсак төртөөбүз,
Анжыянчынын утугу.

ЭРКЕБАЙ: Ээ, десем сөзүм дал бекен,
Эмнеге келдиң, Бужумга.
Энеңдин акы бар бекен?
О десем сөзүм дал бекен.
Оолукпагын бала ырчы,
Бужумдуктун тоюнда,
Чоң энеңдин акы бар бекен?

Пулду берсе аласың,
Чөнтөгүңө саласың.
Каяктан келген баласың?..

ТАЙЫРБЕК: Ачууга албай жеңдирип,
Амандашып алайын.
Ансыз да калды эл билип,
Саламдашып калайын.
Аралап таанып, алсам деп,
Арзыганмын силерди.
Аман барып келгин деп,
Ачыдан таятам жиберди.
Уулумун Кыпчак улуу журт,
Кожомүшкүр тобунан.
Эр жеттим келдим элди издеп,
Ээрчитер атам жогунан.
Уяттан-уят эмеспи,
Ырчылар түшсөң соңуман.
Кадырын кары билбесе,
Кайсысыдан корунам.
Кайта турган эмесмин,
Качырып чыкса жолумдан,
Атам бирге жүрүптүр,
Айтылуу Баткен жеринде.
Чечени болгон жигиттин,
Шекери болгон кебинде.
Жомок айтып ыр ырдап,
Шайыры экен элине,
Атамдын атасы жашаган.
Булак-Башы чening.
Атам үйлөнгөн кармыш тобунан.
Мээринса деген теңине,
Жети айда мени төрөптүр.
Жетиптирмин кемине,
Он жетисинде апам кайтыптыр.
О кереӊ дүйнө дегин ээ,

Серментир ажал жашынан.
Сексенге чыкса эмине,
Эмчек сүт эмес, элик сүт,
Берген апам Ачыда,
Канаттууга кактырбай,
Келген апам Ачыда.
Табийгый талант бардыгын,
Түшүнүп туура наркына.
Таятам барган ээрчитип,
Таскактуу күлүк Барпыга.
Тай экенде Барпы кыдыртып,
Тааныттты кыргыз калкына.
Кайтканча жүрдүм дүйнөдөн,
Калбастан топто артында.
Бирге жүрүп үлгү алдым,
Бул дагы менин бактым да.
Баа бердиңер канчалык,
Баткенге келген жарчыга.
Байдын ашын кызганган,
Байкасам элде бар тура,
Баарыңар күбө болуңар,
Бир алсам тилдей камчыга,
Ак сакал деп сыйласам.
Айылда бир чал тура,
Акчаны канча алдың деп,
Отчёт алчу жан тура.
Дыйкандардын байлыгы,
Жерде болот эмеспи,
Ырчылардын ырысы,
Элде болот эмеспи.
Санат, насыят айтканы,
Терме болот эмеспи.
Акыркы жолу айтарың,
Келме болот эмеспи.
Эркебайда эсепте,
Ченде болот эмеспи.

## ҚАРА-БУЛАКТА

— Қара-Булак — Баткен районуна карайт. Тоо арасындагы кооз жер — Чаткал аймагынан келген акын Қачканак Салибаев менен эл кыдырып, жер көрүп, ар кайсы райондорду кыдырып, күч-кубаттын барында айыл аралап жүргөн убагыбыз. Ага кошумча Жалал-Абад Ош тарапта жыйым-терим бүткөндөн кийин, жер-жерлерде аш-тойлор болот. Ошол Қара-Булак жеринде аялдан чыккан башкарма Қалбүбү эженин балдарынын тоюна Қачканак экөөбүз барып калдык. Барсак той башталып калган экен.

ТАЙЫРБЕК: — Биз көксөгөн көрсөк деп,
Қара-Булак жер экен.
Қара-Булакты жердеген,
Қалдайган кыргыз эл экен.
Айланасын карасаң,—
Алтын-Бешик дээр экен.
Ар жагы сайга жакындап,
Чылым-Тумшук чен экен.
Қара-Токой, Қара-Булак,
Арасы алыс бел экен.
Салкын жайлоо — Сары-Таш,
Сандал менен маңдайлаш.
Сунат кымыз кыз — келин,
Санааңды билген калем каш.

Адептүү өскөн жашын айт,
Кыздардын кара кашын айт.
Өсүп чыгар жакшы адам,
Ичине кирди жашырбайт.
Акылмандык белгиси,—
Өзүнө сөзду ашырбайт.
Көзүң тойбой жашоого.
Ичсем дейсиң мүрөктү,
Аялын, кызын карасаң,
Акундун кызы Чүрөкпү.
Көңүлгө туура келбестер,
Көзүнө көбүн түнөттү.
Андай деген себебим,
Адашты сөздөн дебегин.
Каныржан менен Бегимжан,
Олжобай сүйгөн Кишимжан,
Тору-Айгыр ушул тобунан,
Кара-Булакта дегеним.
Турмушта деле жолугат,
Түшүндүңбү себебин.
Курманжандан кем эмес,
Кадыры Калбүбү эненин.
Аял да болсо журт баштап,
Аткарып оюн өз элин.
Тоголок данды коротпой,
Токчулук болсун дегеним.
Ар жерден мейман чакыртып,
Алтын күздө той бергенин.

КАЧКАНАК: Саламдашкан сиздерге,
Салибай уулу Качканак,
Салт-санааны билгенде,
Сайрамакмын баштараак.
Таржимаалы эл жердин,
Тайырбектен башталат.
Барган жерде жыйында

Билген киши башкарат.
Башчы деп ээрчип жүрбөсөм,
Бөлүп мени таштамак.

ТАЙЫРБЕК: Чаткалдан келсең Баткенге,
Бөлө турган мен эмес.
Өгөй эне уулундай,
Көрө турган мен эмес.
Бучкактайсың ининди,
Булкуп кетчү сен эмес.
Бир тартканда аңтарып,
Жулкуп кетчү сен эмес.
Сөз кезеги келгенде,
Сөгүп кетчү мен эмес,
Атаандашып абийириң
Төгүп кетчү мен эмес.
Айтышар болсоң аныңды айт,
Аңдаштырып ырдагын,
Ар-намысың сактасаң,
Ардайым жанындамын,
Той ээсин айтпай сен мага,
Тогонек салып турбагын.
Тебе албайсың сен мени,
Текөөр болсо тырмагың.
Кармашам дебей мен менен,
Калбүбү энени ырдагын.
Ката десең бир жерден,
Калыпка салам мындамын.
Уруулуу журтка дасторкон,
Салып жүргөн Калбүбү.
Улуулардын дубасын,
Алып жүргөн Калбүбү.
Урматтаган жерлерге,
Барып жүргөн Калбүбү.
Оң менен солдун калкыны,
Таанып жүргөн Калбүбү.

Дасторкон салып мейманга,
Жан тартып жакын тууганга,
Канча жыл кылды даярдык.
Калкына тойду кылганга,
Атлес, шайы, баркутту,
Адияга деп жыйганда.
Аялдан болсоң канча жыл,
Эл башкардың Калбүбү.
Аялсың эрсиң дебестен,
Тең башкардың Калбүбү.
Курманжан датка энеңдей,
Сен башкардың Калбүбү.

## ТАЙЫРБЕК МЕНЕН ШООРУКБАЙ

— Тажикстандын Шураб деген шаарына үч кыргыз — Жолдошбай деген досумкуна айылдап, кышында бар дык. Эртеси ошол кыштакта чоң жыйын болуп, ошол тойго Шоорукбай ырчы келген экен, учурашып калдык.

ТАЙЫРБЕК: — Ассалоому алейкум,
Аманбы, аба, Шоорукбай?
Каламбы деп жүргөнмүн,
Карияга жолукпай.
Аманбы, аба, балдарың?
Өмүрүң тилеп жаткандыр,
Өмүр шерик алганың.
Шерттешип чыккан кишидей,
Шурабка келип калганың.
Алыста жүрчү Шоорукбай,
Жакын келди деп уктум.
Атагы чыккан кары ырчы,
Акын келди деп уктум.
Айтса санат калкына,
Макул келди деп уктум.
Аш, тойлорго барганда,
Ар кимден, ар кыл кеп уктум.
Айыптуу болуп, Шоорукбай,
Абакта жаткан деп уктум.
Артынан айдап солдаттар,

Камакта жаткан деп уктум.
Эсенби, аба, балдарың?
Эл кыдырып, жер көрүп,
Эми жоктур арманың.
Күнөөлүү болуп бир кезде,
Күн көрбөс жерде жатыпсың,
Каруу күч кетип дарманың.
Жабагы барбы мүдүрбөс,
Жаак барбы жаңылбас.
Жабыр түшпөй башыңа,
Жан жолдоштон айрылбас,
Жалдырап турган чагыңда,
Жан тууганда кайрылбас.
Ак сакал ырчы Шоорукбай,
Алыстан уктум кабарың.
Анжыяндык баланын.
Кабыл ал айткан саламын.
Атагың угуп жүрчү элем,
Азыр көрдүм жамалын.
Тил ырыскы тиш дөөлөт,
Тирүүлүгүң миң дөөлөт.
Эл кыдырып чыкпасак,
Шурапта сизди ким көрмөк.

ШООРУКБАЙ: — Алик алдым, саламды,
Акын, балам, аманбы?
Мен угуп жүргөнмүн,
Анжияндык деп кабарды,
Азыр көрүп турамын,
Акындык нуска чамаңды.
Абалымды угупсун,
Абакка кантип кеткеним,
Алдымда максат көп эле,
Аларга кайдан жетпедим.
Айыптуу болуп айла жок,
Азаптын суусун кечкенмин,
Кайрылып мен келгичем,

Кайран катын өлүптүр.
Калың журтум биригип,
Кайгы менен көмүптүр.
Энеден калып балдарым,
Эптеп күнүн көрүптүр.
Баяндайын угуптур,
Бактысыз болуп калганмын,
Өткөн күндү сураба,
Өзөктө түтөйт арманым.
Кайгы эмей эмине,
Катындан минтип калганым.
Карып калган бул абаң,
Кайгыдан башка не десин.
Кана балам сырыңды ач,
Кайсыл уруу элденсиң,
Анжияндай жериңден,
Айтчы, неге келгенсиң?

ТАЙЫРБЕК: Жайымды аба сурасаң,
Жийде деген жерденмин.
Уругумду сурасаң,
Кожомүшкүр элденмин.
Баштап ырдайм ар жерде,
Барпынын таалим бергенин.
Туугандарым Баткенде,
Таанышканы келгенмин.
Башаты ырдын Барпыда,
Баштап жаткан термемдин.
Ырдап көрүп келатам,
Үрп-адатын элдердин.

## БӨРҮБАЙ МЕНЕН ТАЙЫРБЕК

ТАЙЫРБЕК: Атагы чыккан баатырдын,
Алдына барсаң бир киши.
Сүрүнөн коркот турбайбы,
Сүрүлүп жоодон миң киши.
Андайларды авалтан,
Ар кимдин келет билгиси.
Ак таңдай акын дегендин,
Артында калат үлгүсү.
Андайдын үнүн укканда,
Кыз-келин турат киргиси.
Кырчын жаш барда аларда,
Келетго ойноп күлгүсү.
Алтымыш ашкан Сендейди,
Андайды келбейт сүйгүсү.
Акын бекен Бөрүбай,
Атамдан улуу пир киши.
Болуп жүргөн окшойсуң,
Той болгон жердин акыны.
Адабияттан көрбөдүк,
Ак сакал сенин атыңы.
Абдырахман, Акматка,
Нойгуттан чыккан Шоорукка,
Бужумдагы Эркебай,
Буларга сен го жакыны.
Жанында бирге келбептир,

Жалгыз калып акыры,
Бөлүнбөйт эле алардан,
Бөрүбай болсо акылы.
Карыганча шекирт жок,
Окшойсуң ырчы бакылы.
Аралап жүрүп жолуктум,
Айтылуу Бужум жеринен.
Ак сакал ырчы Бөрүбай,
Аңдап тур бала кебинен.
Аркага чейин аралап,
Аттанып барып жеримен.
Айры жаак жез таңдай,
Акындар чыккан элимен.
Айтылуу нуска ырлары,
Алардан үрөөн себилген.
Айтышам деген нечени,
Амалын таппай чегинен.
Азирети колдо деп,
Акыретте жолдо деп.
Ак селдечен айлыңда,
Адамдар айтат молдо деп,
Кеп сөздү уктум элиңден.
Ким болосуң деги сен.
Акынсыңбы, молдобу,
Аныгын билбей турам мен?

БӨРҮБАЙ: Бөрүбай тапты, дагы ырчы,
Баракелде бала ырчы.
Көксөп жүргөн жыйынды,
Бөрүбай деген мына ырчы.
Кыдырган элди аралап,
Кыдырдай болгон мен ырчы.
Бөрүбайды көрөм деп келген,
Адеби бар сен ырчы.
Ар санаттан тергенсиң,
Ким менен мында келгенсиң?

Араккорго жолуксаң,
Бузук ырчы болосуң.
Мени менен сен жүрсөң,
Түзүк ырчы болосуң.
Калмагы тилик кетирем,
Кызык ырчы болосуң.
Барган сайын ачылып,
Акындар тийбейт катылып.
Өткүр ырчы болосуң.
Мени менен сен жүрсөң,
Өз теңиңдин ичинде,
Жетик ырчы болосуң.
Мени менен сен жүрсөң,
Бала экенсиң, толосуң.
Бөрүбайды ээрчисең,
Баатыр ырчы болосуң.
Ааламды кезип кыдырып,
Акун ырчы болосуң.
Баракелде, Тайырбек,
Жаман болсоң соолосуң.
Сыпайы болсоң ар жерде,
Ырчы атка коносуң.
Түбү жайың сурайын,
Жекзаты таганды айт?
Теги заты бабаңды айт?
Кайсы жерлик болосуң,
Бала ырчы, кана ырдачы?
Келмеге келген тилиң ким,
Кана ырдачы угайын.
Калтыс жерден сурайын.
Тойлорго ырдап чыгышка,
Дуба алып чыккан пириң ким?

ТАЙЫРБЕК: Той берип жаткан тууганым,
Торгойдой тилдин барында.
Тобунда турам, ырдайын,

Толкундуу жаш кез чагымда.
Тердеп турат маңдайым.
Термеге көнгөн таңдайым,
Тартынгансып турбайын,
Тил жоргосун сындайын.
Карт Бөрүбай, бала ырчы,
Кааласаң тойдо жарчыбыз.
Кандай ырдайт ырчылар,
Калыс болсун калкыңыз.
Жакын алыс журт келип,
Жазылып турат жарпыңыз,
Көкөтайдын ашындай,
Көп жерге кетти даңкыңыз!
Атагың кетти ар жакка,
Айым, Сүткөн, Дардакка.
Арстанбап-Ата, Чарбакка.
Ар жагы Көк-Жаңгакка,
Жалал-Абад жерине.
Жалпы кыргыз элине,
Баа берип калкым кулак сал.
Бала ырчынын кебине,
Калкыңа тойду кылмакка.
Канча жылдан бер жакка,
Кара сатин, тон кылдың.
Козудан топтоп кой кылдың,
Кайтып жаткан меймандын,
Каражатын мол кылдың.
Туурасын айтсам бул тойдо,
Түрмөгү менен пул керек.
Тоннасы менен ун керек,
Пачкасы менен чай керек.
Бочкасы менен май керек,
Адиякеш болуп келгенге,
Атилес керек, шайы керек.
Пом баркут керек, чыт керек,
Эл жыйнатып той бермек,

Эр жигитке шүт керек,
Элиңе келген меймандын.
Эсиңде болсун тууганым,
Эмчекте келген балдарга.
Эки бетон сүт керек.
Деп ырдап туруп анан,
Безилдеген бала ырчы,
Берсем собол укпайт деп,
Бир чайноодон чыкпайт деп
Бөрү эмес, мүмкүн, жолборстур,
Бүтүндөй кетсем тамакка,
Бөрү акең анда оңбостур.
Жашы да бар, кары бар,
Жыйылган элдин баары бар.
Жер — элимди айтпасам,
Жанымда ырчы тарынар.
Болуптур жообун берейин,
Бузган салтты болбостур,
Оронуп селде молдо экен.
Оңой оокат жолдо экен.
Тең бөлсөк тойдон бергенин,
Тапканы канча болду экен?
Ээ, балам, жакын келгин деп,
Алгандан зекет бергин деп,
Орозо битир унутпа,
О дүйнөгө барганда,
Ошондон сооп дегин деп,
Оңбогон неме койбостур.
Чукчуңдаган неме экен,
Чыгарып жаңжал койбойт бул,
Ооз ачпас кылдым муну деп,
Оюнда мүмкүн ойлойт бул.
Жашаган жерим Жалал-Абад,
Жүзүмү бышса сары нават.
Алма, анжир, анары,

Алмурут, нак, шабдалы.
Атайын барып көрүп кел,
Ак сакал бизде жемиш бак.
Алтын колдуу дыйкандар,
Дасторкон көркүн чыгарат.
Пыяз өсөт чыныдай,
Билектей сабиз түп алат.
Сайга эккен шалысы,
Сакалындай буралат.
Картошкасы келдеңдей,
Капустасы селдеңдей.
Түрүп менен бир койсом,
Түшөсүңгө делдеңдей.
Ар бирин араң көтөрөт,
Дарбыздары казандай.
Коонунун үстүндө,
Айтасың молдом азанды ай!
Дүмбүлүн жесең күзүндө,
Дарт чалбай денең чыңалат.
Түшүмүн көрүп колхозчу эл,
Түрүнүп билек кубанат.
Ала-Тоону жердеген,
Ак калпак кыргыз эл деген.
Катылып келген душманга,
Ар намысын бербеген.
Ак эмгек сүйгөн адамды,
Арабызга кел деген.
Бозоргон чөлдү гүлдөткөн,
Элим жашайт колхоздо,
Ээрчишип дыйкан артынан,
Эмгекти сүйгөн жашынан.
Жалын жүрөк жалтанбас,
Теңим жашайт колхоздо.
Эмгектенип талбаган,
Мекенге күчүн арнаган.

Тонналап алтын кырдаган,
Тоодой кылып жыйнаган.
Эже, жеңе, карындаш,
Келин жашайт колхоздо.
Тоолорунда кара алтын,
Тамеки айдайт «сары алтын»,
Айланасы баары алтын.
Жаратылыш баарына,
Аккан суусу дагы алтын.
Сууну бойлоп кыз-жигит,
Сырдашып жүргөн чагы алтын.
Арстанбап Кара-Алманы көр,
Бадам, мисте бар жаңгак.
Канча гектар токою,
Билалбайсың чамалап.
Жылгаларда мөңгү суу,
Агып жатат салаалап.
Аралап жүрүп жайлоосун,
Айдаган малдын көбүн көр.
Аптада арык семирген,
Арпадан күчтүү чөбүн көр.
Кымызын ичип кырларда,
Көк-Суунун төрүн көр.
Саанчылар жараткан,
Сары май сүттүн көлүн көр.
Областым Жалал-Абад,
Районум Созокто.
Ат менен апта жүрөсүң,
Аралыгы узакта.
Капарыңда ойлойсуң,
Калды мени тузакта.
Торгой эмес тоонун бүркүтү,
Торунду быт-чыт бузат да,
Жийдели-Мазар айылым.
Үч дарыянын чатында.

Устазым менин Барпы акын,
Чангет-Сайдын башында.
Бала экенден чоңойгон,
Барпы акын төлөс Ачыда.
Байларга малай болуптур,
Бала кезде жашында.
Нелер келип, не кетпейт,
Эр жигиттин башына.
Таалимин алган жолуккан,
Токтогулдай акынга.
Үлгүсүн алып эргигем,
Ушундай булбул асылга.
Убайын ырдын көрөрдө,
Учурдук аны жакында.
Атасындай Токомдун,
Арасында Барпыда
Ардакташат ар убак.
Ак калпак кыргыз калкыда,
Ташка тамга баскандай,
Тарыхта аты калды да.

## ТАЙЫРБЕК, НУРДИН, АСАМУДҮН, ТОКТОСУН, АШЫРААЛЫНЫН АЙТЫШЫ

ТАЙЫРБЕК: — Айтылып жүргөн жалпыга,
Ак калпак кыргыз калкы да.
Ар дайым топто ырдаган,
Акындардын салты да.
Алдыңда эл баа берет,
Айылдык биздей жарчыга.
Жорго болсоң — шыдыр бол,
Жонуңду тоспо камчыга.
Табийгат берген талант бар,
Тилден балым тамчыла.
Жаттабастан ырдасак,
Жагасың шондо калкыңа.
Ак таңдай акын экен деп,
Айтылат даңкың артыңда.
Калыстардын бир сөзү,
Кандай баа бергени,
Алтын бекен, күмүшпү.
Айтылып жаткан мендеги.
Коло бекен, жез бекен?
Калай бекен сендеги?
Талантты сынайт ушулар,
Баанын кандай деңгээли.
Саяпкери элибиз, —
Тулпарды билген белдеги.

Байге алганы келбедим,
Беттешкенди жеңгени.
Таанышсам деген талабым,
Таланттар келсе элдеги.
Асамүдүн, Нурдин акындар,
Айтылуу Кочкор жердеги.
Анык болду алардын,
Айтышка деп келгени.
Тебет деп күтөт көпчүлүк,
Текөөрлүү кимдин чеңгели.
Акын Барпы үлгүсү,
Айтылып жаткан мендеги.
Абамды тартсам боломун.
Ак калпак кыргыз эрмеги.
Салам айтсак куттуктап,
Санаалаш тууган элдерди.
Ак кардуу тоону жер деген,
Ак калпак кыргыз эл деген.
Ариет кылып ар иште,
Ар намысын бербеген.
Алтын колдуу дыйкандар,
Элимден айтсам саламды.
Эмгектенип талбаган,
Элине күчүн арнаган.
Тонналап алтын жыйнаган,
Тоого басса сыйбаган.
Эже, жеңе, карындаш.
Келинден айтам саламды.
Жакасында «ак алтын»,
Төгөрөгүң баары алтын.
Жалал-Абад, Ошту жердеген,
Теңимден айтсам саламды.
Ашыралы, Токтосун,
Айылдан келген баланын.
Алгыла кабыл эки акын,
Айтып турган саламын.

Ар-намыс алып айтышта,
Аткарсам элдин талабын.
Көкүрөктө мүлкүмдү,
Көпкө сынга саламын,
Курчун издеп ырлардын,
Кыйыштырып каламын.
Кыргызга жакса өнөрүм,
Кызыл тилди чабамын.
Кезекти берсең дагы да.
Күтүп турам жанында.
Кайсыны айтсам экен деп,
Кылбаймын мурда камылга.
Балтыркан бала кезимден,
Барпыны ээрчип ырдадым.
Кашында турам элимдин,
Кааласаңар бул жагын.
Канчалык бар талантым,
Калыс бол, экөөң сындагын.
Каргадай болгон Тайырбек,
Катарында мындамын.
Кагаздын түшүп бетине,
Калкыма калса ырларым.
Калкым менен бир көрсөм,
Калган өмүр жыргалын.

НУРДИН ИБРАЕВ: — Акындарда салт экен,
Амандашуу эл менен.
Учурашуу эң жакшы,
Урматтуу ушул эл менен.
«Эл ичи өнөр кенчи» деген,
Эл сөзүн мен да эп көрөм.
Эл ичинде укмуш бар,
Кээлери али көрбөгөн.
Акындыктын белгиси,
Аябай төксө термеден.
Амандашып олтурам,

Агайын элим, сен менен.
Атайын бизди телеге,
Айтышка бүгүн кел деген.
Алып келдим саламды,
Ак калпак кыргыз жергемен.
Алды менен баарыңа,
Амандашып алалы.
Улуу-кичүү жалпыңа,
Саламдашып алалы.
Аткарылсын ар убак,
Ак калпак кыргыз элимдин.
Ак тилек максат талабы,
Күндүзгүдөй жаркырайт.
Ильичтин жаккан панары,
Абдан иргеп карайлы.
Ак менен арам, караны,
Адал эмгек иште деп.
Партиянын талабы,
Адал иштеп эл үчүн.
Агын суудай агалы,
Жаркын нурун чыгарган.
Күн болуп элге жагалы,
Жыргалчылык орногон.
Тынчтыктын заманы,
Завод, фабрик салынган.
Көп күнү көрбөгөн адам,
Көксөөсү кургап сагынган.
Илим, билим ээлери,
Жалпыңар эсен барсыңбы?
Эмгектен баар табышкан,
Калкыңар эсен барсыңбы?
Аткарайын бул жерде,
Акындык деген парзымды.
Өзгөргөн экен калаабыз,
Жоголуп ичте санаабыз.
Асамүдүн, Нурдин,

Эгиздей болгон балабыз.
Борборду дайым аралап,
Форумун ырга салабыз.
Асман тирейт үйлөрү,
Абайлап барып караңыз.
Саламы ушул акындын,
Калкым салтанат ишке жараңыз.

АСАМИДИН АЛИЕВ: Амансыңбы агайым,
Амандашып калайын.
Алды менен баарыңа,
Саламдашып алайын.
Алып келди ээрчитип,
Ардактуу Нурдин агайым.
Айта турган сөзүмдү,
Алдыңарга жайайын.
Атактуу Нарын суусундай,
Атырылып агайын.
Алтын менен күмүштөй,
Акак сымал жанайын.
Ушу олтурган жалпыңа,
Ак калпак кыргыз калкыма.
Көгүлтүр экран аркылуу,
Жалындуу айткан саламым.
Саламдашып ырдасам,
Санаалаш ушул эл менен.
Берекеси ташыган,
Берметтей Ысык-Көл менен.
Таланты көп таңшыган,
Таалайлуу Талас жер менен.
Арбытып айтып сөзүмдү,
Акын болуу талабым.
Азбы, көппү билбедим,
Калыстап элим карагын.
Акындарды көбүнчө,
Ардактаган баламын.

ТОКТОСУН ТЫНЫБЕКОВ:

Жалал-Абаддык жаш акын,
Тайырбек ардагым.
Байкалып турат ырыңдан,
Барпыдан таалим алганың.
Таскагыңды чыгарып,
Ташыркаба талбагын.
Көзүң таза, колуң соо,
Комузду неге албадың?

ТАЙЫРБЕК САТЫБАЛДИЕВ:

Баштасам сөздүн ар жагын,
Барпыдан үлгү алганмын.
Бала кезден комуз кармабайм,
Баш бербес сөөмөй, бармагым.
Баркына жеткен эл билет,
Башталган ырдын салмагын.

ТОКТОСУН ТЫНЫБЕКОВ:

Асмандан түшкөн ажыдардай,
Арбашам деп жатыры.
Абайлагын төртөөң,
Кармашам деп жатыры.
Бүгүнкү күнкү айтыштын,
Тайырбек болду баатыры.
Текөөрү темир көрүнөт,
Тээп бара жатыры.

АШЫРАЛЫ АЙТАЛИЕВ:

Анык айттың Токтосун,
Эмессиң акын бакылы.
Барпыдан үлгү алыптыр,
Ырчынын болуп баатыры,
Колунда комуз бар болсо,
Төртөөбүздү сахнадан,
Кууп түшмөк акыры.

## МАМЫТБЕК МЕНЕН ТАЙЫРБЕК

— 1986-жылы Талас шаарында болуп өткөн.

МАМЫТБЕК: — Кеминге эгер, келсеңиз,
Келип салам берсеңиз.
Келин-кызга кестирип,
Бешбармактай аш коём.
Кой сойдуруп атайы,
Конок кылып баш коём.
Түштүккө Ошко барганда,
Кокус жолугуп калганда,
Коон, дарбыз, ашкабак,
Тайырбек, каламынбы арманда?!.

ТАЙЫРБЕК: — Жалал-Абадда алма бар,
Келген конок жесин деп,
Бышырып койгон халба бар.
Кадам-Жайда сурма бар,
Сулуу катының керектейт,
Сурмадан сүзүп сала бар.
Жалал-Абаддан төмөнкү,
Жийде деген жеримде,
Ашкабак жемиш жана бар.
Жакшы оокат керек деп,
Жийделиктерден белек деп,
Жарым кап үйүңө ала бар.
Чарбаңды айтпай чагыңды айт,

Насыяңды коюп, нагыңды айт.
Үйүңдө барын мактанбай,
Бүгүн элге майрамдай,
Бул айтыштын шаңын айт.
Таланттуулар топтолгон,
Жашы менен карыны айт.
Ак таңдай ырчы дегендер,
Айткан ырдан жаңылбайт.

МАМЫТБЕК: Айып көрбө чырагым,
Аныгын айтып турамын.
Айылдаштар тойго барганда,
Ала барат арактыы,
Ууга чыккан жигиттер,
Алып барат жаракты.
Көзүң соо колуң таза экен,
Сага карматайын таякты.

ТАЙЫРБЕК: Жетимишке жакындап,
Карыганың билбейсиң.
Жер таянып туралбай,
Арыганың билбейсиң.
Жаныңдагы баланы,
Акын эмес ким дейсиң?
Алыңды билбей кармашсаң,
Арачыны издейсиң,
Алтымыштан ашканда,
Жетимиш кадам басканда.
Атаңа бер таякты,
Атаң жокто мал айдайт,
Апаңа бер таякты.
Түндө акем келет деп,
Келбей калса эрмек деп,
Жеңеңе бер таякты.
Жетимиштен ашканда,
Жерге өбөктөп басканда.

Энеңе бер таякты?
Бабаңдан калган барктаса,
Келинге бер таякты?
Өзүң эпке келбесең,
Өнөгүнү бербесең,
Өмүр шерик алганың,
Теңиңе бер таякты?
Болсо эгер уузуңа,
Бой жетип турган кызыңа,
Санатайын таякты,
Эстелик кылып өзүңө,
Ээ кылып айткан сөзүңө,
Карматайын таякты.

Калыстардын төрагасы Эстебеске айтканым:

Оң менен сол дебесе,
Бир атадан тегибиз.
Манас, дастан, төкмөдөн,
Кайсы биздин кемибиз?
Калыс элең Эстебес,
Кандай баа бердиңиз?

## САПАРБЕК, ТАЙЫРБЕК ТОКОНУН АЙТЫШЫ

САПАРБЕК — Ошто катуу чуу чыкты,
Кыргыз, өзбек бөлүнүп.
Каргыш тийген ушактан,
Карышкырдай көрүнүп.
Бириңерди-бириңер,
Бетме-беттеп аттыңар,
Дүнүйөсүн эки элдин,
Кайсы жакка каттыңар?

ТАЙЫРБЕК — Бирибиздин өзбек эжебиз,
Бирибиздин кыргыз жездебиз.
Бирибиздин өзбек апабыз,
Бирибиздин кыргыз атабыз.
Бүлүндүрүп бүлөнү,
Биз каякка качабыз?
Тантыраба Сапарбек,—
Тарыхты неге айтабыз?
Орозбек айткын иниңди,
Эгер алса тилиңди.
Каңкылдай берсе жөнү жок,
Кагып коём жиниңди?..

ТОКО — Ойлонбостон жедиңер,
Отуз короо кой кана?
Сен берип кет эсебин,

Сексен короо кой кана?
Кезегиңди беремин.
Кепке кемтик дебеймин.
Сексен короо коюңдун,
Айтып кеткин себебин?..

ТАЙЫРБЕК

Бала экенден ырдаймын,
Баштадым Нуска термени.
Беш-алты ооз сөзү бар,
Барпы атанын бергени.
Болуп шондой кыялда,
Белденипсиң жеңгени.
Байкабастан асылдың,
Баланын текөөр чеңгели.
Барктап турат уккандар,
Болот канча деңгээли.
Темир бекен жез бекен,
Токо айтылган сендеги.
Күмүш бекен алтынбы,
Куюлган ыр мендеги.
Жонуна камчы чаптырбас,
Жоргону сына белдеги.
Авир берген кудайым,
Токоң кайдан чендеди.
Алар намыс мен жакта,
Айта бер Токо келмеңди.
Айда, жылда бир көрөм,
Айтылуу Бишкек жергемди.
Атаандашым Токомбу,
Апкаарып ырдан тердеди,
Жалал-Абаддык акынмын,
Жакшы айт жаман макулмун.
Аким эмесмин райондо,
Айтылган кеңеш мендеги.
Райондон сөздү улагын,
Обулустан сурагын.

Аныктайм десең тууганым,
Сен издеп баргын фермени.
Таласта Эстебес,
Тайырбекке комуз бергенби,
Республикалык айтышка,
Дакем комузу жок келгенби?

ТАЙЫРБЕК Жарагы жок мергенмин,
Жалал-Абаддан келгенмин.
Жаакташам деген сендейдин,
Жайында жообун бергенмин.

## АКТАН МЕНЕН ТАЙЫРБЕК

АКТАН

Ак калпак кыргыз элимдин,
Айлынан чыккан жарчымын.
Алы жок начар ырчыны,
Айдап жолго салчымын.
Артынан ушак кеп айтпайм,
Анык ушул — бар чыным!..
Байкайын деймин чамасын,
Барпынын сендей барчынын.
Булкулдөп турсун бал таамп,
Булбулдай сайрап алкымың.
Төгө бер, төксөң бөскөрбөс,
Тагдыр берген алтының.
Өмүр өтөт, кетет-жаш,
Кагазга калтыр саркының,
Дубанга салса чарчабай,
Дулдулдай чуркап, чарк уруң.
Атагың калар артыңда,
Азыркысын-алпуруң.
Чайкасын башын туура деп,
Чар тарап, журтуң-алты урууң.
Жайдары карап, ойлончу,
Жашабайсың бир кылым.

Асанбай келди ээрчитип[1],
Азыр саа айткан саламым.
Айылда жүрүп таанылган,
Атагыңа таң каламын.
Агаңмын, сенден улуумун,
Атайлап таанып, карагын.
Үлгү алган дешет Барпыдан,
Көрөйүн күчүң, чамаңын!
Каптасам кыстоо жерлерге,
Кайтараар жооп таап алгын,
Алым сабагы болот да,
Айтылып жаткан саламдын.
Абалы, ырдап тийишчү,
Акындардын адаты,
Тийишпей тилден билинбейт,
Тизмектүү ырдын санаты.
Учуу үчүн берилет,
Узун чалгын канаты.
Уланабы же жокпу,
Билинет алыс карашы,
Түшүнгөн соң, сөзүнөн,
Айрыйсың акты, караны.
Акын боло берееби,
Ар бир элдин адамы.
Өлчөлөй өзгөлөр үчүн,
Өзгөрткөн турмуш кадамы.
Сөзүңдөн турар таанылып,
Жакшы менен жаманы.
Калкыңа сөзүң жакпаса,
Каралмак сага каягы?,
Улуу сөздөн баштасаң,
Улана берет аягы.
Угуучудан жолдошуң,
Урматтайт, күтөт а дагы.

[1]Баш сөзүн жазган А. Жусупбековду айтып жатамын. Автор

Кыз менен акын бипбирдей
Жакындатат араны,
Жагымдуу болсо айтканы,
Жалпы элге журөт урааны.
Анчалык жакшы чечилбейт,
Акындын кытмыр, сараңы
Бузат көңул кирдетет,
Алагды кылат санааны.
Кылтыйгандар да болот,
Кыя өткөрбөй чаманы.
Уялбай сурап улуудан,
Узарткан сөздө чаланы.
Сен дагы Барпы абаңдай,
Сабала, канат сабала!..
Сагызгандай салпаңдап,
Санаттан сөзду табалбай,
Санжыра ыр, санталат,
Санаты белек, камалбай.
Ичинде барбы, билбеймин,
Кулагым журөт каналбай.
Канчалык айтты кайталап,
Кара сөз менен карандай.
Эстебестей эпилдеп,
Элге ырдасаң лепилдеп.
Асманга чыгып атылып,
Кайра, кара жерди жапыртып,
Калпты, чындай апыртып.
Качыра берсең, камандай!..
Калабы деп чочуймун,
Кайран журөк жай албай.
Жуйөөлу сөз журөктөн,
Жаралгандай жаай албай.
Жеңижок, Током, Эшмамбет,
Буларды жур кабарлай.
Маанилуу болсун, жугумдуу,
Журсөң керек, менимче,

Иретке сөздү салалбай.
Суроосуна агандын,
Калбагын жооп табалбай.
Жазма акындан Байдылда,
Күлкүлүү сөзү калыбында.
Кызылы жок бетинде,
Түгү быртттын саяндай.
Ойлогон оюң бузбаймын,
Ырасбы, кантип кыстаймын.
Айлымдан алыс болсоң да,
Акынмын жүргүн аярлай!..
Токтогулду токтоткон
Эшмамбетти эстеткен,
Карамырза дегенди,
Кагышканда четтеткен.
Катуу ырчы аганган,
Кайран Барпы бул кеткен.
Айтыла элек, ыры көп,
Ар ким менен беттешкен,
Түмөнбай жыйнап, калганын.
Түгөттү ичтен арманын,
Сага койгон калганын.
Арбагын козго абандын,
Акыр болсо зардабың.
Абыдан жагат көңүлгө,
Айдарым жолго салганың.
Убактысын өткөрбөй,
Көрөңгөң болсо камдагын.
Жалындуу жаштык барында,
Жан үрөп жазгын, чамдагын.
Жазганда бармак талыйт деп,
Жазуу жагын чанбагын.
Түбөлүк болот өзүңө,
Тиккен бак сенин чарбагың.
Бир белгиси болот да,
Малды күткөн чарбаның.

Колунда журсө койкондоп,
Кубанат окуп койсок деп,
Кубанат 'кулуп, арбагың.
Аралаш кетти акылым,
Арасын ирге, акыным.
Жаманын ичке батырың, —
Жакшы деп билип, жатыгын.
Кетирбе сөздүн татымын.
Каламыңдан деп ойлойм,
Калганга мурас, азыгың.
Карыямын сага мен,
Калтырам айтып акылым,
Маанисин ылгап көрөрсүң.
Мен айтканды ойлоп, акырын,
Күчөнсөң мейли, чыкпаса,
Күрөктөп күлду сапырың!..
Кудай берген бул өнөр,
Койдум мен макул катылың..
Бетке айтып менчилеп,
Беттешкенди катырың.
Катуу кетсе кечиргин,
Карындын кетти тил, тиши.
Иним, сага караандаш,
Агандын келет жүргүсү.

ТАЙЫРБЕК: Ассалому алейкум,
Амансыңбы, Актаным?
Ак кыроо баскан чачты ойлоп,
Анчаны көргөн башты ойлоп.
Ашуу аккан жашты ойлоп,
Амандашып, жатканы.
Аттаба ата салтты деп,
Аксакалдардын айтканын.
Адепсиздик болоор деп,
Андан өзүм сактандым.
Айтышпай туруп Актаным,

Айтпадым бала качканын.
Ачпай ооз тек турдум,
Акылымды чактадым.
Ачылды сөз сиз жактан,
Андан кийин баштадым,
Айлыбызда бек кармайт,
Аксакалдардын шарттарын.
Эңсегениң мен экен.
Эсенсиңби Актаным?
Эстетип өттүң башында,
Ээрчиткен Асанбай айтканын.
Эсте тут Током айтканын.
Эртеби-кеч түшүнөт,
Элиңдеги жаш карың.
Элебепмин ал кезде,
Эмне деп Током жатканын.
Эки доорду тең көргөн,
Ээрдүү буудан таптагым.
Эсен болсоң көрөрсүң,
Эркиндик таң атканын.
Эки жолу айдалып,
Эзүүдө өттү баштагым.
Эки келбес дүйнө экен,
Эми аны таппадым.
Кайран Током, элесин,
Карегимде — сактадым.
Эл тааныткан Током деп,
Эскерген Барпы жаш чагым.
Эсилим Токомду көрсөңүз,
Эмне үчүн айтпадың?
Эл тааныган акынсың,
Эп эмес сенин шашканың.
Эмне экенин түшүнбөй,
Эми жообун баштадым,
Бучкагыма теңебейм.
Бул ырдаган элди деп,

Барпы акындын барчыны.
Сага кезек келди деп,
Учкай айткан ырымда.
Ушунча неге мактандың?
Улуунун кайда таалими,
Уят эмеспи Актаным.
Қаруулашкан ким деген,
Қарыганча акыл кирбеген.
Қадырын элдин билбеген.
Қарыган топто «арыстаным»,
Жашаган жерим Жийде айылы.
Үч дайранын чатында.
Устатым менин Барпы акын,
Чаңгент сайдын башында.
Байларга малай болуптур,
Он төрт, он беш жашында.
Нелер келип, не кетпейт,
Эр жигиттин башына.
Он бешинчи жылында.
Жолуккан Током асылга.
Ошондон кийин таанылды,
Ордолуу кыргыз калкына.
Баа берген нечен акындар.
Батына албай акынга.
Теминген ага тең келбейт,
Таасын күлүк жан тура,
Барпыны ээрчип, үлгү алган,—
Бактым менин бар тура,
Көрдү, бирок турбады.
Эрмеги болгон атанын,
Көркү болгон апанын.
Болбоду туяк Барпыда.
Өткөндөн кийин өкүндүк,
Тирүүндө жетпей баркына.
Калкым — дайра толкуган,
Мен бир тамган тамчы да.


Ķапа болбо, Актаным,
Ķарыганда тийген «Ķамчыга»!
Он экимде жолуктум,
Орошон акын Барпыга.
Булагына ырдын сугарып,
Баштады Барпы калкына.
Туурунда түлөтүп,
Түшүнттү айтыш салтына.
Душмандык кылат жарчыга,
Жетпегени баркына!..
Начар ырчы деп койсо,
Намыс кылба, ар кылба.
Ķулаалыдай салпактап,
Ķала берет артында.
Дос сагаган сүйүнөт,
Атагыңа, даңкыңа.
Туура жүргүн, турмушта,
Тил тийгизбе Барпыга.
Барпы устаттын элинде,
О дүйнө сапар кеткенге.
Он беш жыл жүрдүм кеминде,
Толуктоо дайым киргизген.
Токтоп калган жеримде,
Жаңылып кетсем жаштыкта,
Жардамчы болгон кебиме.
Ķармашсаң кайра тартпа деп,
Ķарабай кадыр тегине
Ташыркатпай топко чаап,
Таптады берди, демилге.
Ашууга чейин алып барды,
Акындыктын белине.
Серпиди ажал Барпыны,
Сексенге чыкса эмине?
Топту көрсө элирген,
Тааеын күлүк жан эле.
Элеси бирге жүргөндөй,

Эстей берем дагы эле.
Эсиңе тут, Актаным,
Эмине деп жатканың.
Санаттын жетпей баркына,
Саркынды деп айтканың.
Ырыскың төгүп колуңдан,
Ыр түрмөгүн чачпагын.
Билими бар кишисиң,—
Баамда сөздүн арт жагын.
Саркынды эмес кел дегин,
Саралап ырды жазгандын
Ыр деген бүтпөс казына.
Ыксыз жакка чачпагын,
Салакасы тийбесин.
Сактангын аба, сактангын,
Эсиңе салам, Актаным.
Элиңдин болуп нөөкөрү,
Төгүп ырда, жазып жүр,
Эгиз деп бил экөөнү.
Баркына жеткен эл билет,
Деп Барпы акындын айтканы.
Үшүга барып такалам,
Ырын уксам башканын.
Сынбасын аба, назарың,
Сыңда деп ырдап жатамын.
Талашып элим окуса,
Тайирбектин казалын.
Элимде калса жазганым,
Экинчи өмүр базарым.
Оң менен сол дебесе,
Бир атадан тегибиз.
Казал ырда, санатпы.
Кем эмес айткан кебибиз,
Акын деп атым укпасаң,
Анда неге келдиңиз?
Биз жолуктук, тааныштык,

Буга эмне дедиңиз?
Сексен төртүнчү жылында,
Барпы толот кылымга.
Баркы бар киши турбайбы,
Байкап көрсөм мунун да,
Башталды той деп кабары.
Булуңдан кетип булуңга,
Түштүк-түндүк эл келет,
Топтолушуп чынында.
Бактылуу кыргыз акыны,
Барпы болот ырымда!..
Жыйырма жаш улуу жан экен,
Токомо Барпы бала экен.
Жүз жыйырма жылын Токомдун,
Куттуктагам жыйында.
Өнөрүң кызыл тилде дээр,
Элиңдин толсо сынына.
Карачы булар туш келген,
Кылымдын бир жылына.
Даңаза кылган шунчалык,
Даңктап жаткан ыры да.
Рыскулбектин беш каман,
Керимбай манап доорунда,
Адилеттик кылбастан,
Арамдык болгон оюнда.
Алымкандан ажырап,
Азаптын түшкөн чогуна.
Турганда дүйнө караңгы,
Туюкка камап адамды.
Теңсиздик ошол турмушта,
Токомду Барпы таап алды.
Баш кошуп эки залкарлар,
Башаты ырдын жаралды.
Ата-бабаң көрбөгөн,
Азыркы теңдик заманды.

Келгениңе ыракмат,
Кетмен-Төбө жеринен,
Алыскы Током элинен.
Унутпайм сендей абамды,
Эстей жүр, мендей баланды!..

# ЖЕҢИЖОКТУН ЖЕРИНДЕ



## АВАЗБЕКТИН ТОЮНДА

— 1988-жылы күзүндө атактуу Жеңижок акындын ырларын жыйнап, китебин чыгарган Асанбай Жусупбеков мени бир тууган иниси Авазбектин Баялы, Жаныбек деген уулдарынын тоюна чакырып барды. Анын үйү Аксынын Кара-Суу кыштатынын кеңирсиген өрөөн коктусу — Кез-Арт деген жерде экен. Ошондо Жеңижоктун жердештерине, элине минтип ырдаганым:

«Келген жерим, — сурасам,
Керилген Кез-Арт жер экен.
Келишкен жери — элине,
Кадимден кыргыз эли экен.
Кең капчыгай баш жагы,
Кетмен-Төбөгө ашчу бел экен.
Келсе Током — Жеңижок,
Күтүп алат дээр экен.
Алган менен түгөнгүс,
Алтындын жаткан кени экен.
Сары алтындай Саруу эли,
Сайрасам канча эп экен.
Санаамда мурда жүрчү эле,
Сагынып келген мен экен.
Канчаларды күйгүзгөн,
Каргаша өлүм чен экен.
Айтпай кантип коёлу,

Жеңижок абам — Өтөнү.
Жердеп өткөн жери экен,
Жайын айтып өтөлү.
Акындардын ичинде,
Билимдүүсү, көсөмү.
Акындын канча алпы өткөн,
Бирок Жеңижокко жетеби!..
Барпы абам — мага айтчу эле,
Жеңижокту көргөм деп.
Жетип көңүл бөлгөм деп.
Болосуң деп бала ырчы,
Батасын мага берген деп.
Ойлоп багып олтурсам,—
Жеңижокко ким келген?
Тоо булбулу — Токтогул,
Тоорулуп нечен бул келген.
Ныязаалы комузчу,—
Булар жолугушкан бир жерден.
Карасакал Эшмамбет,
Кайнап чыккан эмеспи.
Кара тилин таңдайга,
Кайрап чыккан эмеспи.
Кызыл тилин таңдайга,
Бүлөп чыккан эмеспи.
Кыйын чыгар акынды,
Сүрөп чыккан эмеспи.
Ошол —Эшмамбет келген Өтөгө!..
«Курманбекти куп айтып,
«Жаныш-Байыш» жомогун,
Келиштирип жуп айтып.
«Кедейканды» ырдаса,
Көпчүлүктү муңайтып.
Кара жаак акын атанган,
Калык келген Өтөгө!..
— Жеңижоктон үлгү алып,
Ныязаалы абамдан,

Түгөнбөгөн күү алып.
Кийин Токтогул аны таптаган,
Токтогулдун ишенчин,
Толугу менен актаган.
«Ак бакай» деп какшанса,
Элдин баары мактаган.
Мактоого тили так келген,
Ыр, күү менен комузу,—
Айкалышып бап келген!
Ошол Коргол да келген Өтөгө!..
— Кара Курман ырчы бар,
Бекназары кошулуп,
Карамырза курчу бар.
Казганактап эл турса,
Кошуп ырдап турчу бар.
Заманында сыйлашып,
Келип турчу ушулар.
Жазгандай болуп кеми жок,
Жез таңдай акын Жеңижок.
Жоргосу экен ырчынын,
Жорго салса чени жок.
Жергебизде эми жок.
Асанбай иним алып келди,
Айтылуу Аксы жерине,
Туулуп өскөн элине.
Таанышып элге кайткын деп,
Талап кылса айткын деп.
Учурашып ал деди,
Улардай үнүң сал деди.
Боло бербейт мындай той,
Армандан чыгып, кал деди.
Айткан сөзгө караңар,
Ошо өзүңөрдүн балаңар.
Сары алтын Аксы ичинде,
Бузулбасын араңар.
Адыр, түз, тоо, токойлуу,

Аскасы көп жер экен.
Алма менен жаңактын,
Түгөнбөгөн кени экен.
Кызыл оту көрпөдөй,
Өсүп турган жер экен.
Кара марты билектей,
Эчкилери кемирип,
Кетип турган жер экен.
Кара-Суу дарыясы күрпүлдөп.
Ташып турган жер экен.
Көбөйгөндөн эчкиси,—
Берекеси жеринин,
Качып турган жер экен.
Токойлору кыйылып,
Отун болуп жыйылып.
Кайберенин калтырбай,
Атып турган жер экен.
Көркүнөн кетип табият,
Барган сайын кайгыга,
Батып турган жер экен.
Жериңерде айып жок,
Жердин көркүн сактайлы.
Токоюн карап, барктайлы.
Эртең эле жетилет,
Балатысын чаппайлы.
Коктунун баары кекилик,
Муну кырып атпайлы.
Табият бизди кечирбейт,
Ачуу даамын татпайлы.
Биздикиндей жери жок,
Зар болуп көбү жатпайбы!..

— Ошентип, эл менен таанышып, көпкө ырдадым. Ошол элдин кутман карыясы Ырсалы жаныбызда бирге болуп, Жеңижок менен Токтогул, Эшмамбет менен

Коргол жөнүндө кеп уруп олтурду. Анан Жеңижоктун бейитинин үстүнө барып, куран окудук. Асанбай бейитинин үстүнө граниттен эстелик коюп, бетине бадырайтып «Жеңижок» деп жаздырып, комуздун, боз үйдүн сүрөтүн тарттырып коюптур.

Ошондо: Каза жетип, күн бүтүп,
Өлбөгөн пенде бар бекен.
Катынынан, кызынан,
Бөлбөгөн пенде бар бекен!
Кара жерге катмарга,
Көмбөгөн киши бар бекен?
Кайгысына өлүмдүн,—
Көнбөгөн киши бар бекен!
Ажалы жетип, күн бүтүп,
Өлбөгөн киши бар бекен?
Ага-инини элинен,
Бөлбөгөн киши бар бекен?
Аялыны, уулуну,
Көрбөгөн киши бар бекен!
Азабына өлүмдүн,
Көнбөгөн киши бар бекен?
Кан болсоң да өлмөк бар,
Кара жер астын көрмөк бар.
Бек болсоң да өлмөк бар,
Бекиткен жерди көрмөк бар.
Аркалап элдин намысын,
Ашып өткөн зоолорду.
Ызгаарына чыдашып,
Басып өткөн тоолорду.
Басынтамын деп келген,
Багындырган жоолорду.
Баатырларда өлмөк бар.
Барса келбес дегенди,
Баргандан соң көрмөк бар.
Акын да болсоң өлмөк бар,

А дүйнөнү көрмөк бар.
Ойчул акын Жеңижок,
Орошон акын экенсиң.
Ошону ойлоп дагы да,
Оомийин деп окуп батаны,
Ойлонуп жаш кары да.
Өлүм көзгө элестеп,
Эртеби-кечпи келет деп.
Оттонбу, суудан ким билет,
Ошол болот себеп деп.
Оң, Солдон келген меймандар,

Олтурабыз жанында, деп ырдап бүтүп, куран окуп кайттык. Келсек той башталып калган экен. Кыжылдаган эл көп. Авазбектин балдарынын тоюнда эр эңиш, көкбөрү, күрөш, байге дагы башка кыргыздын улуттук оюндары болуп жатты. Акырында мага да кезек келген де баштап турган жерим:

— Уул үйлөп, кыз бериш,
Илгертен элдин салты экен.
Тойдун көркүн чыгарган,
Торгой үндүү жарчы экен.
Алдуусу жеңип, алсызын,
Айтылып элде калчу экен.
Эгиздей болуп ээрчишип,
Жеңижок менен Токтогул,
Топ жыйынга барчу экен.
Алым сабак айтышып,
Мактоого да алчу экен.
Адашпай төгүп олтурса,
Уккандар таң калчу экен.
Жез таңдай акын Жеңижок,
Токтогулду ээрчитип,
Тойдон соң үйгө барчу экен.
Жеңижоктун Көксулуу,

Кабаттап төшөк салчу экен.
Атагы калды, өзү жок,
Акындар өттү дүйнөдөн.
Аялзаттын periси,—
Көксулуу көпкө жүрбөгөн.
Авазбек элге той берди,
Аял, эркек тең келди.
Кайненесин ээрчитип,
Келин келди тоюна.
Кызматташтар бирге өскөн,
Тенди келди тоюна.
Күмүш сакал карыя,
Чалдар келди тоюна.
Күлкүсүнө адам мас болгон,
Балдар келди тоюна.
Тайырбек ырчы келет деп,
Тоюмда ырдап берет деп,
Болбогондур оюнда,
Той берем деген азамат,
Тыйындан топтоп сом кылат,
Териден ийлеп тон кылат.
Козудан тандап кой кылат.
Сарпайга берем кийсин деп,
Сөз кылып айтып жүрсүн деп.
Берсесин чоң кылат.
Мактайт деп баркын билгендер,
Маараксесин зор кылат.
Айтылсын деп калкыма,
Аял, эркек жашына.
Калсын деп атак артымда,
Бердиртет кабар жарчыга.
Баш байгеси улактын,
Койгондор бар машина.
Кыргызда мындай той бериш,
Кылымдардан бар тура.
Мындай тойду бермекке,

Түрмөгү менен пул керек,
Тоннасы менен ун керек.
Пачкасы менен чай керек,
Бочкасы менен май керек.
Адиякеш келгенге,
Атилес керек, шай керек.
Помбаркут керек, чыт керек,
Калкты жыйып, той берсең,
Казына керек, күч керек.
Капа кылбай конокту,
Канча болсо дүйнөң бүт керек!
Элди ыраазы кыларга,
Тоодой болгон эт керек,
Кыла-Көлдөй чык керек!

— Деп ырдап жатсам бир жигит келип, балтасын колуна алып элге ыр угузбай тоңкулдатып отун жарып калды. Ошондо мен аты жөнүн сурап алып:

«Балтаны колго аласың,
Ыр угуп турса көпчүлүк,
Отун жарып, каласың.
Муну Нурдөөлөт деп жатышат,
Сейитбектин баласын.
Кетип калсам бул жерден,
Мени кайдан табасың!..
Ырдап жатсам бүт элге,
Тоңкулдаттың биерде.
Тартип жокпу силерде?
Жаңшап жатсам бүт элге,
Жанталашып иничек,
Отун жарат биерде.

Дегенимде бала балтасын ыргытып жиберип, кетип калды. Мен жанагы үзүлгөн ырдын аягын дагы уладым:

«Тойго бүтүн келиптир,
Алыс менен жакыны.

Бүгүн Жеңижоктун жеринде,
Мен болупмун акыны.
Таап айтып, беремин,
Мен эмес акын бакылы!..
— Таш-Көмүрдөн келиптир,
Сулумбай, Жолдош жездеси.
Ширин, Жүзүм, Барчакан,
Авазбектин эжеси.
Агылып келди баятан,
Булардын берген теңгеси.
Бири үстүмө тон берди,
Бири колго сом берди.
Бири Темир агасы,
Бири Сулайман, Улут тагасы.
Атын таппай отурам,
Бири Кербенден келген бажасы.
Сонунбек деп жатышат,
Жанымдагы баласы.
Биринен-бири чоң берди,
Азаматым Авазбек,
Эми ишим оң келди!
Темир деген агасы,
Таш-Көмүрдү казасың.
Жазуучу иниң Асанбай,
Ырды мыктап жазасың.
Тартуулап элге жатасың,
Ыр аттуунун тазасын.
Асанбектин Кубаныч,
Мактап ырдап турабыз,
Көпчүлүктүн бергенин,
Актап ырдап турабыз.
Атаң —Асанбек элди башкарган,
Эмгеги анын кем эмес,
Айтылган элде дастандан.
Азаматым Авазбек,
Ушулар сенин тууганың.

Эсенбек менен Акбалбан,
Көрчү кызмат кылганын.
Сарыкул, Мекен, Буламбек,
Намыска жарар бууданың.
Үч күндөн бери той болуп,
Акын деген ушундай.
Башыма нечен ой конуп,
Арык менен Момунбек,
Кесиптеши Коконбек.
Тууғандын бири Оконбек.
Комузчан турат Топонуң,
Акын чыгып кокустан,
Мени согобу деп коркомун.
Эл башкарып Момунбек,
Амангелди иниңе,
Абыдан айттың сонун кеп!
Турсунбек менен Аттокур,
Толгон жигит көрүнөт.
Эл башкарып, башынан,—
Болгон жигит көрүнөт.
Он жигитке бергисиз,
Сардар жигит көрүнөт.
Жүргөн жери той болгон,
Бардар жигит көрүнөт.
Сейитбек, уккун, ырымды,
Папирос чеккен Кеңешбек.
Бөкөлчүсү Масалбек,
Кубатаалы, Кубатбек.
Басып келип калыптыр,
Балыкчынын Туратбек.
Чоюлган Чомпол төрүндө,
Керилген Кез-Арт жеринде.
Унчукпасам уят кеп.
Ар бир сөзү чоң макал,
Акылга дыйкан, чоң сакал.
Төлөбайдай абаңыз,

Теке сакал жарашкан,
Шадыбектей агаңыз.
Калыбайда бир кыл жок,
Мына ушуну караңыз!
Табият деген ушундай,
Жетеби ага чамабыз!..

* * *

— Эми, карап турган көпчүлүк,
Уруксат бергин, кайтабыз..
Кең Аксыда болдум деп,
Барган жерде айтабыз.
Уруксат бергин, кетели,
Көздөгөн жерге жетели.
Ушул жагын байкаңыз.
Ушул турган Аксылык,
Мендей акындардын көбүнө,
Кылып келдиң жакшылык.
Ыраазымын келгенге,
Силердей эл-журтумду көргөнгө.
Силер ыраазы болуп койгула,
Анча-мынча бергенге.
Кокус нааразы болуп калсаңар,
А дүйнөгө барганда,
Жакадан кармап, бергин деп,

Кылбагыла шерменде!.. деп тамаша менен кайттык.
— Аксыга экинчи жолу 1992-жылдын 4-октябринде Аксы районунун «Кызыл-Туу» совхозунун дирекциясы «Түшүм майрамын» өткөрүү менен Жеңижоктун жердештери Асанбай Жусупбековду атайы чакырышыптыр. Аны чакырганынын себеби, улуу акын Жеңижоктун тоюнун өткөнүнүн бир жылдыгын белгилеп коюшканы жатышыптыр. Асанбай мени, белгилүү обончу жана дастан

чы Жолболду Алыбаевди, Рахматулла Козукеевди жана башкаларды ээрчитип барды. Бизди «Кызыл-Туу» совхозунун директору Сатканкул Картаев, анын орун басары Карамырза Кулназаров, Кубаныч Асанбеков Момунбек Четинбаев жана башкалар жылуу тосуп алышты. Ага чейин эле биз Асанбайдын үйүнө барып жатып, эртеси Жеңижоктун мүрзөсүнүн башына чыктык, колодон эстелик коюлуптур. Андан келе жатып, баягы Ырсалы Алыбай уулу карыя дүйнөдөн кайткан экен, ал жерге кайрылып бата кылдык. Жаңы салынган Жеңижоктун үй Музейин көрдүк, жанында Көксулуу атындагы белек-бечкек сата турган дүкөнү бар экен, музейдин эшигинин алдында Жеңижоктун бараандуу эстелиги заңкаят. Айтмакчы, Жеңижок атындагы орто мектепте да болдук. Мурун келгенде булар жок эле да. Жолдору оңдолуп, иреттелип калганын байкадык. Ошентип, тамаша өтө турган жер— Кабактын Дөңүнүн үстү экен. Бүт айлана Аксы өрөөнүнүн бир ныптабы алаканга салгандай көрүнүп турат. Атайын тигилген боз үйлөр, керилген жайыкта жорго салдырган, ат суутуп жүргөндөр андан көп. Бир жагында жарманке уюшулуп, айтор, майрамдык маанай тартуулайт. Чогулушту Картаев Сатканкул ачып, жетишкен ийгиликтерине, кемчиликтерине токтолду. Анан экинчи маселеге өттү. Анда өзүлөрүнүн жердеши Асанбай Жусупбековдун Жеңижоктун ырларын топтолгондугун, китебин чыгаргандыгын, мектепке атын алып бергендигин, эстелигин тургузууга көп аракет жасагандыгын эске алып, дирекциянын атынан бир жорго ат берилсин деген буйругун окуду. Сары кашка жоргону туура тартып мингизишти. Андан кийин Асанбайга иниси Авазбек бир кара кашка жоргону тугандары Арык менен Нуралы, Сейитбек, Саркул, Буламбектер бир карагер жоргону мингизишти. Аксылыктын колго жасаган сары тонун, ак калпагын эжелери Тажикан, Ширин, Жөжөкан деген

дер кийгизишти. Ошондо Асанбайды куттуктап ырдаганым:

ТАПЫРБЕК Экинчи жолу келишим,
Жеңижоктун жерине.
Амандашып алайын,
Башынан тааныш элиме.
Кагылам, калкым, Аксылык,
Дасторконуң кең жайдың,
Жоктун баарын таптырып.
Жарманкени жайнаттың,
Таппай жүргөн буюмду,
Өз баасында саттырып.
Муногу биз көргөн импорт буюмду,
Коюшчу бекем каттырып!..
Картайдын уулу Сатканкул,
Азаматтыгың билгиздиң.
Жеңижокту жазган деп,
Асанбай акын иниме,
Сары Кашка жорго мингиздиң!
Авазбек иним кулак сал,
Кара Кашка жоргону,
Таап келип мингиздиң.
Арык менен Сейитбек,
Нуралы иним Буламбек.
Саркул, Мекен баш болуп,
Башыңа сыймык бак конуп.
Бизден чыккан бала деп,
Жүргөн жери калаа деп.
Карагер жорго мингиздиң!
Сүйүндүрүп, досторду,
Душмандын көзүн күйгүздүң.
Тажикан, Ширин эжеси,
Бери жакта Акматалы жездеси,
Сары тон тандап кийгиздиң.
Асанбайдын бул кезде,

Төбөсүн көккө тийгиздиң!
Сатканкул берген Сары Кашка,
Сымбаты аттан бир башка.
Ырасын айтсам, туугандар,
Ылайык келди ырдашка.
Жолго түшсө жорголойт,
Камчы жесе такымга,
Андан бетер ойдолойт.
Ооздугун кемирет,
Жаныбар чарчаймын деп ойлобойт.
Аnык тулпар мал окшойт,
Алыс, жуукту болжобойт.
Чаткы аягы Чаткалдай,
Жамбашынын үстүнө.
Төшөк салып жаткандай.
Жон желгени чапкандай.
Бели ийилген капкандай.
Азуусу казык каккандай.
Азаматым, Сатканкул,
Муну Асанбай үчүн тапкандай!
Жаныбардын көркүн айт,
Үстүнө сарала килем жапкандай.
Кара Кашка жоргосу,
Анысынан калышпайт.
Жакшы чыккан жорголор,
Жаман ат менен жарышпайт.
Туушунда турат күч,
Басканында арыштайт.
Маңдайында келишкен,
Табактай болгон агын айт.
Айгырлыкка ылайык,
Мындай жылкы табылбайт.
Таптаган Саркул саяпкер,
Байгеге чуркаар табын айт.
Ал экөөнөн калышпайт,
Арык менен Сейитбек,

Нуралы, Мекен, Буламбек.
Мингизишкен жоргосу,
Муну минген жигиттин,
Жашы жыйырма бeште болсочу!
Муну байгеге кошсо байге алаг,
Калың кыргыз таң калат.
Улакка салса топ жарат,
Уккан адам таң калат.
Көкбөрүгө салса топ жарат,
Көргөн адам таң калат.
Шам чырактай көзүн айт,
Каздай мойну койкойгон,
Келишимдүү өзүн айт.
Кулундай болгон сынын айт,
Жалганын айтпай чынын айт.
Ашыкча айтып койбосом,
Мындай жылкы туулбайт.
Үстү тынчы кайыктай,
Туйлаганы балыктай.
Үстүнө минген жыгылбайт,
Сазга буту тыгылбайт.
Айтсам айта беремин,
Акындын ыры тыйылбайт.
Булбулу болгон Аксынын,
Барпиев Ызак турасың.
Асанбай иниң ат минди,
Азыр кызмат кыласың.
Куттук айтып ырдап кой,
Көпчүлүк угуп жыргасын!..

ЫЗАК БАРПИЕВ:

— Жакшы болду бул жерде,
Тайырбектей акындын,
Куттук айтып койгону.
Жандилимден куттуктайм,

Мингизген Сары жоргону.
Башыңызда суусар бөрк,
Артисттей кийдиң бормону.
Аксылык элиң чогулуп,
Кабактын-Дөңгө толгону.
Жеңижок ырын жыйнайм деп,
Азапты тартып жүрчү элең,
Бүгүн—мээнетиң кайтты болжолу.
Аксылык элиң ичинде,
Бүгүн сен болдуң олжолуу.
— Тил киргиздиң булбулга,
Канат бердиң туйгунга.
Байгеден сүрөп чыгардың,
Жеңижок күлүк дулдулга.
Бул сыйлыгың кут болсун,
Кубанта бергин кыргызды.
Тарта бергин жан үкөм,
Атактуу агаң Чынгызды.
Эмгегиң сиңсе элиңе,
Карматат колго жылдызды!..
Жеңижок акын абамдын,
Чачылган ырын тергенсиң.
Турмушта болду кыйындык,
Туруштук берип, жеңгенсиң.
Жеңгениң ошол эмеспи,
Китебин жазып бергенсиң.
Бирөөнүкүн мындай кой,
Өзүбүздүкүн чыгара албай
жүрөбүз,
Иним, чыныгы көк жал шерденсиң!
Эми, Ракматулла, иним, турбагын,
Козголуп азыр ырдагын.
Кагылайын көпчүлүк,
Ыр уксам дейт жаш-кары,
Тоскоолдук кылбагын.

РАКМАТУЛЛА:

— Тааныштырды Ызакем,
Жалпы Аксылык эл менен.
Жузүңөрдү көрсөм деп,
Жүздөшүп көңүл бөлсөм деп.
Ушул күндү дегдегем,
Акын болсом деп жүрөм,
Жаак, тилди сермеген.
Айтышса намыс бербеген.
Ызакем ырда дегенде,
Ырдабай койчу мен белем.
Таалимин алып жүрөбүз,
Тайырбек төкмө аганын.
Өз элиме келгенде,
Өрттөй күйүп, жанамын.
Эки бирдей жан агам,
Экөөң тең жолборссуң.
Тарбия алсам экөөңдөн,—
Оңой ырчы болбосмун.
Экөөңдө таза булак бар,
Канча ичкен менен тойбосмун.
Акындык өнөр кыйырда,
Намыс деген кыйында.
Анча-мынча акынды,
Мушташсам деле койбосмун!
Мунун баары тамаша,
Боло берет турбайбы,
Турмуш, шартка жараша.
Жеңижок менен Токомдун,
Арбактары колдосо,
Туюктан жолду табармын,
Абийиримди жабаармын,
Намысыңарды алаармын,

Кудай берсе өмүрдү,
Зор ишке мен да жараармын.

* * *

— Андан кийинки кезек белгилүү дастанчы, обончу Жолболду Алыбаевге берилди. Ал Жеңижоктун «Балам жогун», «Көксулуусун» өзүнүн «Чолпонум» деген дастанын айтып, элдин көңүлүн ыраазы кылды. Узун сөздүн кыскасы — Жеңижоктун жергеси Аксыдан өтө көңүлдүү кайттык.



# ДАСТАНДАР



## ЖИЙДЕГҮЛ

### (тарыхый поэма)

Кылымдар күбө ал кезде,
Каргашалуу кан болгон.
Канча журтту талаган,
Кысымы элге тар болгон.
Канга батып кайран эл,
Калысын таппай дал болгон.
Кайрылат дебе эскиге,
Кайгынын баары эскиде.
Каяша айткан кишини,
Кармап берип кердирген.
Кайчы менен чач кыркып,
Канчага азап бердирген,
Койдой кылып мууздап,
Эрки менен болушуп,
Казабыны кандардын,
Кашты искектеп тердирген.
Калкыма айтсам жеткире.
Эмне бар дебе эскиге,
Эзүүнүн баары эскиде.
Эстелик үчүн жазбадым,
Оозуна тиштеп жандарын.
Ордосун коргоп кандардын,
Окко учуп эрлер калганын.

Эсепсиз катын алганын.
Энелердин арманын,
Сумсайган кедей жигиттер,
Сүйгөнүмдү албадым.
Эркиндик теңдик заманда,
Эртесин кыз балдарын,
Элиме айтсам жеткире.
Жол боюнда көрсүн деп,
Жөндөп мамы кактырган.
Шишке сайган өлсүн деп.
Сыйыртмак салып астырган,
Жардыгыма көнсүн деп.
Жазыксыз эрди чаптырган,
Жашырынып калганды.
Жалынтып жүрүп таптырган,
Кабарын укса сулуунун.
Коркутуп элди табышкан,
Корсулдашып бектери,
Камчылап элди жеткени.
Кошомат кылып канына,
Кошо алып барышкан.
Күнөөсү жок немелер,
Кайгырып ичтен жеңелер.
Каргышын айтып энелер.
Канчасы ыйлап калышкан,
Коргонорго чеби жок,
Кандай бийлик кылышкан.
Көрбөйсүң завод-фабрика,
Кайсы жерге тургузган,
Кандык гана болбосо,
Куралы жок турушкан,
Кокус келген жоо болсо,
Кошундары чыгышкан.
Ийри кылыч, куу найза,
Ушуну менен урушкан.

Жекеге чыгып баатырлар,
Бетме-бет найза сунушкан.
Анда кайсы техника,
Атка минип барышкан.
Айласын таппай калганда,
Айылдан жигит алышкан.
Кара мылтык, шалк этме,
Карсылдашып салышкан.
Жалгыз уулу окко учуп,
Чал-кемпир ыйлап калышкан.
Элди эмес ал кезде,
Өз мансабын ойлогон.
Каргыш тийген кан бектер,
Казаттан жолу болбогон.
Кан төгүлсө мейли эле,
Калдык деп канча олжодон.
Жоо бүлүнттү салык деп,
Жарды журтту зордогон,
Кара кылды как жарган,
Карыя Касым чечен деп,
Ашкан сулуу, акылдуу,
Арманы жок жеткен деп,
Жалгыз кызы Жийдегүл,
Жанында бар экен деп,
Уруулуу журт угушкан.
Убадага бекем деп,
Алдына келет бир киши,
Акылдашып кетем деп.
Журт үчүн десе карыя,
Жардамын берер бекен деп.
Кабыл алса сунушту.
Калк күтүшөт нечен деп,
Тар кыяда жолду таап.
Тагдырыңды чечем деп,
Берди убада Касымда.
Мен үч күндө жетем деп,

Баатыр Ашым бир жүрсүн.
Жер чалганы кетем деп.
Жайыт бар жаштан билемин,
Жаткан камыш мекендеп.
Кечмелик таппай түз салды,
Ушул жерде мерчем деп.
Карыя акты, аты өлдү,
Кара-Дарыяны кечем деп.
Карт тарых күбө сөзүмө,
Кайгы эмей эмне?
Кан жуткуруп күнөөсүз,
Каргаша болгон элиме.
Каршы чыккан анда эл,
Кордогон кан бегине.
Казатта Ашым эр өлүп,
Кыз Жийдегүл тең өлүп.
Жетпеген максат тецине,
Экөөнү эл өңөрүп,
Качып келген калганы.
Кара-Дарыя жээгине,
Калыптыр бир түп жийде өсүп,
Камыштын орто ченине.
Калыс болгун окуучум,
Келдим сөздүн чегине.
Кайран жандар дегенди,
Кулак укса жеңил ээ,
Көзүң менен көргөндө,
Көкүрөк кысат демин ээ.
Кырчынында кыйылбай,
Күн көрүшсө эмине.
Кыз-жигитти көмүштү,
Кайгыга эл көнүштү.
«Жийделүү мазар» деп койду,
Жаштардын жаткан жерине.
Айланасы ал жердин,
Актал камыш чер экен.

Ар-турдуу жүргөн жапайы,
Ажалга бүткөн чен экен.
Ошондуктан андагы эл,
Барса келбес дээр экен.
Канча адам кирип чыкпаптыр,
Куу жыгач отун кесем деп,
Аралап камыш жүрчү экен.
Аюу, жолборс мекендеп.
Түлкүнү ээрчип карышкыр,
Турчу экен козу жесем деп.
Камышка кирип канча эл,
Кайтчу эмес экен нечендеп.
Ууга чыккан ат байлап,
Ушул жер тулаң бекен деп,
Басып калган жолборстор,
Барганда атың чечем деп.
Кайтпаган балдар токойдон,
Козу-улак кууп жетем деп,
Айланды кылым-кылымга.
Аттиңай кереңдүнүйө.
Боз топурак көп мүрзө,
Назар салсаң үңүлө.
Карыялар кеп салат,
Шейит кеткен деп калат.
Эки жаш жаткан мүрзөгө,
Өсүп чыккан гүлүнө.
Кызды жигит чакырып,
Үн салат деп түнүндө.
Кайсы жыл экен белгисиз,
Кара-Дарыя селдеп түрүлө.
Жийделүү мазар эми жок,
Түпкүрдүн кеткен түбүнө.
Боордош деген улуу сөз,
Бозоргон чөлдү гүлдөттү.
Багында булбул үндөттү.
Бирге бузуп дың жерди,

Бир ата уул-кызындай.
Бир-бирине дем берди.
Кара-кызыл шиңгилге,
Кыздардын толуп чеңгели.
Эркек-аял тең иштеп,
Эмгектин өсүп деңгээли.
Баш коштурду биримдик,
Бардык жерде элдерди.
Дарыя бөгөп, бак кылган.
Акталды элдин эмгеги.
Салам айттым куттуктап,
Сары алтын жүзүм бергенди.
Баш коштурган журтумду,
Биримдик, достук бел экен.
Тоодой тоскоол болсо да,
Тоготпогон эл экен,
Каарына алганда,
Каптап кирген сел экен.
Ук, замандаш, таңданба,
Акыныңдын ырына.
Айта келсек чынында,
Элдин бакты ачылды,
Жердин бакты ачылды,
Жыйырманчы кылымда,
Катарлап элим конушту,
Кара-Дарыя боюна.
Кыз алып жигит баш кошту,
Катыштым кээ бир тоюна.
Камыштуу талаа бир кезде,
Жүзүм бак совхоз болот деп.
Жийденин атын коёт деп,
Келбеген эч ким оюна.
Токой жок минтип өзгөрдү,
Тийгенде элдин колуна.
Жаткан талаа бозоруп,
Жер өзгөрүп баратат.

Жаңы турмуш жаңы шарт,
Тең өзгөрүп баратат.
Алп техника башкарып,
Эл өзгөрүп баратат.
Түрдүү жемиш сорт бөлөк,
Бак өзгөрүп баратат.
Таш үстүндө мөлтүрөп,
Жүзүм бутак жанашат·
Дасторкон көркүн чыгарып,
Жемиши турса жарашат.
Бүгүнкүдөн эртеңге,
Дагы өзгөрүп баратат.
Айырма жок шаардан,
Сайдын ичин карасак.
Болбогон деп кылымда,
Башка элдер карашат.
Түндө дагы тамаша,
Күлкү менен таң атат,
Көп улуттун өкүлү,
Бир туугандай санашат.
Ынтымактуу болгондун,
Ырысын кимдер талашат?
Күн батат да таң атат.
Күлгүн жаш өтүп баратат,
Кол куушурбай турмушта.
Кызматын элдин жарасак.
Мөмөсү турса ийилип,
Мөлтүрөп жүзүм шагы алтын.
Шербет суу менен сугарып,
Ширелүү болуп чыңалып.
Шиңгили турса кыналып.
Бупүйүп турган багы алтын,
Жемишин жеп аралап,
Жигит-кыз жүргөн чагы алтын.
Кайратын сынап дыйкандын,
Кара жер дагы өзү алтын,

Баш кошуп элим иштебей,
Байлык кайдан жаралсын.
Азыркы теңдик заманда,
Эч ким жебейт акыңы.
Таштуу сайды гүлдөттү,
Таалайлуу элдин акылы.
Эл менен бирге болбосо,
Эңгирейт адам бакылы.
Ойлогон ойго жете албай,
Ойрон болот акыры.
Ташты сыгып суу алган,
Жер каймагын чыгарган.
Эрки бекем элибиз,
Убадага туралган,
Улуулар жолун улаган.
Мелдеште жеңиш туу алган,
Жыйырманчы кылымда,
Жашаганга кубанам!

## ТАМЧЫ СУУ

Ар кайсыга жараган,
Абалтан берки жер экен.
Алган менен түгөнгүс,
Ачылып жаткан кен экен.
Алп денелүү асыл жер,
Аябаган неме экен.
Агызып маңдай терини,
Алган байлык эл экен.
Аракет кылсаң — берекет,
Артыла берет берекең.
Аптапка тосуп далысын,
Алтынга иши тең экен.
Алдына коюп максатты,
Ар-намыс эрге дем экен.
Алган жердин каймагын,
Азамат дыйкан эр экен.
Айтканым терме шербет суу,
Акактан бермет кымбат суу,
Ал суудан алыс кете албай,
Айланып көлдөн учкан куу.
Аяк-башы билинбейт.
Аскалардан аккан суу.
Ар жылгадан кошулуп,
Ат агызып, шашкан суу.
Күн тийсе — күмүш жылтылдап,

Кылымдын жолун баскан суу.
Чаңкаганды кандырып,
Чаалыксаң кубат тапкан суу.
Мөгдөгөндү тургузуп,
Мүрөктөй болуп жаккан суу.
Жаратылыш жашоого,
Жан киргизип, баккан суу.
Алтымыш жыл жүрсө да,
Айтчы неге түгөнбөйт.
Ар жылгадан кошулуп,
Аккан сайын үнөмдөйт.
Күн эритип, күндүзү,
Күңгөй беттен жылтылдайт,
Деңизге барып кошулса.
Көз жеткисиз кылтылдайт,
Кылымдан кылым аралап.
Көрчү неге жыртылбайт?
Кылыч менен чапса да,
Мылтык менен атса да.
Кесилбейт да тешилбейт,
Илгертен келген бүтүмгө.
Ичкен сууга түкүрбө,
Элим анда кесир дейт.
Булганса эгер бир жериң,
Сүртө албайсың нан менен.
Жуба албайсың май менен,
Чайкабайсың чай менен.
Табийгат берген жашоодо,
Таза кылат суу деген.
Жашың менен карыңа,
Жат эмес бул сөз барыңа.
Жаңылат дебе байкабай,
Жакшылап кулак салгыла.
Акынга койбой күнөөнү,
Айтканыма жарыя.

Жалындуу жигит маалында.
Ак көбүктөп таптаза,
Агып жатса дарыя.
«Ак алтын» эккен кыз-келин.
Ал сулуунун барат жанына.
Ак чардак болуп сүзүшөт,
Саратан ысык чагында.
Бойдок кыз чечет көйнөгүн,
Бой жеткен динар табынан.
Жаңылбай карап олтурсаң,
Жардын барып четине.
Акылыңдан танасың,
Ак кебездей этине.
Көкүрөктө кош алма,
Куп бөлүнгөн экиге.
Кыялданып ыр жазып,
Кыз алган менен сырдашып.
Кызыгы ошол дүйнөнүн,
Кыналса бой кечинде,
Баба дыйкан деген бар.
Керилип кетмен чапкандар,
Каймагын жердин чыгарып,
Калпып алып жаткандар.
Башкадан үмүт кылбастан,
Бармактап эмгек тапкандар.
Коонун жерден көтөргүс,
Дың жерден кыртыш чапкандар.
Куру кол калат ырыстан.
Багып алып алат атам деп,
Бел тутуп жаткандар.
Абалтан ушул Жер Эне,
Алдабайт элди деги эле.
Кала берет сүрүлүп,
Куру дымак баскандар.
Ар бир тамчы суусунда,
Агымын байкап жаткан бар.

Суу байлап түндө жүрбөсө,
Сырың билбейт башкалар.
Атасы эмгек, энеси —
Асыл Жер деп даңкталар.
Балапандай асырап,
Бүт эгинди баккандар.
Баркын билбейт дыйкандын,
Базардан алып жаткандар.
Аккан суу эгер болбосо,
Ал жерде бир чөп көгөрбөйт.
Ар кимиси казандай,
Атакең дарбыз өңөрбөйт.
«Ак алтын» пахта экпесе,
Ал талаа шаңга бөлөнбөйт.
Алдына коюп милдетти,
Ашыгы менен төлөнбөйт.
Аккан суу эгер болбосо,
Ак буудай өсүп буралбайт.
Айдаган менен картошка,
Акпаса суу түп албайт.
А кызылча, тамеки,
Алар дагы чыга албайт.
Ар дайым сууга жуунбай,
Адамда дене чыңалбайт.
Ашыгын күтүп алыстан,
Асылкеч барып суу албайт.
Ак эмгек акын алуу жок,
Алганың тосуп кубанбайт.
Бак дарак мөмөң болбосо,
Балдарың күтүп туралбайт.
Тамчы суу барган жерлерге,
Тукабадай түр жайнайт.
Көрктөнүп жер, көк шибер,
Кызыл-тазыл гүл жайнайт.
Боз чымчык, торгой, булбулдар,
Мукам-мукам үн сайрайт.

Тамырына кан жүрүп,
Түрдүү дарак бүр байлайт.
Куу талааны гүлдөтүп,
Күн көрүнгүс багы өсөт.
Жийде, өрүк шабдаалы,
Анар менен анжирди айт.
Ар түрдүү мөмө жаңы өсөт,
Алма, жүзүм шагы өсөт.
Коон, дарбыз, нак өсөт,
Ак буудай, арпа, шалы өсөт.
Сотосу соку билектей,
Жүгөрүсү дагы өсөт.
Көгүчкөн тумшук эмчегин,
Көйнөгүнө сүйгүзүп,
Кумарың айтсам сөз жетпейт.
Көксөтүп жанды күйгүзүп.
Келин, кыздар аралай,
Көтөрөт коон, анделек,
Көрктөнтөт дыйкан базарды.
Кайсынысын сал демек?
Көрө элек түрдүү мөмөлөр,
Көбү билбей дал демек,
Кылымдан кыргыз меймандос,
Каалаганыңды ал демек.
Алып сатар, соодагер,
Арзан берсе жан демек.
Түрүлүп жаткан түгөнгүс,
Түштүктө байлык бар демек.
Аракет кылсаң ар ишке,
Абийир конот, бак конот.
Алабарман болсоңор,
Арабөк деген ат конот,
Аралашпай андайлар,
Адамдык атка дак болот.
Ар түрдүү тиксең көчөттү,
Жетилип дарак-бак болот.

Күрдөөлдүү күзгө береке,
Кошулуп турган чак болот.
Аккан суу баркын билсеңер,
Ар үйдө болот токчулук,
Ак эмгектен үзүр таап,
Алыстайт элден жокчулук.
Ак кар көк муз кетерде,
Аба жиреп буу жүрөт.
Актай болуп жалтылдап,
Мөңгү астында суу жүрөт.
Ал аягын билет бир билсе,
Айланып Өрдөк, Куу жүрөт.
Ак буудайдын унунан,
Апакем камыр көптүрөт.
Аккан сууга жүз чайкап,
Асылдар карек чөктүрөт.
Сумсайтпай сүйгөн жигитин,
Сулуулар бетин өптүрөт.
Жети күндүк жамгырдан,
Желип өткөн сууну айткын.
Жан-жаныбар баарына,
Жан киргизет муну айткын.
Баркын эгер билсеңер,
Дыйкандын соруп далысын,
Саратан ысык тап берет.
Сызгырылтып денеңди,
Сынай турган чак келет.
Жатып ичер жан бакты,
Жалкоолор шондо мант берет.
Тоскоолдукту жеңмекке,
Толук ага шарт керек.
Тамчы суу текке кетирбей,
Тарай турган маш керек.
Тоодой үйүп кызылча,
Тонналап кант берет.
Таңгак кылып тамеки,

Сары алтын апкелет.
Ак кар баскан белестей,
«Ак алтыны» нак келет.
Ак ниет менен иштесең,
Ак эмгек таалай бак берет.
Дүңгүрөтүп дүйнөнү,
Таанытып элге даңк берет.
Талыкпастан иштесең,
Таалайлуу заман доорунда.
Мылтыгындай жоокердин,
Кетмениң турат жонуңда,
Техниканын жардамы,
Тез бүтүрүп коюуда.
Текке кетпей шербет суу,
Пайдалуу болсун оюнда.
Талаада түрдүү эгиндин,
Тагдыры сенин колуңда.
Карындаш, эже, жеңелер,
Күч сыначу курагың.
Кара жерди каңтарып,
Пайданы алар убагың.
Кажыбастан иштеген,
Кайратка кайрат бул дагын.
Ааламды чарк уруп,
Атагың кетет кылымга.
Эр жигит бактың табасың,
Элиңдин толсоң сынына.
Аракет күтөт дыйкандар,
Агарып таңдын атканы.
Келечектин түшүмү,
Керилип кетмен чапканы.
Жумушчу, дыйкан, талапташ,
Колхоздо иштеп жатканы.
Эсиңде болсун замандаш,
Айтпасам да башканы.
Таңгак кылып тамеки,

«Сары алтын» дыйкан бакканы.
Ак кар баскан белестей,
Ала-Тоо кылып пахтаны.
Алып берет сапаттуу,
Алп техника шактагы.
Көк кемени башкарып,
Канча азамат даңкталды,
Байлыкка байлык уланып.
Баарыбыз турсак кубанып.
Ак эмгектен таанылган,
Азаматтарды даңктайлы.
Жан-жаныбар күндүзү,
Жанын үрөйт бакканы.
Адам эмес кумурска,
Жемишин жерден тапканы.
Топуракты чокулайт.
Канаттуулар шактагы,
Жашоо керек баарыга,
Жашына да карына.
Бакытка эмгек жеткирет,
Бабалардын айтканы.

## САНАТ

Ийнелеп жипке тизгендей,
Ылаачын куштун канаты.
Ылаачындай жоо тепкен,
Ынтымак кыргыз жамааты.
Ышкылуу жаш карысы,
Ыр жандуу да адаты.
Катарлап жипке тизгендей,
Карчыга куштун канаты.
Качырганын куткарбас,
Кадимден кыргыз жамааты.
Канчалык айтсаң түгөнбөс,
Казына ыр дейт санатты.
Бутагына олтуруп,
Булбулдар сайрайт мынаке.
Бул өлүм чындык болбосо,
Бул адамдар канаке.
Санатты айтып ырдаган,
Сайраган ырчым мынаке.
Сап кылган өлүм болбосо,
Сахабалар канаке?
Адамзаат аслиси,
Колунан түшпөйт тасбиси.
Эшенди алган бул өлүм,
Эл ичинде эсеп жок,

Неченди алган бул өлүм.
Көпкө чейин сүйрөлтүп,
Кеселди алган бул өлүм.
Алышса аттан аңтарган,
Алп мүчөсү байкалган,
Ар-намысты туу тутуп,
Адилет сөзүн айталган.
Демиттирип жоо келсе,
Деңиз болуп чайпалган.
Каптап түмөн жоо келсе,
Каршы алып кайтарган.
Кырчылдашам дегендин,
Кылычтын мизин майтарган.
Баатырды алган бул өлүм,
Ырдагандан талбаган,
Өнөрүн элге арнаган.
Өлгүчөктү ыр ырдап,
Өмүрүн элге арнаган.
Күтпөгөн жерге барбаган,
Күткөн жерден калбаган.
Купуя сактап сырыны,
Куп айтпаса арданган.
Көңүл шат кылып ар кимди,
Кыялкеч кине албаган.
Акынды алган бул өлүм,
Өмүр шерик түгөйүң.
Шам чырагың үйдөгүң.
Айкалышып сыр чечер,
Аял затың түндөгүң.
Алганың өзгө жарашса,
Арзыбайт бойдок жүргөнүң.
Арзыбас ушак сөз үчүн,
Артынан аңдып жүрбөгүн.
Ар кимдер ар кыл кеп айтса,
Аялың андай деп айтса,

Көралбастын ушагы,
Көрүнөө койгон тузагы.
Көзүң менен көрбөстөн,
Ак караны бөлбөстөн,
Арманда калып күйбөгүн.
Артыңда из калтырган,
Ачкычы аял дүйнөнүн.
Катынды алган бул өлүм,
Жыла басып жөтөлгөн,
Жыл он эки ай көтөргөн.
Кыз төрөсө чачы улук,
Уул тапса аты улук.
Кээде төрөп эгизден,
Ак мамасын эмизген.
Ар түрдүү тамак жегизген.
Алкышын айтып балама,
Аябаса эл бизден.
Эненин аруу тилеги,
Басса турса дайыма.
Балага өмүр мүрөгү,
Бала деп согот жүрөгү.
Басынтпастан аял деп,
Барктап дайым жүрөлү.
Апаңды алган бул өлүм,
Айланайын уулум деп.
Аркамда калчу кулун деп,
Атанын наамын булгабас.
Адам болсо мунум деп,
Артындан көрүп кубанган,
Көрсөм деп сыйын булардан.
Атаңды алган бул өлүм.
Кызгалдактын түрүндөй,
Кызыл-тазыл гүлүндөй.
Кулакка назик сезилсе,
Кыз баланын үнүндөй.

Кээсинин ачык кабагы,
Булутсуз жайдын күнүндөй.
Кыялданат назданса,
Карап койсо күлүндөй.
Жазыла элек күнөөсү,
Жетилсе бироо булосу,
Кыздарды алган бул өлүм.
Чагылгандын огундай,
Электрдин тогундай.
Дүрт деп жанып кетчүдөй,
Табылдынын чогундай.
Курчтугу кылыч мизиндей,
Өзүнө өтөт сезилбей.
Жигитти алган бул өлүм,
Бир курсакты керишкен,
Тай кунандай тебишкен.
Эненин эки жагында,
Эки мама эмишкен.
Бой жеткенде чоңоюп,
Бир тилекпиз дээшкен,
Алышып ойноп жаштыктан,
Алгансып байге эңиштен.
Ак болгон алар максаты,
Алыс бол деп кейиштен.
Кысталганда келишкен,
Кыйналсаң жардам беришкен.
Агаңды алган бул өлүм.
Жан-жаныбар барына,
Жашоо бүтүп, өлмөк бар,
Таарыныч кимге айтасың.
Тагдырга салса көрмөк бар.
Жатындаштан баладан,
Жан чыккан соң бөлмөк бар.
Кара жерди кең казып,
Катмарына көммөк бар.

Элим бар деп ишенбе,
Элиң калат бир жерде.
Эрмектешер киши жок,
Ээн жатасың ал жерде.
Калкым бар деп ишенбе,
Калкың калат бар жерде.
Элден четтеп келмек жок,
Эшиги жок тар жерде.
Кара чымды жамынып,
Каласың бир күн ал жерде.
Качып чыгар эшик жок
Калганың ошол тар жерде.
Ажал келсе алкымдап,
Айтылбай калат арманың.
Анысын билдиң айла жок,
Аяктап өмүр калганын.
Ар жерден угуп жүргөнсүң,
Ал сөздүн таппай жалганын.
Азирети улукман да,
Аяктай жерге барганын.
Ак никелүү алганың,
Арканда калат балдарың.
Ар ким билет салмагын,
Аркалайт кимдин жардамын.
Күн чыгардын белгиси,
Тоо-тоодун башы жаркырайт,
Жан кетердин белгиси,
Көкүрөгүң каркырайт,
Тил күрмөөдөн кеткенде.
Бар тапканың татыбайт,
Түңүлгөндө жашоодон.
Тириликтин баркын айт,
Жаның барда жана дос,
Жардамың тийип турганда,
Жан бирге деген мына дос.

Жан таксым кылар чагында,
Жанына келбейт кана дос!
Кээ бир жигит дос болот,
Сулуу болсо алганың.
Алыска кетсең ал күтөт,
Аяштын жалгыз калганын.
Акылдын билбейт салмагын,
Алдоого кирсе кантесиң,
Аялың билет кантесиң.
Кээ бир жигит дос болот,
Короодогу малыңа.
Кыя карап көз артып,
Кампадагы даныңа.
Короодо малың түгөнүп,
Кампада даның азайса,
Качып жүрөт жаңкы дос,
Кайрылып келбейт жаныңа.
Кээ бир жигит дос болот,
Кызматың болсо колуңда.
Кыяматтык болом деп,
Күтүп турат жолуңда.
Кызматтан кетсең айдалып,
Кылчайып артын карабайт.
Кыйышпас деген дос кана?
Кылчалык ишке жарабайт,
Кээ бир дагы достор бар,
Кенебей алып жегенде,
Биле калат жанынан.
Бир жүз сомду бергенде.
Баягы качан болот деп,
Баштайт сөзүн көргөндө,
Тар жерде сындырып.
Адамды кылат шерменде,
Кыяматты болжошкон.
Кыйшайган ишти ондошкон,

Кыйындык жерде колдошкон.
Кыйышпас достон болсочу,
Акыретти болжошкон.
Адашкан ишти оңдошкон,
Айласыз жерде колдошкон.
Айныбас достон болсочу.
Арам ой жок ичинде,
Ак ниетти жактырган.
Адилет болуп кишиге,
Адамдын көңүлүн шат кылган.
Көралбастык кылбастан.
Кытмыр күлбөй каткырган,
О дүйнө сапар тартканга.
Ошондой досту жактырам.
Бул оопасыз дүйнөдө,
Эмне калат чынында.
Кылымдарды карытып,
Кылымдан өтүп кылымга.
Киндиктүүдөн жер калат,
Жер астында кен калат.
Катуу аккан сел калат,
Борошолуу жер калат.
Ашуусу бийик бел калат.
Ак кар көк муз кетпеген,
Асман мелжип зоо калат.
Ата-бабаң жайыттап,
Аралаган тоо калат.
Тоонун болгон салмагы,
Толуктоо сөз жок ар жагы.
Тонналап таш калат.
Тооруганда бул өлүм,
Топурактын астында.
Токтоору кары-жаштын да,
Томсоруп кайран баш калат.
Чечендерден кеп калат,

Чеки эмес айткан деп калат.
Адилет болсо айтканы,
Акындардан ыр калат.
Укумдан өтүп тукумга,
Ушакчыдан чыр калат.
Адамзат жашап жатабы,
Айтылган сөз бул калат.
Уккандын болор катасы,
Ушак сөздүн апасы.
Кечеги көргөн бүгүн жок,
Бүгүнкү көргөн түндө жок.
Көңүл сүйүп сүйлөшүп,
Көрөйүн десең үйдө жок.
Кеттиңби кайра келмек жок,
Келип элди көрмөк жок.
А дүйнө кетсең келмек жок,
Артыңда калган балдарды,
Амандашып көрмөк жок.
Авалыңды андагы,
Айтып элге бермек жок.
Аралашып балдарга,
Акыл-кеңеш бермек жок.
Кан болсоң да өлмөк бар,
Кара жер астын көрмөк бар.
Бек болсоң да өлмөк бар,
Бекиткен жерди көрмөк бар.
Алты күндүк жашоо баркына,
Акыл менен чечесиң,
Акыл менен чечпесең,
Аңкылдап жүрсөң бекерсиң.
Алдырсаң бактың колуңдан,
Аттиң деп жүрүп өтөрсүң.
Акылың өзүңдө болбосо,
Айткан менен бекерсиң.
Ойлонуп туруп иш кылсаң,

Ордуңду таап өтөөрсүң,
Олдоксон эгер жан болсоң,
Оолуккан менен бекерсиң.
Оюң жетсе жашоого,
Ой жагына чечерсиң.
Ойрондун болсоң да бири,
Ошол бойдон кетерсиң.
Кадырын билсең кишинин,
Кеңешип сырын чечерсиң.
Калжыңдаган жан болсоң,
Кайгырып жүрүп өтөрсүң.
Кызматын башканын билбесең,
Кыйынсынсаң бекерсиң.
Өткөн жылдын орду жок,
Кеткен күн келет кезеги.
Өткөн өмүр чеги бар,
Баарынын бар эсеби.
Кызматы бар байлык бар,
Кадырына жетеби.
Күүгүм кирди, күн кетти,
Кайрылып келбейт кечеги.
Кастык кылбай башкага,
Кадырлашсак дешели.
Капканын салат бир күнү,
Кайрылтпайт өлүм жетеби.
Жашыңар да карыңар,
Жазганым жаттап алыңар.
Жанымда болсоң ырдарда,
Жакшылап кулак салыңар.
Тактап алуу өзүңдөн,
Тайбасын таалай багыңар.
Өлчөмүнөн өмүрдүн,
Өтөм деген жаңылар.
Өксүтөт өлүм өмүрдү,
Өчөт бир күн шамыңар.

Өзөгүндө бар болсо,
Бири өчсө, бири жаңырар.
Бала экенден устатым,
Бактылуу ырчы Барпыда.
Баа берет кыргыз эл,
Баркын билген жарчыга.
Өнөр алды кызыл тил,
Өргө карай камчыла.
Өз элиң дайым эскерет,
Өнөрүң болсо тартынба.
Өзүң кетсең калкыңда,
Өрнөгүң калсын артыңда.

## ЖУМУШЧУ

Ак жаандай себелеп,
Акындар төгөт термени.
Ал жетпесе айла жок,
Ар кимдин эмес эрмеги.
Ак таңдай деп аталмак,
Адашпай ырдап бергени.
Ар сөзүңдү кынапта,
Анын да болсун деңгээли.
Ааламга даңкы угулган,
Алтын колдуу элдеги.
Ал жөнөкөй жумушчу,
Ак ниет кылган эмгеги.
Алар үчүн арналмак,
Айтылган терме мендеги.
Журтумдун көрүп жыргалын,
Жумушчуну келди ырдагым.
Жумушчу табы бүтүрөт,
Жашоонун сансыз ыргагын.
Башында акыл, колдо өнөр,
Айтсам дейм анын сырларын.
Айланып айыл шаарга,
Заңкайган жайды курганын.
Ильичтин шамы нур берип,
Ар үйдө жанып турганы.
Ак эмгек күчүн элге арнап,
Ак ниет кызмат кылганын.

Ат менен жүрүү эми жок,
Акылга туткун бул жагын.
Аркырап желдей автобус,
Айлыңа жетип турганын.
Ак булут ширеп самолёт
Акыл жеткис шул жагын.
Айлык, жолду азайтып,
Аш бышым да турганын.
Бара жатат параход,
Баш ийип деңиз, сууларын.
Айткым келет дайраны,
Арыктай тосуп бурганын.
Темирди жууруп камырдай,
Тез эле гигант курганын.
Какшыган чөлгө гүл өнүп,
Булбулдун уктук ырларын.
Асканын ичин жаңыртып,
Ачып салды сырларын.
Нефтисин суудай агызып,
Күйгүздү үйдө көк жалын.
Дүрбүлөп тапты түпкүрдөн,
Көмүрдүн кайда турганын.
Ала-Тоо ичин жаңыртты,
Алп паровоз бул дагын.
Алыстан 'сөздү апкелип,
Ар жактан тартып зымдарын.
Ильичтин шамын жеткирди,
Жылдыздуу болуп кырларың.
Учугуңду узарткан,
Куу жүзүңдү кызарткан.
Жумушчу деген эл өзү,
Билип ал курбум бул жагын.
Даны менен санаасы,
Дыйкандын элем баласы.
Каймагын жегин калпыбай,
Жумушчу болдум карачы.

Кабагын бүркөйт атакем,
Ордунан чыкпай санаасы.
Топурак чийбей, жер айдап,
Шаарлап кетсе баласы.
Кесибиме баа бербей,
Кетти дей бер бекер чамасы.
Колунда шайман сокосу,
Трактор матор жарагы.
Жумушчунун колунан,
Бүткөнүн билбейм жанагы.
Андан бери ойлосоң,—
Айланып турмуш барасы.
Ал күн менен бул мезгил,
Асман жердей арасы.
Апамда келсем кападай,
Ачык сырын айталбай.
Жайлоого чыгып мал бакбай,
Шаарлап кеттиң дардактай.
Пайдалуу ишке көнсөңчү,
Качып жүрүп жан бакбай.
Бирок апам көздүү жан,
Атлес көрсө умсунган.
Кездеменин келишкен,
Гүлдүүсүнө кол сунган.
Аттиң ай апам билсечи
Аны токуп гүлүн ким баскан.
Бири эриш болуп бири аркак,
Суу өтпөй тыгыз арасы.
Жумушчу дыйкан бир бүтүн,
Бир максат бирдей санаасы.
Шакылдап токуп кездеме,
Көңүлүмдү шаң кылар.
Токуучу чебер кыздар бар,
Жүрөккө жакын жан булар.
Ырахмат айтып ишине,
Жылмайса турат көп сырлар.

Болот балка колумда
Слесардык кыламын
Станоктун жанында,
Үйрөнүп үнгө кулагым.
Кайталангыз миң кайрык,
Музыкадай угамын.
Бир минут кымбат билгенге,
Жооптуу жумуш бул дагын.
Темирдин билип сырларын,
Аткарып милдет турамын.
Мастерлер айтат кеңешин,
Билбесем сурап угамын.
Айылда жүргөн өспүрүм,
Угуп ал салып кулагың.
Айылда сендей бала элем,
Шаардын шартын билбеген.
Көп болотко дегенмин,
Ачууланып тилдеген.
Тек гана көрүп жүрбөсөм,
Техника сырын билбегем.
Туулгандан баарысын,
Билип алган ким дегем,
Жыл айланбай достоштум,
Жумушчу деген эл менен.
Кийими кемзил комбинзон.
Өнөрдү билет миңдеген.
Билбеген жерин үйрөтүп,
Бирге иште дейт биз менен.
Жаман айтып какпастан,
Жаңылба деп аяшкан.
Жардамын дайым көрсөтөр,
Жолдош таптым алардан.
Адилеттик чындыкка,
Ар дайым үлгү болушкан.
Тили түркүн дили бир,
Мууган таптым орустан.

Алдына койгон милдетти
Ашыгы менен аткарган.
Эпкиндүүсү эмгектен,
Үлгүсүн берип баштаган.
Эмгектен үзүр тапкан бар,
Эркек-аял жаштардан.
Карап туруп таң калам,
Калкымдын жумуш кылганын.
Катар-катар курулуш,
Көз тайгылтып курганын.
Шакылдатып станок,
Ичинде иштеп турганын.
Көрбөсө көзгө илинбей,
Көп иштер бүтөт билинбей.
Кошулуп бирге иштейсиң,
Бири ага бири инидей.
Кийими кара ниети ак,
Кең пейил көлдө иримдей.
Жаш жигит кыз жароокер,
Жайдары басып буралып.
Жумушун бирге бүтүрүп.
Жүрөккө-жүрөк кыналып,
Жанаша басып жанында,
Жүргөндөр бар сыр алып.
Жумуштан кийин бийлөөгө,
Жума сайын барышат.
Жалындуу жаштар шондо да,
Өз ара кеңеш салышат.
Кетсе кимден кемчилик,
Бетке айтып сындап калышат.
Ар улуттун өкүлү,
Акылдашып алышат.
Сүйлөшүп жүрүп кыз-жигит,
Сүйгөнүн мындан табышат.
Айдан алып топурак,
Конуп жаткан жумушчу.

Академик, илимпоз
Болуп жаткан жумушчу,
Калем алып колуна,
Акын болгон жумушчу.
Эмгекте да эл коргоп,
Баатыр болгон жумушчу.
Тайгак кечүү тар кыяда,
Жолго салды жумушчу.
Аракеч кээ бир жалкоону,
Колго салды жумушчу.
Адашканды адилет
Оңго салды жумушчу.
Кысталганча жардамын
Берип турду жумушчу.
Тоодой тоскоол болсо да
Жеңип турду жумушчу.
Ак ниет эмгек сүйгөнгө
Теңеп турду жумушчу.
Ынтымак барда ырыс бар,
Ынтымак кылып көп элди,
Баш коштурган жумушчу ал.
Николайды кулаткан.
Таш сепилин ураткан.
Кан жыттанган короосун,
Замбирек менен буза аткан.
Эмгекчил элди ээрчитип,
Туруп алды жумушчу.
Жаңы заман теңдикти
Куруп алды жумушчу.
Эркекче жеттиң теңдикке.
Эми жок кыздар арманың.
Кездеме, шайы, чыт,токуп,
Өнөрлүү болду бармагың.
Техниканын билип тетигин
Ар-намысты кармадың..
Шериктеш кылып кеңдикти,

Алып берген теңдикти.
Гүлдөтүп жаткан жумушту,
Билсеңер кыздар жумушчу.
Көп көргөн эл зоокада,
Кете албай унаа калганын.
Кемпирлер түшүп атынан,
Келиндер алып балдарын,
Бастырбастан бетке чаап,
Борошолуу күндөрдө.
Каптаган булут сөгүлүп,
Кайра көчүп жүргөнгө.
Аалаамат болуп күркүрөп,
Ашуугa жарым жеткенде.
Асканын ичин жаңыртып,
Көчкү жүрүп кеткенде,
Артына кайра бура албай,
Ат жыгылып, чал учкан.
Айланайын ботом деп,
Апасы калып, бала учкан.
Алдынан барып тосо албай,
Айдаган канча мал учкан.
Артынан барып көрөм деп,
Ач көз митаам бай учкан,
Аралап улуу тоолорду,
Адам өтпөс коолорду.
Асфальттанган жол кетти,
Азаптуу ашуу жок орду.
Алп мүчөлүү жумушчу.
Асканы жыгып томорду.
Байлыгын кошо шиpеди,
Батканда жерге күрөгү.
Кажыбас чоюн билеги,
Жалындан бүткөн жүрөгү.
Жумушчунун колунда,
Жашоонун соолбос мүрөгү.

Бири иштесе баары үчүн,
Баары сүрөт бирөөнү.
Ардактуу адам жумушчу,
Аткара билсе жумушту.
Кайберен менен катарлаш,
Зоодо жүргөн кыргыздар.
Кылымдар күбө көчмөн эл,
Тоодо жүргөн кыргыздар.
Төрт түлүк малга жай издеп,
Белде жүргөн кыргыздар.
Алган менен түгөнгүс,
Кенде жүргөн кыргыздар.
Алтын, күмүш нефти, бар,
Жерде жүргөн кыргыздар.
Канаттуу өтпөс зоону ашып,
Көк мөңгүсү кетпеген,
Капчыгайда баратып,
Кой кайтарып чой-чойлоп,
Басып жүрүп билбеген,
Кайрып коюн талаада,
Жатып жүрүп билбеген.
Капталды жара чабарын,
Кара алтынды табарын,
Калпып байлык аларын.
Кыргыз эли түгөткүс,
Кылымдан-кылым каларын.
Жайыт издеп жайлоодо,
Ашып жүрүп билбеген.
Аска тоолуу жеринен,
Ар түрдүү баалуу кен чыкты.
Түпкүрдөн таап байлыкты,
Жумушчу деген эл чыкты.
Аркы өйүзүнө жете албай
Айдаган канча мал аккан.
Кечмелик таап кече албай

Келин-кыз жигит чал аккан.
Алп жүрөктүү жумушчу
Алкымдады Нарынды,
Ала салып кете албай
Акыры бизге багынды.
Акын Током ГЭСи деп
Ильичтин шамы жагылды.
Адам үчүн арналды,
Ар бир тамчы агымы.
Баткенде деңиз жаралды,
Мөлтүрөп тоонун суулары.
Төркүлөп мында келишти
Ысык-Көл, Соң-Көл куулары.
Кылымдар жаткан бозоруп,
Керимсел жүрүп бозомук.
Дейт элең күнбү жалынбы,
Сактай албай жаныңды.
Тамчы сууга зар болгон,
Талаасы бермет тагынды.
Ар түрдүү эгин эгилди
Асылы мол алынды.
Жумушчунун күчүнө,
Тешилип тоолор багынды.
Какшыган чөлгө гүл өнүп,
Ким ачты таалай багынды.
Ааламга аты таанылды,
Кыш чилдесин билбейсиң
Кынаган кышты ким дейсиң.
Ийрини түзөп балкасы,
Иш бүтүрүп балтасы.
Жыргатып койгон жаңы үйгө,
Жумушчунун аркасы.
Жумушчу бизге бел болот,
Кара-пайым эл болот.

Эже, жеңе, карындаш,
Келин мында жумушчу.
Улуту башка максат бир
Теңиш мында жумушчу.
Катуу тийбей кишиге,
Сиз деп жаткан жумушчу.
Кандай ишке чакырса,
Биз деп жаткан жумушчу.
Жакшылыкка жаштарды,
Беттеп жаткан жумушчу.
Жамандыктан жүз буруп
Четтеп жаткан жумушчу.
Кечеги кандуу жылдарда,
Куралды алып колуна
Кирпик какпай тыным жок,
Кары-жашы чогуу да,
Жеңебиз деп фашистти,
Ишенич болгон оюнда.
Жашайт биздин муундар
Жаңы заман доорунда.
Касташканды талкалап
Жеңип чыккан жумушчу.
Күрөштөрдө жардамын,
Берип жаткан жумушчу.
Көп улуттан биригип,
Келип жаткан жумушчу.
Айга чейин жол салып,
Барып жаткан жумушчу.
Атомдун ишин тынчтыкка
Салып жаткан жумушчу.
Төгөрөктүн төрт бурчу,
Таанып жаткан жумушчу.
Туулгандан жүрөктө,
Оту болгон жумушчу.

Улуу Ленин атанын
Досу болгон жумушчу.
Бучур жарып айланам
Бурдөп жаткан убагы.
Айланып айыл шаарга
Гулдөп турган убагы.
Бут дуйнөну тынчтыкка
Үндөп турган убагы.
Түбөлук тынчтык орносун,
Тилеги элдин бул дагы.

## ЭКИ ЖАШ

Кылымдар келет кадырлап,
Кыргыздар өздүк акынын.
Көргөнү келем жайлоого,
Колхоздун эмгек баатырын.
Агадай берип кеңешин,
Инидей көрдүм жаркынын.
Туралбайт тилдеп жиберет,
Тууганын да жакынын.
Жаңылсаң берет насаатын,
Ай караңгы түндөрдө.
Жаан жааган күндөрдө,
Тайгылып тар кыяда.
Табалбай малын жүргөндө.
Келсең берет жардамын,
Көрбөдүм алар бакылын.
Жибектей жумшак мүнөзү,
Жигит, кызы картынын,
Жылына алып отпуска,
Жер көрөм алыс, жакынын.
Малчы, койчу, жылкычы,
Аралап алат чатырын,
Кыдырып тоо кырларын.
Койчунун угам ырларын.
Катар желе кулундар,
Көркү дечи жылганын.

Күлкүсү кубат, сөзү дем,
Кымыз сунган кыздарын,
Тонналашып сүт алган.
Торпогу семиз күч алган,
Алдына койгон милдетти.
Ашырып план бүт алган,
Алдыңкы саанчынын,
Ак ниеттүү малчынын.
Канчасы менен сырдаштым,
Байтал бээнин бал кымыз,
Берип турган кыздарын.
Канчасы менен сырдаштым,
Ак чөлмөк ойноп эриксек.
Ай жарыкта бир бастым,
Ак эмгек адал сүйүүңө,
Аларга арнап ыр жаздым.
Аркайган бийик Ала Тоо,
Аскасы көккө тийгендей,
Арасын мөңгү каптаган,
Ак тукаба кийгендей.
Айланат зоодо бүркүттөр,
Канаты булут тилгендей.
Кабагын түйүп жер карайт,
Алар жемин билгендей,
Кыргоол, тоодак, уларлар,
Карагай черге киргендей.
Жаман сары жар бойлойт,
Жаш балапан илгендей.
Булбул күкүк үн салат,
Түн пардасын сүргөндөй.
Чокуда шибер ыргалат,
Күн нуру тийсе сүйгөндөй,
Жылкычы болуп чакчыгай,
Жылгада жигит күлгөндөй,
Булактын суусу шылдырап,

Боюнда кыздар жүргөндөй.
Кыялым тартат булакка,
Күлкүсү кыздын кулакта.
Кыналышып бир басып,
Кыз жандоочу убакта.
Астына салып уйларын,
Алыстан бир жан көрүндү.
Кыз экен жигит деп турсам,
Кыялым шого бөлүндү.
Астындагы күлүгүн,
Алчаңдатып бастырып,
Кечигет деп саандан,
Келаткандай шаштырып.
Кыналган бою тал чыбык,
Көркко бүтүп калгандай.
Көрсө кумар кангандай.
Оролгон белге тулаң чач,
Оймок ооз калем каш.
Ооджуй түшүп кылат наз.
Он сегизге барган жаш,
Кылсам керек улуулук,
Келиңиз деди бурулуп.
Кыл кыяктай обону,
Кыздан назик угулуп,
Амансыңбы карындаш,
Аз чыгар сендей табылбас.
Ашык кылган милдетти,
Азаматсың жалын жаш.
Келгенден бери аралап,
Канча жерин өрдөдүм.
Кыйындыкка баш ийбес,
Кыздардан сендей көрбөдүм.
Милдет коюп алдыма,
Колхозум менин бактымда.
Эр-аялга теңдик бир,

Кубанам мындай бактыма.
Кытыгылап кыялымда,
Кызыгы кандай жашчылык.
Кыз менен бирге келатам,
Кыяда атчан бастырып,
Карасам карек чаптырып.
Кыз жылмайды наз кылып,
Кайрадан ышкым козголуп.
Кыялын турдум жактырып.
Аңгыча чатыр көрүндү,
Айдаган уйлар бөлүндү,
Аныктап сырды биле албай,
Алагды кылдым көңүлдү.
Отору бирге жамаатташ,
Отурган чатыр канатташ.
Ордунан турду козголуп,
Ондогон сулуу калем каш.
Ак халат кийип боюна,
Ак чака кармап колуна,
Аралап кирди ал кызда,
Алардын барып тобуна.
Милдеттенме алганы,
Төрт миң литр кем эмес,
Чындыгында жеңиш зор.
Бул ийгилик чек эмес,
Үлгүсүн алып жаштыктан,
Үйрөнүп кимден машыккан.
Үлгүрбөй калат эсепчи,
Улам тактап жазыштан.
Жайдары экен мүнөзү,
Жанагы кыз Салкынай,
Жанаша келди бир өзү.
Жат экен деп тартынбай,
Жакын барсам жанына,
Жайлоонун гүлү жыттанат,

Жактырып жүргөн боз балдар,
Жетер бекен баркына ай,
Көркүн көрчү жайлоонун,
Колотто суусу бөлүнгөн.
Кулпунуп турган чөптөрү,
Көк тукаба көрүнгөн,
Аңкыган жыттуу жел согот,
Аралап жүрсөң төрүнөн,
Ар түркүн гүл жайнаган,
Ажыратылгыс өңүнөн.
Ак мөңгүнү мүрөк дейт,
Айтылбас бул сөз төгүндөн.
Алча, чие, карагат,
Алмасы бышып төгүлгөн.
Атчан жүрдүм кыз менен,
Ал күндөр кетпес көңүлдөн.
Арыгы семирип казы алган,
Арпадан күчтүү чөбүнөн,
Ак ниеттүү малчылар,
Арбын алып төлүнөн,
Асырап баккан чарбасын.
Аман сактап өлүмдөн,
Жадымда тутуп баратам,
Жалындуу жаш убакты,
Жалынсам кайра келбейт ээ,
Жыйырма беш куракты.
Жашыл манат шиберлүү,
Жээктеп барып булакты.
Жанымдагы Салкынай,
Жайды көпчүк — куракты.
Жакшы билбейм мүнөзүн,
Жайын билбей мен айтсам,
Жаза тайсам кокустан,
Жаш кыз дейби бур атты.
Жалооруп турса ич күйөт,

Жан эритип ирецки,
Жанашат мага ансайын?
Жашырын сырды билеби?
Жайдары экен мүнөзүң,
Жагалданып, күлөсүң.
Жашырын сыр болбосо,
Жаадында кимди сүйөсүң.
Жалындуу жаштан теңин тап,
Жашабайсың бир өзүң,
Салкынайга жай гана,
Сөз учугун узаттым.
Сумсая карап баш ийкейт,
Сурандым сулуу узарткын?
Мөмөсү турса мөлтүрөп,
Жүзүмдү кимдер жебесин.
Сулууну көрсө суктанып,
Сырдашым болсун дебесин.
Кыз турса кыял кылтактап,
Кылчайып кайсы эр келбесин.
Жыл өткөн сайын алыстап,
Жылдыздай жанган убагым.
Жылга алмашып ай күндөр,
Жыйырмада курагым.
Жылганын ичин жаңырткан,
Жигитти күтүп турамын.
Аз күндө болот тоюбуз,
Агажан калгын сурарым,
Акылдашып сырдашуу,
Адамдык го бул дагы.
Күткөнүң, барбы дегениң,
Кубанычты укту кулагым.
Таанаштым баатыр чабанга,
Таркабай жүрөт кумарым.
Астыртан чалма салбагын,
Аңдуунун күтүп убагын.

Жалындуу жаштык курагын,
Жүрөгүндөн сурагын.
Ала качсаң кокустан,
Анда кимге убалың?
Опкоолжуйт жүрөк караса,
Олтурабыз жанаша.
Оюңда сырды билгендей,
Ошентип кылды тамаша.
Атасы кыздын Калкабай,
Адаты барбы калчамай?
Адамды сынап көз менен,
Акылга салып чалкалай.
Көптү көргөн көсөмгө,
Сүйлөшүп киши байкамай,
Айтылган ар бир сөздөрү.
Аңдаганга нускадай,
Чиелеген алтынды.
Чебер зергер устадай,
Акылы дайра киши экен.
Адашсаң жөлөк туткадай.
Күндүзү той башталды,
Күн алмашып түн өттү.
Ак куудай калкып ал эми,
Айланып издейт түнөктү.
Аттандыр кызды дегени,
Ачыштырды жүрөктү.
Караңгы жандап Салкынай,
Катарында кыз өттү.
Кош эми акын агай деп,
Кармады колум бир өптү,
Кыялданып **олтуруп,**
Колума алдым каламды.
Даңктап эмгек сүйүүнү,
Билгим келди чамамды.
Ырысы тилде ырчынын,

Ушул сөздөн танамбы.
Туурасын айтсам Ата Журт,
Турмушта сына баланды.
Ар-намыс сый, эмгекте.
Дебесин эл баягы,
Жашоодо тапкын теңинди,
Жаштарга калды аягы.

## АЯЛДАРГА

Аял үйдүн чырагы,
Аял эрдин ынагы.
Аялсыз дүйнө караңгы,
Аял турмуш булагы.
Баамдасак — аялдар,
Балык эмес суудагы.
Жазында жайнап, кышында,
Соолуп калат гүл дагы.
Түнүндө Ай, күндүз Күн,
Жарыган менен түн дагы.
Күндүзү бар түндө жок,
Батып келет Күн дагы.
Күнү түнү биргесиң,
Базардай болуп үй дагы,
Аялга теңдеш таппайсың.
Айтылганда шул жагы,
Баркташсаң беш күн өмүрдө.
Бактың го балдар бул дагы.
Ыракатың шунчалык;
Билеби келин-кыз дагы.
Бириң болсо карындаш,
Бириң болсо жеңесиң.
Бири жаңы колукту,
Балдарга бириң энесиң.
Байыртадан эркекке,
Байыр алып келесиң.

Азапты бирге жеңишип,
Адилет күндө теңештиң.
Баш кошуп түрдүү иштерде,
Барына жардам бересиң.
Барктайбыз дайым силерди,
Баш иебиз, энесиң.
Бороон келсе тоготпос,
Багытын бузбас кемесиң.
Бет алып бирге келесиң,
Бул турмуштун сересин.
Бой кыйналып барганда,
Бул чакты кимдер ченесин.
Балдан ширин сөзүңөр,
Балкытат киши денесин.
Барктaлбас бала, эр көрксүз,
Болбосо аял сезесиң.
Чайпалбас да төгүлбөс,
Соолубаган немесиң.
Кылымдар өтөт, бирок сен,
Кемибечү белемсиң.
Барктасын ар киши деп,
Баштады акын термесин.
Айткым келди санаттап,
Аялдар таңын атканын.
Алардан чыгып даңктуулар,
Ак ниет иштеп жатканын.
Тетигин билип темирдин,
Техниканы башкардың.
Тоготпой кыштын ызгаарын,
Төрт түлүк мал бакканың.
Саашып силер жараткан,
Сүт көлүн көрдүк акканын.
Ар кандай жарыш, мелдеште,
Алдыңда болдуң качпадың.
Алыбыз жетпейт андайга,
Аялбыз деп айтпадың.

Ач чеңгел фашист келгенде,
Автомат кармап аттандык.
Эрегишкен жоо жеңип,
Эр жигит салтын актадың.
Алаамат күндө бир туруп,
Ар-намысты сактадың.
Аалам эли билишет,
Асмандын сырын ачканын.
Арбашып дайым ооруга,
Ажалга бөгөт басканың.
Билимдүү болдуң кыз-келин,
Бактыңды ошол тапканың.
Караңгы элең бир кезде,
Карачы томдор жазганың?
«Ак алтынды» мол алып,
Устаты болдуң пахтанын.
Баатырын көрдүк эмгектен,
Төшүнө орден такканын.
Тез эле гигант курдуңар,
Теңиндей болгон асканын.
Заңкайган тоону тештиңер,
Талкалап анын таштарын.
Жумушчу болуп биз менен,
Жаштарды алга баштадың.
Эркектер менен тең иштеп,
Эмгегиң менен жакканың.
Ак эмгектен үзүр таап,
Ардакталдың, даңкталдың.
Түндө туруп эмизип,
Түрдүү тамак жегизип.
Бала өстүрүп бакканың.
Ысыкта бирге болушуп,
Суукта бирге тоңушуп.
Алган жарың барктадың,
Кысталсак бердиң кеңешти,
Шашпагын жарым, шашпагын.

Андыктан селки силерге,
Арналды менин айтканым.
Ак пейил кылган кызматың,
Акталат деп жатканым.
Шаар көрүү анда жок,
Шартына үйдүн багынган.
Энеге туугаи тагасы,
Атасы менен агасы.
Шерменде кылба бизди деп,
Шамшарын үзбөй жанынан.
Карасаң басса чын эле,
Курчтук да кетет табынан.
Күн өткөн сайын алыстап,
Күлгүн жаштык чагынан.
Кыргызымдын кыздары,
Кыйын чебер уздары.
Телмирип үйдө олтуруп,
Теңдик күндү сагынган.
Көз алдымда элеси,
Кордугун көрдүк байлардын.
Кызматын кылып күнү-түн,
Көтөрдүк турмуш салмагын.
Сүйүшсө кедей кыз-жигит,
Көрбөдүм жетип алганын.
Кечинен тилейм өлүмдү.
Учугун үзбөй ар жагын.
Эл менен жеттим теңдикке,
Эми жок менин арманым.
Деп коёт энем билбестен,
Унутуп кечтеп калганын.
Карыган ата-энеңдин,
Каражатын аласың.
Каалаганын кийүүгө,
Кан базарга барасың.
Калган мода булар деп,
Кайдагыны табасың...



14—2783

Куйругун кырккан тооктой,
Култуясың каласың.
Табыйгат берген көркүңдү,
Таздай кылып саласың.
Акылы кыска, чачы узун,
Ал сөздү кантип танасың.
Алтын баш барда табылат,
Аздыр-көптүр дүнүйө.
Алмашасың кийимиң,
Аптада эмес күнүгө.
Ажыратып коёсуң,
Аларды күндүз-түнүнө.
Ар бир түрдүү модасы,
Аралап шаар жүрүүгө.
Айтчы чынын карындаш,
Аңгеме жетсин түбүнө.
Айланайын кызым деп,
Ачык болсун жүзүң деп.
Айтканыма түшүн деп,
Акча берген күнүгө.
Ак эмгек менен аны сен,
Алып келесиң качан үйүңө.
Алты күндүк өмүрдө,
Алышып ойноп күлөлүк.
Капканын салат шум өлүм,
Калбайбыз деп түбөлүк.
Күндөлүк жыргал оюнга,
Кечелерге барышат.
Ак кызылын шыңгытып,
Аңтарылып калышат.
Андайын көргөн эргулдар,
Амалыны табышат.
Акидей болуп асылып,
Ар кыялга салышат.
Жатса бирге таанылбай,
Жүрсө буту чалышат.

Эртеси башын чеңгелдеп,
Эмне болгону табышмак.
«Атасы сенсиң мунун» —деп,
Ар эркекке жабышат.
Аялдык намыс сактабай,
Айтканы жаштык чекилик,
Атасын сурайт баласы.
Адам болсо жетилип.
Өмүрлүк өчпөс так калат,
Өчүрө албайсың кетирип.
Келин-кыз кийсе жарашып,
Кеп козгоп жаштар самашып.
Сулуулар кийсе жарашып,
Сукганып жаштар карашып.
Сыр алышып сыр бербей,
Сымбатың сүйгөн талашып.
Кызыккан көп сыртыңа,
Кыялыңда жанашып.
Жашылды кийсең кулпунуп,
Жарашат экен боюңа.
Жагалданып барасың,
Жаштардын кече тоюна.
Жаныңда бирге алганың,
Жөнөйсүң кино, оюнга.
Жашоонун кандай маңызы,
Жароокер барбы оюңда.
Кызылды кийсең кулпунуп,
Куп жарашат боюңа.
Кылчактап өтөт чалдарда,
Кыз-келин турса чогууда.
Көркү болот жаштардын,
Кынаптап кийсе сонунда.
Күндө кийип жаңыны,
Гүлдөгөн заман доорунда.
Сурма каш деген аяшым,
Суктантат, кадим — сүлөөсүн.

Уялбай күндө шаарда,
Унутуп үйдө бүлөсүн.
Жаңы экен мобу мода деп,
Жалжылдап көзүң күйөсүң.
Жашоо менен ишиң жок,
Жаңысын гана сүйөсүң.
Жалынсаң турбайт жаш чагың,
Жалбарып кийин жүрөсүң.
Жарашканын кий десе,
Жактырбай калат мүнөзүң.
Жароокер иштеп тап десең,
Жата бербей бир өзүң.
Бир киши тапса жетет деп,
Бел тутуп коёт күйөөсүн.
Бириң эмес баарыңа,
Жашыңа да карыңа.
Жоодураган селкилер,
Жакшылап кулак салгыла.
Укканда таркап кумарың,
Уланат сөзүм дагы да.
Бактысын тебет кээ келин,
Баш кошкон жаңы чагында.
Жарды жашайт экен деп,
Бул сөздү айтып жарына.
Байлыкты шилеп алчуудай,
Келтирет киши арына.
Уялат экен андайлар,
Бирге жүрсөң жанында.
Азды көптү тең көрүп,
Абайласа чачпаса.
Барды, жокту бир көрүп,
Байлыкты эле айтпаса.
Айтканын тыңдап ар убак,
А деп ары баспаса.
Аябайсың барыңды.
А малыңды эмес жаныңды.

Арманың болбойт жашоодо,
Акылдуу тапсаң жарыңды.
Арага кошуп башыңды,
Адамдык абийир сактаса.
Баш чайкаба келиндер,
Баам ал айткан кебимден.
Байкабай барган экем деп,
Баш тартып алган теңинен.
Көзүнү байлап келгенсип,
Күнөөнү көрөт эринен.
Багалбайм өзү алсын деп,
Балдарыны жээриген.
Обу жок төрт сөз орусча,
Он ооз айткан кебинен.
Бара-бара кол үзөт,
Барган-келген жеринен.
Билген соң кой деп четтешип,
Бирге жүргөн кемиген.
Бар кылганың макул деп,
Барган сайын теминген.
Араңарда дале бар,
Турмуштун чыккан чегинен.
Арбын акча болгондо,
Аялдын колу шок болот,
Азайганда каражат,
Алдыңда тынчтык жок болот.
Адамдар алып жатпайбы,
Акча жыйнап машина.
Алты күндүк жашоодо,
Андайлар кирбейт башыңа.
Бирдеме десең теңдик дейт,
Бирге иштеп таап келдик дейт..
Таскагы чыгат тилинин,
Такатсыз ичиң чок болот.
Алкыш айтып турасың,
Албан ГЭСти курушса.

Какшыган чөлгө гүл өнүп,
Булбулдар сайрап турушса.
Кечеги көргөн айылга,
Көркөмдүү шаар тургузса.
Көргөндө макул болосуң,
Кошулуп ушул сунушка.
Алганың менен тең иште,
Таалайдын жолу жумушта.
Аялдан чыгып даңктуулар,
Ааламга жетти үнүңөр.
Адилеттик закондо,
Армансыз өмүр сүрүңөр.
Кандуу согуш болбосун.
Кайгырбастан күлүңөр,
Күбүлбөсүн бүрүңөр.
Соолубасын гүлүңөр,
Куттуу болсун баарыңдын,
Теңдик укук күнүңөр.
Гүлдөсүн мекен жерибиз,
Тынч болсун дайым элибиз.
Аз эмес сизге аяштар,
Арнаган алкыш кебибиз.

## БАРПЫГА

Сен саябан бай терек,
Мен теректин чырпыгы.
Сен гүлзардын булбулу,
Мен бир тоонун чымчыгы.
Бактыма багбан сен болуп,
Жетилди чынар чырпыгы.
Сен чалкыган терең көл,
Мен тамчысы — сөз чыны.
Көкүрөк соо көздүүдөй,
Көрбөдүм андай сынчыны.
Үлгүсүн берген Барпы деп,
Унутпайм сендей ырчыны.
Эзүүдө жүрүп эчен жыл,
Өттү өмүрүң кырчыны.
Батыраак бактың талашып,
Болуштун алдың тынчыны.
Барпы деп байлар кекенип,
Басмачы койду тыңчыны.
Үзүлсө деп тиледиң,
Уулуу залим чынжыры.
Ошондой болдуң сен дагы,
Ошону ойлойм мен дагы.
Опурталдуу жыл болду,
Он эки жаштын бер жагы.
Ар жагыңдан кысымдап,

Азапка түшкөн эл дагы.
Бай —манаптын колунда,
Бардык байлык жер дагы.
Эрки менен элди эзип,
Берилбей укук, тең дагы.
Казы, бий, жүргөн той-тойлоп,
Кой бактың сен чой-чойлоп.
Кан соргучка бай-казы,
Кордобосо не болмок.
Күдөрүн үзбөй жүргөнсүң,
Келечек теңдик күндү ойлоп.
Ой-тоодо таман тытылып,
Отундан чапан жыртылып.
Отун арткан өгүзгө,
Оюңдан кетпес кыйынчылык.
Ошентип кызмат кылсаң да,
Олтурбастан бир тынып.
Оңбогон кедей иште деп,
Олчойгон казы кыйкырып.
Обдолуп сүйлөп тили заар,
Оң солду сүйлөп умтулуп.
Казаптап турган бол тез деп,
Камчысын кармап булкунуп.
Каалагандай иштетем,
Колумдагы эл деген.
Калат менде түбөлүк,
Казына байлык жер деген.
Кедейди эзип жайы-кыш,
Кызмат акын бербеген.
Кайырсыздан жер жуткан,
Карынбай ойго келбеген.
Кемсинтип сени тилдеген.
Келечек күнүң билбеген,
Көөдөнгө түйүп дартыңды,
Кек кайнап жүрөк зилдеген.
Созоктогу казынын,

Сандаган малын баккансың.
Санаган эмес адам деп,
Саманканада жатканың.
Сагынып ата-энеңди,
Саргарып азап тарткансың.
Айдап жүрүп малыны,
Адырдан шыбак чапкансың.
Азабына чыдабай,
Ата-энеңе качкансың.
Жалаң аяк көп аштың,
Жаман-Кыя, Пордуну.
Жаныңа батып чыдабай,
Жаныбек казы чоңдугу.
Барктаган киши болбоду.
Барпыга болгон зордугу,
Назарбай менен Исакбай,
Карабай, Абды, Сулайман.
Мадалы ажы Нарматбай,
Жылыбай чеке булардан.
Дыйкан казы Кутчубай,
Кордукту көрдүң шулардан.
Акыл жетет күч жетпейт,
Жокчулуктун дартынан.
Жабыр тартып канча жан,
Жүргөн малдын артынан.
Айылы сезген жашынан,
Акындыкты Барпыдан.
Молдо Ташмат, Нишанбай,
Кара Жолдош көр Жолдош.
Бекназар жана Нурмолдо,
Кедейге булар жолобос.
Накен менен Жеңижок,
Буларга ырчы теңи жок.
Калыс болуп ырдаган,
Калк ичинде кор болбос.
Жыйынга чыгып жаңыдан,

Жолуктурдуң буларды.
Молдо Ташмат, Нишанбай,
Эшендер берчү тумарды.
Калкалап көбү болушка,
Көрүнөө мактап шуларды.
Сыдык менен Калмурза,
Кара мүртөз оң болбос.
Карды үчүн жүргөн кургур деп,
Калк сүйбөйт дедиң мындайды.
Тартынбай ырдап айтыштың
Кандырды журтуң кумарды.
Калыс болуп калың эл,
Каалаган сендей уларды.
Молдо Бекназар айтсам деп,
Баштап сөздүн жүйөсүн.
Эшендей барктуу көргөзүп,
Эл ичинде бир өзүн·
Шарияттан ырдады,
Шарт тосуп ырдын сүрөөсүн.
Барпы сен калып Назардан,
Балээни башка үйөсүң.
Башынан сыймык кетпеген,
Баркын кимдер тепсеген.
Кол куушуруп казыга,
Күн көрөт деп күлөсүң,
Баш ийдирет шарият,
Барпы билбей жүрөсүң.
Жалган дүйнө беш күндүк,
Жаңшап доор сүрөсүң.
Тиги дүйнөгө барганда,
Тик туруп отко күйөсүң.
Мүңкүр-наңкүр суракта,
Көтөргөндө сүмбөсүн.
Күл дөбөнүн үстүндө,
Күчүк болуп үрөсүң.
Ыр кезеги келгенде,

Ырда деп жол бергенде.
Молдо Бекназар билбеди,
Болорун элге шерменде.
Айтайын сага жооп деп,
Акырет барсаң сооп деп.
Акындыктан шарият,
Кетиптирсиң ооп деп.
Апкаарып шашпадың,
Айтышкандан качпадың.
Акырет эмес адилет,
Ал жагынан баштадың.
Дозок, **бейиш бар**дыгын.
Өлгөн киши билбесе,
Өлүп барып бир жолу.
Көргөн киши билбесе.
Топурактан жууруп,
Жасаган кудай анык деп.
Меке-тилле, Мединa,
Мусурман турган барып деп.
Беш убак намаз, орозо,
Пендесине парыз деп.
Аткарбаган өлгөндө.
Азабын тартат карып деп.
Жаадыңа туткун буларды.
Жазылбаган тарых деп.
Алланын сөзүн жат кылган,
Азирети эненин.
Арапча жазып кат кылган,
Арам ой куруу чечениң,
Алланын сөзү жазылып.
Амир кылган куран деп,
Ал курандан алынган.
Азирет берген тумар деп,
Таштабагын ар жерге.
Тагынбаса убал деп,
Күнөөкөр болгон пендеси.

Тозокто күйүп турар деп,
Сакабат кайыр кылгандар.
Бейишке барат булар деп.
Периште менен үр кыздар,
Күтүп алат шулар деп.
Карысы келсе баш чайкап,
Жаштарын көрүп кеселин.
Илешкен сага бар экен,
Дуба менен чечемин.
Кудайга жаккан эшенин,
Күнөөңдү өзүм кечемин.
Көкүрөгүңө кол салган,
Жаш келиндин нечени́н.
Айтып дуба сүп деген,
Алаканың тиктеген.
Жарыя кылдың журтуңа,
Жалганчы эшен экенин.
Эшен менен молдодон,
Эч бир жардам болбогон.
Эл алдаган кузгундар,
Эл митеси оңбогон.
Коно жатып күнү-түн,
Бай, казыны колдогон.
Кожо келсе кой союп,
Молдосуна тон коюп.
Тартынбастан сындадың,
Тамсил кылып ырдадың.
Тарпка конгон жорудай,
Олтурганын коңкоюп.
Акырет жол тардыгын,
Айтып жүргөн молдосун.
Жер астында эл билет,
Тозок бейиш болбосун.
Каңырык түтөп муну айттың.
Калп динчилер оңбосун.
Кара ниеттигин булардын,

Калың эл кайдан ойлосун.
Кыямат кетчү кишинин,
Кожоң кантип колдосун.
Кыяматта күтөм дейт,
Кайырчы эшен жолдошуң.
Барганды күтүп алгыдай,
Мончого бар салгыдай.
Качан кара жердин астына,
Конок жай кылып койгонсуң.
Деп сурадың Бекназардан,
Бере албай жооп баш катты.
Ажыны көргөн кишинин,
Үйүндө үч жыл жүрдүм деп.
Алдайсыңар адамды,
Ай ушунуңардан күйдүм деп.
Алтымыш ашып карганда,
Болуш, бийдин, байлардын.
Жаштыктан өтүп калганда,
Жаш кыздарды алганың.
Теңине жетпей телмирип,
Тепселип бакты калганын.
Алышып ойнор жаш кайда.
Айтылган кыздар арманын,
Алтыдан аял алса да,
Аларга шарият бар жагын.
Карыганча катын жок,
Кедейге айттың тар жагын.
Молдо Бекназар бар дедиң,
Байыңды барып жалдагын.
Бактысы элдин ачылып,
Барпы болбой арманың.
Көкүрөк керген бай-манап,
Көтөрдү кайгы салмагын.
Аттиң кезек кетти деп,
Армандуу тиштеп бармагын.
Тургузуп ырдан эстелик,

Турамын сени эскерип.
Тумчугуп өткөн нечендер,
Теңдик заман кеч келип.
Дегендер болгон көбүнө,
Ай жетпедик, жетпедик.
Кат таанібай билим жок,
Калтырып нуска сүйлөгөн.
Кара кылды как жарган,
Кара жаак чечендер.
Кайгыда өткөн нечендер,
Кошо батып күн менен,
Турмуштун тартып запкысын,
Түңүлүшүп зилдеген.
Туюктан бизди чыгарып,
Туура жол тапчуу ким деген.
Ак эмгек кылсаң баалабай,
Азап менен келдик деп.
Атабыз Ленин жеткирди,
Аял-эрге теңдик деп.
Өмүрлүк өчпөс шам жакты,
Жыргал күн кедей сендик деп.
Калк аралап ырдадың,
Кан соргучту жеңдик деп.
Көөдөнүндө күнү-түн,
Көксөгөн сенин үмүтүң.
Каалайт элең ар убак,
Кайгырбай элиң күлүшүң.
Кыз менен жигит кыналып,
Кол кармашып жүрүшүн.
Аял--эрге адилет,
Кебиңди айтып ырдадың.
Алган менен түгөнгүс,
Кениңди айтып ырдадың.
Гүлзардай болуп айланаң,
Жериңди айтып ырдадың.
Ошол жердин ээси,

Элиңди айтып ырдадың.
Ак эмгек үзүр берет деп,
Теңиңди айтып ырдадың.
Айылдын көркү селкилер,
Келинди айтып ырдадың.
Калың **кыргыз ак** калпак,
Калкың айтып ырдадың.
Намыс үчүн тик турган,
Шартың айтып ырдадың.
Качырганын куткарбас,
Антың айтып ырдадың.
Конок келсе кой сойгон,
Салтың айтып ырдадың.
Кылымдан бери кыргыздын,
Баркын айтып ырдадың.
Мейман дос ата-бабадан,
Даңкың айтып ырдадың.
Сен ырдадың жигиттин,
Күйүп турган жалыны.
Сен ырдадың сулуунун,
Ак бетинде калыны.
Сабыр кыл дедиң келинге,
Барга, жокко барыны.
Көшөгөң шондо көгөрөт,
Ачасың дедиң багыңы.
Сен ырдадың жигитке,
Баркына жет деп жарыңы.
Сен ырдадың келиндин,
Айдай аппак тамагын.
Сен ырдадың кыздардын,
Бөдөнө тумшук мамагын.
Сен ырдадың ашык жар,
Жетпей жашың төккөнүн.
Антташканга жете албай,
Армандуу болуп өткөнүн.
Сен ырдадың жаштарга,

Жаңы сүйүү көктөмүн.
Сен ырдадың жигиттин,
Сүйгөн жарын өпкөнүн.
Сен ырдадың аялдын,
Жалжылдаган көздөрүн.
Сүйсө да ичтен элжиреп,
Сыр сактаган өздөрүн.
Сен ырдадың алардын,
Жан эргиткен сөздөрүн.
Ырдабадың сен мактап,
Төрт түлүктүү малды айтып,
Сен ырдадың жан үрөп,
Өмүр шерик жарды айтып.
Жалт эттире сыр каткан,
Көздү мактап ырдадың.
Адилеттүү айтылган,
Сөздү мактап ырдадың.
Ырдабадың эч качан,
Алтын менен күмүштү.
Сен мактадың үн кошуп,
Адамга бүткөн үмүттү.
Ыр менен бирге төрөлдүң,
Ыр менен бүрдөп көгөрдүң.
Ыр менен элге таанылдың,
Ыраазы кылды өнөрүң.
Ырга койдуң ышкыңды,
Ыр болду сенин жөлөгүң.
Ак талга конуп сайраган,
Адашпас булбул сен элең.
Артыңда жүрүп ар дайым,
Алсам үлгү дээр элем.
Арзыганым бир өзүң,
Атамдай көргөн мен элем.
Тер агызып берметтей,
Дыйкандын көркү жер менен.
Күнчүлүк жерге суутуп,

Күлүктү чапкан тер менен.
Багынтам деген душманга,
Баатырлар намыс бербеген.
Аралап кыргыз журтумду,
Акындын көркү эл менен.
Аттангаммын Токомо,
Ачы деген жергеден.
Таалимин берген Токтогул.
Таанышып ырдап мен менен.
Таңшыган үнү булбулдай,
Таппайсың андай пендеден.
А дүйнө кеткен арандан,
Айланып кайра келбеген.
Алып кал жаштар үлгү деп,
Айттың нуска термеден.
Жарпын жазган элимдин,
Жаралган күлүк жан элең.
Шырдакбектин суу төкпөс,
Жоргосундай бар элең.
Тамшандырган адамды,
Таң калчумун дагы мен.
Айтылып элдин жалпыга,
Ак калпак кыргыз калкыңа.
Аралайт эчен кылымды,
Атагың калды артыңда.
Арман жок шакирт болгонмун.
Ак таңдай акын Барпыга.
Атагыңды чыгарды,
Баш ийгин кыргыз калкына.
Кандуу согуш кечеги,
Калкыма кайгы салганда.
Вокзалда туруп узаттың,
Аскерге жаштар барганда.
Колхоздорду аралап,
Көмөктөш болдуң калганга.
Касташкан жоону жеңет деп,

Кармашта сокку берет деп.
Советтик биздин жоокерлер,
Жеңиш менен келет деп.
Кайрат бердиң анда да,
Карыган кемпир чалдарга.
Кан ченгелдүү фашистти,
Жеңген кезде кубандың.
Жеңиш менен шумкарлар,
Келген кезде кубандың.
Түбөлүк тынчтык болсун деп,
Тилегиң кылдың булардын.
Аштап найза асынган,
Атагы калат баатырдан.
Ак кагазда жазылган.
Алтын сөз калды Барпыдан,
Эсимден чыкпайт эч качан.
Эчен жыл өтсүн арадан,
Эл ичинде көргөнмүн.
Эскере берем кайрадан,
Булбул эле гүлзарда.
Бутакка конуп сайраган,
Теңдик заман жарк этип,
Тындырды Барпы санаасын.
Таскактуу күлүк болбосоң,
Ташыркасаң кимдер карасын.
Таалайлуу акын экенсиң,
Тарыхта өлбөй каласың.

* * *

Оромолуң жарашат,
Оролгондо башында.
Оюңду буруп мен сенин,
Отурсам ырдап кашында.
Оюнга тойбой убагың.
Он сегиз отуз жашында.
Оромолуң көрктөнткөн,
Ошол кара чачыңда,
Ого бетер суктантат,
Оромол болсо далыңда,
Овонго салып мен сени,
Отурсам ырдап жаныңда,
Орундалып талабым,
Ошол десе анын айымы,
Оң колуң менен узатсаң
Ордуңдан туруп чайыңы,
Оң бетиң тоссоң мен өпсөм,
Ошонун болбос айыңы.
Оромолуң көрүп тааныдым,
Олтурат элең катарда.
Оролду чачың белиме,
Ойгонсом жалгыз жатамда.

## ТАЙЫРБЕК ТӨКМӨГӨ

Укмуш ээ, төкмө ырчылар,
Унчукса далай сыр чыгар.
Ошонун бири — Тайырбек,
Баалашкан далай сынчылар.

Кээ бирөө жүрдү барк албай,
Кечиктиң наам, барк албай.
Антсе да ырың оозуңдан,
Атылып келди фонтандай!..

Үлгүсүн алып Барпынын,
Урматтуу элге шаңшыдың.
Боз торгой болуп көктөгү,
Каймагын ырдын калпыдың.

Мөмөсүз дарак даракпы,
Дүрмөтсүз мылтык жаракпы?
Шакиртсиз акын акынбы, —
Өнөрүң кимге калат бу?..

Жаш болсо барат өйдөлөп,
Болбойбу сизге көп жөлөк.
Өзүңдөй шакирт даярда,
Сурарым ушул көптөн-көп!

**Асанбай ЖУСУПБЕКОВ.**

## МАЗМУНУ


Тайырбек төкмөнүн таржымалы . . . 3


## АР КЫЛ ТЕМАДАГЫ ЫРЛАР


Куттуктоо . . . . . . . . . . . 11
ФЗОго айдаганда . . . . . . . . 15
Май күнү . . . . . . . . . . . 18
Эсепчи . . . . . . . . . . . 19
Көрбесүн . . . . . . . . . . . 20
Күз болсун . . . . . . . . . . 21
Таппадым . . . . . . . . . . . 22
Ата-Журттан, калаадан . . . . . . 23
Болбосун согуш . . . . . . . . 24
Мол болсун . . . . . . . . . . 26
Казал . . . . . . . . . . . . 29
Таш үстүнө тамган тер . . . . . . 33
Билбедиң . . . . . . . . . . . 36
Көкөйдөн кетпес . . . . . . . . 37
Кош, Абдыкерим! . . . . . . . . 40
Ыйман . . . . . . . . . . . . 42
Бактылуу ырчы экенмин . . . . . . 47
Ноорүз . . . . . . . . . . . . 48
Кызыл-Жарда . . . . . . . . . . 50
Баш байге . . . . . . . . . . . 52


## АРНОО ЫРЛАРЫ


Апама . . . . . . . . . . . . 57
Атама кат . . . . . . . . . . . 60
Балдарыма . . . . . . . . . . . 64
Токтогулга . . . . . . . . . . 68
Датка эне . . . . . . . . . . . 70
Жолболдуга . . . . . . . . . . 73

Эки акимге . . . . . . . . . . . . . . 74
Досума . . . . . . . . . . . . . . 76
Эл баатыры . . . . . . . . . . . . . 77
9-Май . . . . . . . . . . . . . . . 79
Азимбай . . . . . . . . . . . . . . 81
Сага . . . . . . . . . . . . . . . 83
Гүл сунган сулууга . . . . . . . . 84
Сен болбосоң . . . . . . . . . . . 85
Жаныма качан келесиң? . . . . . . . 86
Кымбатым . . . . . . . . . . . . . 87
Калкыма карызмын . . . . . . . . . 93

## АЙТЫШТАР

Бужумда . . . . . . . . . . . . . . 97
Кара-Булакта . . . . . . . . . . . 101
Тайырбек менен Шоорукбай . . . . . 105
Бөрүбай менен Тайырбек . . . . . . 108
Тайырбек, Нурдин, Асамүдүн;
Токтосун, Ашыраалынын айтышы . . . 116
Мамытбек менен Тайырбек . . . . . . 122
Сапарбек, Тайырбек, Токонун айтышы . 125
Актан менен Тайырбек . . . . . . . 128

## ЖЕҢИЖОКТУН ЖЕРИНДЕ

Авазбектин тоюнда . . . . . . . . 141

## ДАСТАНДАР

Жийдегүл (тарыхый поэма) . . . . . 161
Тамчы суу . . . . . . . . . . . . 169
Санат . . . . . . . . . . . . . . 177
Жумушчу . . . . . . . . . . . . . 187
Эки жаш . . . . . . . . . . . . . 198
Аялдарга . . . . . . . . . . . . . 206
Барпыга . . . . . . . . . . . . . 215

Т. Сатыбалдиев

# ТАЙЫРБЕК ТӨКМӨ

ырлар, айтыштар жана дастандар


Түзүүчүлөр *А. Жусупбеков*

*Э. Кочкорова*

Редактор *А. Маматов*

Техникалык редактор *С. Б. Клоцман*

Корректор *А. Маматов*

Сүрөтчү *А. Самидинов*

Сдано в набор 10.4.93. Подписано в печать 3.09.93.
Формат издания 70×108 1/32 Печать высокая
Объем 14,5 п. л. Тираж 3000 экз.
Заказ № 2783

Джалал-Абадская областная типография, 1993 г.